Бактыкан Ажымаматова



# Экөө

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7–4
А 34

Ажымаматова Бактыкан.
А 34 Экөө: Прозалык чыгармалар. – Б.: «Бийиктик», 2008, – 288 б.

ISBN 978–9967–13–379–2

Автордун бул прозалык чыгармалары анын экинчи китеби. Адам баласындагы аруулук, таза сезим, айкөлдүк, ошону менен катар ишеним менен жек көрүү, табигатка болгон мамиле бул китептеги чыгармалардын өзөгүн түзөт.

А 4702300100–08

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7–4

ISBN 978–9967–13–379–2

© Ажымаматова Б., 2008.

# НОКОТЕК

*(Аңгеме)*

Кыз бүгүн негедир көчөдө көпкө жүрдү. Таң эртеңден эле иши жүрүшпөй, кыйчалыша бергенсиди. Сабакта олтуруп да, жүрөгү элеп-желеп тартып, бир орунда олтура албай кыйнала берди. Көңүлү сабакка тартпады. Акыркы пар сабагына катышпай, «башым ооруп турат» деп, курбуларына айтты да, баса берди. Эртең менен апасы бир жумуш дайындады эле, ага барса, анысы да бүтпөдү. Чындап эле башы ооругансып турду эле, үйүнө жөнөдү. Аны утурлай чыккан апасы дароо эле ага катуу тийди.

– Кайда жүрөсүң, телефонуңду да өчүрүп салыптырсың, эртеден бери издей берип... – деди.

– Ойноп жүргөн жокмун го акыры. Сабакта олтурдум. Анан өзүңүз тапшырган иштер менен жүрдүм да... – деп, апасынын бул суроосуна каяша менен жооп берген кыз, үйгө киргенге шашылды.

– Бүтүрдүңбү анан? – Апасы кекээрлүү сүйлөдү.

– Жок... сиз айткан эжени таппадым... – Бут кийимин чечип жатып гана апасынын жүзүнө тигилди.

– Сизге эмне болгон?.. Ыйладыңызбы?.. апасы көп ыйлайт. Ошол адатыбы деген кыз, кайдыгер гана сурап койду.

– Атаң ооруканада экен?

– Эмне болуп?

– Билбейм... эртең менен мага кабарлашты... баягы эски оорусу кармап калган окшойт. Реанимацияда экен? Ооруканага чалсам, эч ким албайт. Анан сени да күтүп,

телефонуңа чалам, эч бир жооп бербейсиң, эртеден бери айлам куруп. Реанимацияда жатканына үч күн болуптур.

– Реанимацияда?!. Эмнеге? – кыз катуу чоочуп алды. Ким айтты?.. Үч күн болсо, эмне үчүн ушул кезге чейин биз эч нерсе билбейбиз?

– Аны да Гүлназ эжем айтты... бүгүн ооруканада «дежурный» экен, көрүп калыптыр.

– Кызык эй, эмне үчүн биз билбейбиз эч нерсе? – деп, кыз бут кийимин кайра кийди да:

– Эмнеге турасыз, басыңыз кеттик. Атама барабыз... – кыз, апасына буйрук бере сүйлөдү.

– Бизге болбойт... эл көп болсо керек... – мукактана түштү апасы.

– Эмне үчүн болбойт? Биз эмне ага жат адамбызбы?

– Ал жакка киргизишпейт.

– Эмне үчүн киргизишпейт, эмнеге? – кыз ачуулана сүйлөдү.

– Ошого, азыр киргенге да болбойт экен. Анын үстүнө эл көп болсо керек.

– Эл көп болсо боло берсин... басыңыз эми... – кыз апасынын ушул турушун жактырбады...

– Болуңуз эми... эмне турасыз дейм элейип. Реанимацияга эмне үчүн түшүп калыптыр? – ... кыз апасын катуу демиткенге өттү.

– Баягы эски оорусу да... ушунусу үчүнчүсү го... жумушта олтуруп эле кармап калыптыр.

– Канча айттым мен... канча безилдедим эле... иш табылат го акыры... ден соолук керек да... эс алганды билбейт деги... качан болсо кара жанын карч урат да турат... мына анын жыйынтыгы... – жаңы эле оңой чечилген бут кийими да кычагансып, кызды убарага салды.

– Болбойсузбу апа... эмне болуп турасыз деги... барып, кабар алып келбейлиби? ... болсоңуз? – кызды элейип карап турган апасына дагы буйрук бере сүйлөп жатты.

– Болуптур... азыр, – апасы ары-бери жеңил гана кийине салды да, экөө ээрчише сыртка чыгышты. Аялдамага келишсе, кашайып транспорт да жок. Биринчи эле келген жеңил машинага кол көтөрүштү, жакшы аларды са-

лып кетти. Кыз үчүн негедир убакыт жылбай эле туруп алгандай.

– Апа, канча айттым атама. Ишинди таштa, качан болсун командировкалап жүрөсүз, ден соолугуңузду ойлосоңуз деп. Эч бир укпайт. Эми эмне болот десеңиз?

– Жакшы болуп кетээр. Мурда деле ушинтип коркуткан го. Жакшы болуп калгысы бардыр.

– Ээ, кудай ай, жакшы болуп кетсе экен, – кыз, алаканын жайып жүзүнө тийгизди. Үн чыгарбай да бирдемелерди айтып, кайра-кайра бата тартып жатты.

Ооруканaнын реанимация бөлүмүнө кириштi. Ырас эле оозунда адамдар көп жүрөт. Аялдар менен кыздар да бар. Баарынын кабагы бүркөө. Аларды көрүп, апасы кызды колдон алып, артка тартты.

– Кой, кеттик, ары барганга болбойт, тигилер киргизбейт бизди? – деди.

– Эмнеге? Алар кимдер?

– Кийин билесиң? Кой... жүр... Эл азайганда келебиз... – Апасы эми кыздын колунан катуу тартып, артка жөнөдү. Өңү да бозоро түштү апасынын. Анын артынан баскан кыз, кыйлага чейин бултуңдай, апасынын жетегинен жулунуп чыккысы келди.

– Бир көрүп эле чыгалычы, токтой турсаңыз?

– Болбойт...

– Эмне үчүн?

– Болбойт дедимби, болбойт... какшана бербей, тез басчы! – апасы эми кызга ачуусу келе кыйкырып алды.

– Болбойт, болбойт эле дейт... Эмнеге дейм да....

– Аны кийин билесиң деп жатамын го. Бас... тез... үйгө кеттик... – апасы, шашыла басып баратты. Кыз аргасыздан анын артынан бара жатат. Алар ээрчише аялдамага келишти да, алардын үйү тарапка баруучу маршруткага түшүштү. Экөө бири-бирине жакпай турду ушул кезде. Маршруткадан түшүп бараткaнда гана кыз үн катты:

– Кечирээк барабызбы?

– Карап көрөбүз... азыр телефондон эжем менен сүйлөшүп көрөбүз. Эгер адамдар азайып калса, барабыз.

– Макул... – кыз апасынын айткандарына ынангандай болду. Бирок, негедир жүрөгү элептене берди. Апасынын артынан үйгө киргенде да, өзүнчө кыжалаттыгы күчөп жатты.

Апасы айткандай эле үйгө кирип эле кайдадыр телефон чалды. Гудок «ту-туу» дейт, жооп кайтарган эч ким болбоду. Телефондун жанында кыйлага турду да:

– Кашайгырдыкы... эч ким албай жатат... бир жакка чыгып кеткен го? Ушундайда күчөйт да баары...

– Ошол жерден кетпей эле турсак болмок... «кетебиз... кетебиз» деп эле... какшанып туруп алат... жок дегенде Гүлназ эжени ошол жерден табат элек... – кыз дагы деле апасына бултуңдаганын баскан жок.

– Какшабай турчу сен дагы... сен эле калдың эле?! – апасы, үнүнүн баарынча кызына кыйкырып алды.

Анан тез-тез телефон чала берди. Бир кыйладан кийин аялдын доошу чыкты:

– Алло...

– Гүлназ эже!

– Угуп жатам.

– Мен... Жибек.

– Эмне болду?

– Тиги жактан кабар алайын дегемин, эмне болду, биле албадыңызбы?

– Үйүнө алып кетишти...

– Эмнеге? ... Качан?

– Жаңы эле...

– Тынччылыкпы? ...

– Аны айта албайм... абалы оор дебедим беле... өзүң түшүнөсүң да... эсине келбеди го... туугандары алып кетишти.

– Оо, шордуу... – апасы шалдайып эле олтуруп калды. Колунан телефон ыргып жерге түштү. Өңү бозоруп эле баратат. Апасынын ушул турушун көрүп, кыз жүгүрүп келип, колтугунан сүйөй калды.

– Эмне болуп турасыз?

– Эч нерсе, кичине башым айлангансып кетти.

– Тамак ичтиңиз беле?

– Ага эмес...

– Эмне болуптур... кетишиптирби?

– Кетишиптир...

– Жүрүңүз анда... биз бара берели...

– Кайда?

– Атама...

– Атаң дагы кетиптир...

– Атам кайда кетет?.. Абалы оор дедиңиз го... тура албай жатат дебедиңиз беле... анан кантип кетет?.. Кайда кетет?

– Атасынын үйүнө... өзүнүн үйүнө...

– Түшүнгөн жокмун... кайсыл үйүнө?.. Өзүнүн үйү мына бул го... – кыз, айласы түгөнгөндөй тегеренип жиберди.

– Алда балам ай, баласың да... эч нерсе билбейсиң? – апасы, эки колу менен бетин басып, олтура кетти.

– Эмне болду сизге?.. Эмне ыйлап жатасыз?

– Эмне кылам анан... атаң тигинтип жатса... биз эч нерсе билбесек...

– Апа... – кыз, апасына катуу кыйкырып жиберди. – Эмне эле болуп жатасыз деги. Эч нерсе түшүнбөй турам... Атам кана? Үйүнө кетти дептир, кана үйгө келгени... Сиз эмне болуп жатасыз? Эмнеге ыйлайсыз деги?

– Балам ай, сен али эч нерсе биле элексиң да... али бала элең... Сен мындай оор нерсени көтөрө алаар бекенсиң?.. – апасы, ушуларды айтып, кызын бооруна басты. Көз жашы бет ылдый төгүлүп жатты. Өксөп да жатты. Ушул кезде каалганын коңгуроосу басылды. Апасы, ордунан лып турду да, каалганы ачты. Эң жакын достору Анипа, Айгүл, Мадина үчөө кирип келишти.

– Биз уктук, досум... Эмне кыласың... Кайрат кыл... тагдырың ушул экен... – Айгүл кирип келип эле, апасынын мойнунан бекем кучактап ыйлап жиберди. Төртөө бири-биринин башын кучактап кыйлага чейин ыйлашты. Кыз болсо дендароо тартып туруп эле калды. Ага көңүл бурган жан болбоду. Баары апасын айланчыкташып, бири суу ала келе коёт, дагы бири апасын бооруна кысып, ага

кайрат айтып жатат. Апасы улам бозоро калып, эсинен танып да жатты. Кыз бул көрүнүштү түшүндө көргөндөй, көзүн бир ачып, жумуп, бир кыйладан кийин эсинен танып баратты. Аны байкай койгон Анипа ага жете барды да, колунан кармай калды.

– Ай... ай... болду эй... мында баланын эси ооп баратат... суу алып келгиле... – болгула эми... ыйыңарды токтоткула... – бири суу ала жүгүрүп, экинчиси сүлгүнү суулай келип, кыздын бетине чачып жатышты... эми алар кыз менен убара боло башташты.

* * *

Кыз кыйладан кийин эсине келди. Эртеден бери кичинекей жүрөгү атасынан ажырап жатканын сезген экен көрсө... Үйдө адам көп негедир. Апасынын өксүп жаткан гана үнү. Ордунан туруп, апасынын доошу чыккан бөлмөгө кирди. Апасы кара жоолук салынып, кара көйнөк кийип алыптыр. Ыйлап жатат. Кыз анын бул түрүн көрүп, дагы эстен танды...

– Кызды атасына алып баргыла... көрүп көкшүүнү суусун... – деди, апасынын агаларынын бири.

– Ал жакка киргизишпейт да... – апасы ушуларды айтып өксөп жатты.

– Эмне үчүн киргизишпейт экен? Акыры бул да анын урпагы го... Эмне сен талаадан таап алдың беле?

– Жок, аке, алар муну жакын жолотушпайт...

– Кандай гана жолотушпайт экен... мына мен өзүм алып барам... эртең тажиясы... өзүм алып барам... бул байкуш атасын акыркы сапарга узатып койсун.

– Билбейм аке, алар андай сиз айткандай эмес да... алар эч нерсени түшүнгүлөрү келбейт... муну көрсө күчөп кетишет...

– Эл-журт деген бар... алар эмне карап турмак беле... Азыр эсине келсин... ага туурасын айтыш керек.

– Бечара кызым, али эч нерсе биле элек болуучу... кезеги келгенде өзү түшүнөт деп, жигин билдирбейт элек да...

– Эми кызым балакатка жетсин деп, күтүп олтура бербей, тээ кичине кезинде эле түшүндүрүп койсоңор болмок, сен да бир... – агасы, карындашына нааразы болгондой сүйлөдү.

– Мен жакшы эле айтчумун, кызга ачыгын айталы, чоңоюп келе жатат. Эжелери менен тааныштыралы-дечүмүн. Ал укчу эмес да, кызым өзү билип алат кийин, убагы келгенде деп эле, кашайып койчу...

– Мына эми эмне болду, буга кантип айтабыз, эмне деп айтабыз? – Агасы кейип сүйлөп жатат.

– Ошону мен да билбей жатам. Кантип ага угузабыз, эмне дейбиз? – Апасы ый аралаш сүйлөп жатат.

Кыз ушуларды элдир-селдир угуп жатты. Туруууга алы келбейт. Улам бири кирип, анын абалын сурап коёт. Врачтар келип, укол салып да жатышты. Уколдун таасириби, кыз бир аз өзүнө келе түштү. Үстүнө кирген таякесинен сурады:

– Силер менден бир нерсени жашырып жатасыңар... ачыгын айткылачы... эмне болуп жатат?.. Атам кайда?..

– Атаң үйүндө... абалы оор экен... эртең барып көрүп келебиз... сен азыр жакшылап өзүңө келип алчы. Акылдуу кызсың го... ар нерсени ойлой бербе да...

– Силер менден бир нерсени жашырып жатасыңар, ачыгын айта бергиле.

– Жашырган жокпуз кызым. Эртең билебиз... атаң катуу абалда тура.

– Жок, жана силер эмне үчүн ыйладыңар? Эмне үчүн апамды кучактап эле ыйлап жатасыңар? Апам эмне үчүн кара кийип алды? Ал эмнеси? – кыздын бул суроосу таякесин чоочутуп жиберди, себеби, буга маани беришкен эмес экен. Карындашынын кара кийишин ал да туура көргөн жок.

– Анысын билбейм... азыр карайынчы... – деп, сыртка чыгып кетти. Чыгып эле карындашынын үстүндөгү кара көйнөктү чечтирип салды. Ал кыйылып болбойт.

– Мен ушундан башка кайсы аргам калды. Же, аны менен коштошо албасам. Акыркы ирет бир жолу жүзүн

көрө албасам. Ушунум менен аза күтөйүн– деди, карындашы.

– Кайдагыны чыгарба, кара кийбей эле аза күтө бер. Ушунча жыл ачыкка чыга албасаң, өз канынан жаралган балага ачыгын айта албасаңар, эми эмне кыласың, аза күтүп. Күтүшсүн тиги жактагылары, – акеси ачуусу менен карындашына катуу айтып жатты.

– Жок, аке, антип айтпаңыз. Менин да аза күтүүгө акым бар. Ушунча жыл бирге өмүр сүрдүм. Менде да акысы бар. Көз жашымды төгүп, кошок кошуп башында олтура албасам да, бул жактан жоктоп турайын.

– Анынды кыла бересиң анан, тиги баланын абалын карачы, өзүнө келе албай жатат го. Ал бирдемени сезип жатат. Жана силер ызылдап жибергенде коркуп кетти да. Эми өзүнө келсин, анан ачыгын айталы да, атасына коштошууга алып баралы. Акыркы жолу көрүп алсын.

– Ай акем ай, алар киргизбейт деп жатам го.

– Киргизет... Чечип сал, ансыз деле жетишет калганы, – деди. Баары кызды айланчыктап, анын ордунан туруп кетишин тилеп турушту. Чоңдор түнү менен укташкан жок. Кыздын апасы ар келген адамдарды кучактап алып эле, ыйлап жатты. Ага кайрат айтышат. Алар күткөндөй эле, таң эрте кыз сергек ойгонду. Ордунан туруп, күндөгүсүндөй бети башын жуунуп, чачтарын тарап, кайдадыр даярданып жатты. Анын бул кыймылын байкаган апасы ичинен өксүй, агасына кошуп, атасынын үйүно жөнөттү. Аларга эки аяш апасы да кошулган.

Алар таң супа салганда жолго чыгышты эле, күн кыйла көтөрүлүп калганда чоң айылга келишти. Узун көчөнүн тең ортосунда машиналар эле көп турат. Ошолордун катарына барган машиналарын токтотуп коюшуп, кызды ээрчите эл топтолгон үйдү карай басышты. Короосу кенен эки кабаттуу чоң үйдүн алдында үч боз үй тигилген. Анын ичинен аялдардын боздоп ыйлаганы угулганда эле, кыз катуу бир чаңырып алды да, боз үй тарапка жүгүрдү. Ага эч кимиси жете алган жок.

– Атаке-е... ата-а... үнүнүн болушунча чаңырып баратат. Көчө тарапта, үйдүн алдында тургандар кызды карап эле калышты.

– Ата-а... атакем... – кыз жүгүргөн бойдон боз үйгө кирди. Адашпаптыр, ал кирген боз үй ичинде, аялдардын курчоосунда атасы жатат. Бети ачык экен. Кыз ал тарапка бой таштаганда, аны жоон-жолпусунан келген аял кармап калды. Колу да катуу экен, кыздын колунан мыкчый кармады да, артка силкти.

– Мына бул ким я?.. Ким киргизди?.. Алып чыккыла ары... – деп, катуу кыйкырды сырт тараптагыларга. Боз үйдүн ичиндеги аялдар ыйын токтотушуп, баары кызга карап калышты.

– Бул арам сийдикти ким алып келди?.. – азыр тытып салам! – деп, атасынын баш жагында олтурган жаш келин ордунан тура калды эле, аны эки үч аял ордунан жылдырбай кармап калышты.

– Кой балам, сабыр кыл... мында не күнөө... – дешти алар.

– Кет... кет деймин... сени ким чакырды, я?.. Чык эшикке... эмнеге келдиң?.. Сенин атаң беле? – Атасынын каптал жагында олтурган дагы бир келин кыйкыра баштады.

– Үйдү арам кылбай жоготкула мына бул нокотекти!.. Эми эле ыйга толуп турган боз үйдүн ичи ызы-чууга, аялдардын кыйкырыгына толуп кетти.

– Алып кеткиле дейм, көзгө көргөзбөй... азыр ушул жерден сөөгү чыгат мобу нокотектин, – деп, дагы бири кыйкырды. Кыздын кулагы тунуп, көздөрү караңгылаша баштады... Эки кулагын баса, өксүп жаткан кыз, атасынын жүзүн акыркы ирет көрүп алууга үлгүрдү. Аны байкаган дагы бири атасынын бетин жаап салды.

– Атамы бир эле жолу көрүп алайынчы... мени урушпагылачы?!.. Атам менен коштоштуруп койгулачы... мен да анын кызымын го... – кыз тигилерге жалбара, тизе бүгүп олтуруп калды.

– Ким атаң?.. Кана атаң?.. Сен кимсиң?.. Сен арам сийдиксиң билдиңби? Сен никесиз туулган нокотексиң... жогол тез бул жерден... азыр тытып саламын... уяты жок

десе… жалап апаң экөөң бизден тартып алам деп жүрүп, ушул күнгө алып келдиңерби?.. Силер өлтүрдүңөр атамы… азыр мен сени өлтүрөм… – жашыраак кыз, чыдабай кетти көрүнөт, тура калып, кызды баса калды. Кызды башы көзгө койгулай баштады эле, олтурган аялдар араң ажыратышты. Анан кызды чаңырткан боюнча сыртка алып чыгышты. Сыртта болсо эркектер боз үйдүн ичиндеги ызы-чууну угуп турушкан. Айрымдары:

– Тим койгула… балада не күнөө… олтурсун.. анын да атасы… пенде билбесе кудай билет… тим койгула дейм… – деп жатышкан. Аларды эч бири угуп койгон жок. Айрыкча «аталап» боздоп жатышкан тизилген беш кыздын угар түрү жок. Жаштары кыйлага келип калса да, жулкунушат тим эле. Ооздорунан ак ит кирип, кара ит чыгып жатты. Кызды болушунча тилдеп, бир кумардан чыгып жатышкансыды. Эзелтен сөөк өчтү душмандай, азыр эле кызды тытмалап жок кылып жиберер түрлөрү бар. Ар бирин экиден аял кармап турушту. Антишпесе, эбак эле наристе кызды тытмалап салышмак. Узунунан түшүп, мемиреп уктап жаткан аталарын унутушкандай, аңкылдашты, ажылдашты, жулунушту. Чаңырып эле жатып калышты. Эч кимди угар түрү жок алардын… Алардын бул жоругун сыртта тургандар жактырбай, кээ бири наалып жатышты. «Акылы жок кыздар экен… бу кызда не күнөө… талашаар аталары да кетти… эми сөөк чыкканча тим турушса болбойт беле… бул бечара да, атасынын дидарын көрүп алайын деп келди да… ай-ай, кайран гана Жороке… артымда уул калсын деп жүрүп, ушул күнгө туш болду да…» деп шыпшынгандар көп. Чердейген курсагынан жерди көрө албай чалкалаган чиновниктери да турду бул окуянын кызыгына батып. Алар да тиги кыздарды тыя алышкан жок. Тизилип жалаң жетекчилер турушат, алар мыйыгынан гана жылмайып коюшат. «Чала… ушундай болмок… жаш катын алып, анын ырахатын көрөм деп, балдарыңдын каарына калдыңбы… чала сага!» – деп, табалагандай жылмайышат. Ушул көрүнүштү баамдап турган кыздын таякеси, аны колдон алды да, жетелеп алдыга басты.

– Кой, балам, ыйлаба... кеттик. Булар адам эмес тура. Атаңан ажырадың кызым, биротоло ажырадың... Элчилик кылган башчысы деле жок окшойт... Кой кызым өксүбө... кеттик... эми атаң жок... ал кетти... барар жерине жетти... бас кеттик... ыйлаба, – деди ал да өксүй. Кыз болсо, дагы да атасы тарапка умтулат.

– Атамы бир эле көрсөтүп коюшсунчу... бир эле жолу... акыркы жолу көрүп алайынчы... деп, өксүйт.

– Көрдүң го... эми ал жакка барганга болбойт балам, алардын акыбалын көрдүң, эми сени соо коюшпайт. Адам эмес тура, ...ушундан улам атаң тажаганынан кете берген го.. кой кызым, кетели... – таякеси каргылданган үн менен кызды тарткылайт. Алар менен бирге барган эки аяш апасы бурчта эле туруп калышкан корунушуп. Эми эстерине келгенсип, кыздын жанына жетип келишти.

– Ооба, кеттик... тез кетип калбасак болбойт... дагы бир демени чыгарып жиберишпесин... – деп, кызды колдон жетелешет. Кыз дагы эсин жоготуп баратты. Аны байкаган таякеси колуна көтөрдү да, машинага салып, түз эле ооруканага алып жөнөдү.

* * *

Кыз кыйладан кийин өзүнө келсе, апасы маңдайында олтурат.

– Апа... атаман ажырадыкпы... атам эми келбейби? – дейт, алсыз үнү менен. Апасы көз жашын төккөндөн башка жооп айта албады.

– Алар мени «нокотек» дешти... алар мени «арам сийдик» дешти... алар мени атамды сен өлтүрдүң... апаң экөөң өлтүрдүңөр дешти... – үзүл-үзүл ушуларды айтып жатты. Кызынын эсине келип жатканына сүйүнгөнү менен тигилер кызынын жүрөгүнө кетпес так салышканын туюп, ого бетер өксүдү. Баарына өзүн күнөөлөп турду. «Эмнеге жөнөттүм... эмнеге мурда эле ачыгын айтып койбодум?..» – дейт. Кыздын эти ысып, улам жөөлүп да жатты. Көзүн ачса, маңдайында апасы. Жанагы сөздөрдү кайталайт. «Ата, атаке... мен келдим... мени таштаба... ата, сиз кай-

да...? Мени кордошту... мени «нокотек» дешти... «арам сийдик» дешти... ата мени таштаба... атаке... келчи жаныма... мен сизди кандай гана жакшы көрөм, атаке... кайда кеттиңиз?»

– Ушул кайгыны кызым көтөрө алабы эми? Жөөлүп жатат. Атасын чакырып, аталап эле жатат. Эми эмне болот? – деп, алардын үстүнө кирген врачка кайрылат келин.

– Өтүп кетет... азыр буга тынчтык гана керек. Эгер эсине келип, эмне сураса, баарын аткаргыла... жаш эмеспи... өтүп кетет... – деп, апасына кайрат айтат врач жигит.

– Менде күнөө, үйүнө эмнеге жөнөттүм, эч нерсе айтпай деле койсок болмок... кийин угат эле го... өзүм да чала кайымдык кылбадымбы? – келин, ыйын токтотпойт.

– Сиз антип, ыйлай берсеңиз, кызыңыз эмне болот? Кайраттуу болбойсузбу? – врач апасын кагып койду. Кыздын колу башынан акырын сылагылап, көкүрөгүн тыңшайт. Анан мээрбан кызга укол салуусун тапшырып, сыртка чыгып кетти. Уколдон кийин кыйлага уктайт, кайра ойгонот, жөөлүйт, бирдемелерди сүйлөйт. Апасы кыздын жанынан кеткен жок. Үйүндө болсо үй толгон адамдар, кыздын жакшы болуп кетүүсүн тилеп, улам телефон чалып жатышты.

Кыйладан бери уйку бетин көрбөгөнгөбү, апасын бир кезде уйку басты. «Кыз, атасы үчөө көк шиберлүү адырларда жүгүрүп жүрүшөт. Табигат ушунчалык кооз жана сулуу. Кыпкызыл кызгалдактар. Келин ал сулуулукка суктанып, улам гүлдөн гүлдү тандап, үзүп жүрөт. Кыздын атасы жапжаш жигит. Келин да жапжаш. Кыз болсо экөөнүн ортосунда оюн салып, ал да улам ары жүгүрүп кетип, кайра экөөнүн ортосуна тура калып, оюн салып жүрөт. Ал ушунчалык бактылуу. Апасы менен атасынын колунан бекем да кармап алат. «Тээ кырдын чокусундагы аппак гүлдү алып бер» – деп, атасынан суранып жатты. Атасы кызын кыйын жакшы көргөндүктөн, анын оюу менен болуп, адырга чыга баштады. Тырмышып баратат, тырмышып чыгып эле баратат. Эч бир гүлгө жетпей кой-

ду. Бир кезде ал бараткан адыр чоң чуңкурчага айланып кетти. Атасы ошол чуңкурчага «гүп» этип түшүп кетти. Келин «ай» деп, катуу чаңырган бойдон калып калды. Кыз ошол чуңкурга умтулду эле, анын колунан кимдир бирөө кармап калды. Кыз атасы тарапка умтулуп эле жатат. Тиги кол аны бек кармап, ордунан жылдырган жок...» Келин ушул түшүнөн чоочуп ойгонду.

– Ох, кудага шүгүр... кайдагы түштү көрүп... тү-тү, өзү менен кетсин... – деп, өзүнчө сүйлөнгөн келин, кыздын үстүндөгү шейшепти оңдогон болду. Аяк-быягын кымтылап жаап койду. Чекесинде нымшыган тер турган экен, аны аяр аарчыган болду. Сырт караңгы. Азыркы түшүн эстеди. Кызын кармап калган ким болду экен? «Неси болсо да, кармап калганы жакшы болду», – деп койду. Врач айткандай кызы жакшы болуп кетээрине ишенип турду.

– Кызыңыз ойгондубу? – кезметте турган мээрбан кыз кирди.

– Жок, ойгоно элек.

– Укол салып коёюн дедим эле.

– Азыр... ойгонсун... чоочутуп албайлы... – келин кызынан көзүн албай жатып, ушуларды айтты да, мээрбан кыздын артынан сыртка чыкты. Ойлоп көрсө, үч күндөн бери наар ала элек экен. Курсагы ачканын сезди.

– Ысык чайыңыз барбы? – деди, мээрбан кызга.

– Бар... термоздо турат, – деп коюп, ал кыз башка иши менен алек боло берди. Термоздогу ысык чайдан пиялага куюп, бир эки ууртаган болду, баары бир көңүлү тартпады. Кызынын үстүнө кирди. Уктап жатат. Денесинин ысыганы да басандай түшүптүр. Жанына олтурду да 19 жыл ичине катып келген сырын кызына айтпаганына кейий баштады. «Мындай болуп кетээрин кайдан билдим. Жок дегенде мектепти бүтсө, түшүндүрөм дечү элем да. Мурда эле ачыгын айтсак, мынчалык болмок эмес. Атасы биринчи жолу инсульт болгондо айтып салсак не...»

* * *

...Ал мектепти бүтүп жатканда атасы а дүйнө салды. Беш уулдун ичинде жалгыз кыз болгондуктан, атасын жоготуу ага өтө оор болгон. Артынан кете алган жок, бирок, окууга барам деген тилегине жетпеди. Аттестат алып, үйүндө олтуруп калды. Ошондо:

– Үйдө эле олтура бербей, бир жумушка иштебейинби, окууга тапшырганыма да жакшы болот эле, – деп агаларына кеңеш салды. Алар да туура көрүшүп, аны райондогу бир мекемеге сүйлөшүп, катчылыкка орноштуруп коюшту. Ал мекеменин жетекчиси чоң эле киши экен. Мөлтүрөгөн жаш кызды биринчи күндөн эле тооруп жүрүп, кызматына салдыбы, жарым жыл өтпөй, кызды баш ийдирип алды. Ар ишти тапшыра берип, кызды кеч алып калып жүрүп, бир күнү кабинетинен эле кызды аялдыкка алып койду. «Сен үчүн баарын жасаймын... менин беш кызым бар... уулум жок, уул төрөп бересиң?» – деди, көз жашын көл кылып ыйлап жаткан кызга буйрук бере. Кыз ошол дартын эч кимге айта албай канча жүрдү. Жумуштан кетип калайын дейт, намыстанат. «Ушу катчылыкта да иштей албаптыр» деп, айылдагы бекер ооздор эми эле кеп кылып чыгышаарын ойлойт. Атасына сөз тийгизгиси келбейт. Анткени, айылда «тиги паланчанын кызы ушинтиптир, тигинтип кетиптир» деген жаман сөз тез таркайт да. Кыз ошондон корунуп жүрдү. Анын үстүнө жетекчиси анын көзү менен тең айланып, айтканындай эле ал үчүн баарын жасап жатты. Түрлөнтүп кийинтет. Ажарлуу жүзү албырып, жарашыктуу кийим ого бетер сулуу кылып, кыз кулпуруп эле баратты. Жетекчиси атасынын жашындагы эле неме болуучу, антсе да, аны ушунчалык сүйүп калганын жашырбайт. Берилип калганын айтып, жалбарат. Бирок, экөөнүн бул мамилесин жумуштагылар божомолдогону менен ачык эч ким биле бербейт. Эл арасынан баары бир чыгат экен, мындай божомол жетекчисинин үй-бүлөсүнө да жеткен белем, эки кызы келишип, өздөрүнөн да кичүү, сулуу кызды көрүшүп, аны аяп да, жек көрүп

да турушту. Болушунча тилдешти. Бирок, тытмалап урушушкан жок. Балким атасынын жетекчилик аброюна шек келтирбейли дешти окшойт. Кетип баратышып:

– Жаш экенсиң... ушундайында тыйылгын... эмне жаш эркек табылбай калдыбы? Атаңдай немениn башын айлантып... башка жакка кеткин ... дешти. Кыз болсо, тигилерди мисирейе тиктеген бойдон, «эл айткан сөздөр калп» экендигин айтып турду. Жумуш бүткөндө ушунун баарын жетекчисине айтып берди.

– Акылсыз кыздар десе, ким айтты экен аларга? – деп жетекчисинин ачуусу келе түштү. – Апасынын кылганы го. Сен ага кейибе, жаным. Эмне кылайын элүүдөн ашканда сүйүп калам деп кайдан ойлодум дейсиң?.. Болгондо да кызымдан да кичүү немени сүйүп калганым тагдырдын шылдыңы го... Сен эч жакка кетпейсиң? Мейли, ушунча болду ачыкка чыгабыз.. Сен мага уул эле төрөп бер... ошол күнү тигилердин жаагы жап болот... артымда туяк калыш керек.... ушунун уулу дей турган урпак керек мага... Ушунча дүнүйө жыйнап коюп, кимге калат?

– Мен башка жакка эле кетип калайынчы. Кыздарыңыз мен төрөгөн уулга деле эч нерсени ээ кыла беришпейт го бул түрлөрүндө?

– Алар эмне?... Эртең эле үйдөн чыгып кетишет туштушка. Азыр жаштык кылып сүйлөп жатышат да. Кийин түшүнүшөт баарын... Сен ага кейибе? – дейт жаш кызды жооткотуп.

– Дагы келишсе кантип чыдаймын... Эл билсе да уят го... Анан кыздарыңыз да экинчи көзүбүзгө көрүнчү болсоң, башкача сүйлөшөбүз дешпедиби?..

– Болду, келишпейт! Эч нерседен чоочуба. Ишинди кыла бер. Эгер алар дагы ушинте турган болсо, биротоло чыгып кетемин үйдөн, анан олтурушат... – деп, сүрдүү жетекчиси ачуулу сүйлөдү. Ал киши кызга канчалык жалбарып, жакшы көрүп турса да, анын жанында калтырап-титиреп, корунуп, өзүн алсыз сезе берчү. Кызды жанынан карыш жылдыргысы келбеген жетекчиси көп өткөрбөй ага эки бөлмөлүү квартира сатып берди. Ички жасал-

гасы да акыркы эмеректер менен коолдолду. Бирок, жыл айланды, ал уул төрөгөн жок. Эки жыл күтүштү, дагы деле төрөбөдү. Үчүнчү жылда кыз балакатка жеттиби, алардын сыры ачыкка чыгып, кыздын боюнда болду. Уул күтүп жүргөн жетекчисинин сүйүнүчүн айтпа. Кыздын көзүнүн агы менен тең айланып, чимирилет. Анын бул жоругу кызга жагымсыз көрүнгөнү менен ага ыкташа баштады. Көнүгүшүп баратты. Аны издеп калат. Боору ооруп, аяп да жүрдү. Ар тамактын башын айтып, жегиси келип жатканын билдирсе, жетекчиси жердин түбүнөн болсо да таап келет. Ачууга өч болчу. Кыштын күнүндө жаңы бышкан помидор издетип, кайда гана бардырбады. Болочоктогу уулун, анын орун басарын зарыга күткөн ата, келин үчүн баарын жасап, баарына кайыл болуп жатты. Бирок, ал дагы тиги жактагы күндөшүн туурап, кыз төрөп салды. Аалам жаңыртып, «ыңаалап», бул тирүүлүктүн босогосун аттап жаткан, апакай кызыл эт наристесин көргөндө жетекчиси кандай гана толкунданды. Мурдагы катар-катар төрөлүшкөн беш кызында мынчалык толкунданган эмес. Аялы төрөтканадан чыкканча, бул жакка басып келген эмес. Бу жолу, ал жаш келинчеги толготкондон тартып, бул жерден кетпей жүрдү. Ал «барылдаган» эркек баланын үнүн күтүп жаткан. Төрөт бөлмөсүнүн айнегинин тушунан кетпей, акмалап, улам келинчеги менен убара болуп жүрүшкөн акушерлерден сурап коюп жаткан. Бир кезде, наристенин «баа-аа, ыңаа-а» деген үнү чыкканда, элтеңдеп, ары бери тыбырчылап, түз эле төрөт бөлмөсүнө жүгүргөн. Кирип барганда, наристени апасынын курсагына жаткырып жатышкан экен. Жаш келин буларды кыйла убарага салып койгон экен, сыртта турган атасына «сүйүнчү айтканды» да унутуп калышыптыр. Каалгада турган эркекти көрүшүп, баары «сүйүнчү бериңиз, кыздуу болдуңуз» дешти. Эркек кыйла апкаарып кетти, муну күткөн эмес эле. Каалганын кармагычын бекем мыкчыган боюнча туруп калды. «Кыздуу болдуңуз, караңызчы, кандай татынакай кыз» – деп, тигилер дагы кайталап жатышты. Алардын сөзүн эми гана угуп жаткан-

дай «болсун, болсун» дегенге араң жарады да, чөнтөгүн аңтарып, жанындагы болгон акчасын аларга кармата салды да, сыртка ашыкты. Коридордо келатып, энтеңдеп, жыгылып кала да жаздаган. Мунусу анын сүйүнгөнү же күйүнгөнү экени белгисиз болуучу. Айдоочусун жиберип чоң кучак гүл алдырды да, жаш келинчегине жөнөттү. Шириндиктерди жакшы көрөт деп, шириндиктерди да мол алдырды. Ал күнү төрөткананы дагы да айланчыктап жүрө берди. Жаш келинчеги өзүнө келип, баласын ороп-чулгашкандан кийин гана, ага баланы көрүүгө уруксат беришти. Жаш келинчеги жакшы эле кыйналыптыр. Ыраңы бопбоз, көздөрү шишип калган, апакай жүзү, ого бетер, кагаз болуп калыптыр. Антсе да, кыйналганын билгизбөөгө тырышып, кызынын атасын жакшы кабыл алды. Анысы да, жүзүнөн кайра-кайра өпкүлөп, жаш келинчегине ыраазы эле болуп жатты. Чүрүшүп уктап жаткан апакай кызынын мурдунан чымчып койду да, келинчегине «өзүңдү этиятта, кыжалат болбо, балага сүт чыкпай калат» деген, насаатын айтып, алар менен өтө ысык коштошуп, чыгып кетти. Элүүдөн ашып калганда, дагы кыздуу болгонуна эми кубанып эле турду. «Эмне кылайын, мага уулду ыраа көрбөптүр, мейли, уулдан артык кыз бала да болот. Ушул кызым балким уулдан артык болоор» — деген, үмүттүү тилек менен кайтты. Эртеси жумушуна баратып да, төрөтканага бир тийип кетти. Түшкү тыныгууда да келди. Кечинде болсо, көп тамак ашты, анан дагы жаңы үзүлгөн бир тутам гүл кошо көтөрө келди. Жаш келин анын мындай мамилесине жетине албай турду, төрөткканадагылар да буларга суктанып жатышты. «Кандай гана бактылуу келинсиң, сен. Дегеле ушунча иштеп, мындай атаны көргөн эмеспиз» дешет алар. Келинди эң ыңгайлуу, жасалгалуу бөлмөсүнө жаткырышты. Өзү жалгыз. Ичинде баары бар, кааласа телевизор да көрөт, бир медсестра кызды бөлүп коюшту. Ал тез-тез келип, наристеден да апасынан да кабар алып турат. Бул жерде төрт күн гана жатышты. Бешинчи күндө телевизорго тарткычы менен кошо келип, келиндин аман-эсен көз жарып алы-

шына мээнет жумшашкан акушер-медиктерге көп белеги менен кошо келип, чыгарып кетти. Үйгө келгенде жаш келинчегинин жүзүнөн сүйүп туруп, «күнөө өзүмдө окшойт, балким бул кызым, уулдан артык болоор, менин орун басарым болоор. Ырахмат сага» деп, жаш кызга жалбарат. Апасындай ботокөз, апакай кызды артыкча көрүп турду. «Чыныгы, таза сүйүүмдөн жаралган наристе» деп турду. Ага фамилиясын берип, «эр ортонунда көргөн кызым, эркетайым менин» – деп, кызына Эрке деген ысым берди. Жаш келинчегинин ата-энесинин үйүнө барып, тууган уруктарынын алдынан өттү. Айыл ападагылар үчүн тойчук өткөрүп, кайын журту менен жакшылап таанышып, келинчегинин агалары менен кенен олтуруп сүйлөштү. Бул экөөнүн мамилесин мурда эле угуп-билип жүргөн агалары, атасындай болгон кишиге турмушка чыгып жаткан жалгыз карындашын жектешпеди. «Тагдыры ушул экен, бешенесине жазылганын көрүп жатат да» дешип, канчалык карындашын аяп турушса да, кийинкилигин ойлоп жатышты. Анын үстүнө бул күйөө болуп жаткан адам ушул өрөөндөгү белгилүүлөрдүн бири болуучу. Кадыр-баркы жакшы. Бир мекемеде кыйла жылдан бери жетекчи. Токтоо мүнөз, бир сырдуу адам да. Экөө бирге канча өмүр сүрүшсө да, карындашын кор кылбай турганына ишенип турушту. Каадасын жасашып, нике да кыйдырышты. Анан кыздын мыйзамдуу атасы катары, аларды толук камкордукка алды. Ал эми анын аялы, беш кызы бул тууралуу билишсе да, эч кимиси эми жаш келинге келе алышкан жок. Ага атасы жол бербеди. Баягы келишкени үчүн да жакшы сөз угушпаган. Алардын үйүндө кыйла эле ары-бери сөздөр өткөн. «Эгерде дагы бир жолу бириң ошол кызга барып, бирдеме дей турган болсоңор, мен аталыктан кечемин дагы, биротоло үйдөн чыгып кетемин, аны жайына койгула, ал силерге тоскоол болгон жок. Анын өзүнүн жашоосу, өзүнүн тиричилиги бар. Мени силерден тартып алып жаткан жери жок, тийишпегиле ага» деп катуу эскерткен. Атасы бир сүйлөөрүн билишкен кыздар тымпыйып, баарын ичтерине катып келишкен. Экинчи

жолу бул үйдө ушул темада сөз болгон жок. Мурдагыдай эле көндүм жашоо улана берди. Беш кызын тең жогорку билим алуусуна шарт түздү. Алдын турмушка узатып да жатты. Жетекчи адамдын дос-жары, тааныш-тамыры да көп болот го. Алардын үйүндөгү той-топур жумалап өтөт. Таанымал ырчы-бийчилердин баары ушул тойдо болушат. Каз-катар боз үйлөр тигилип, тамак-аш жайнайт. Ал эми жаш келин менен анын чоңоюп келе жаткан ботокөз кызы экөө андай шаан-шөкөткө бир да жолу катыша алышкан жок, андан четте жүрүштү.

Эрке кыз болсо, атасы жалгыз гана аныкы экенин, башка эч кимдики эместигин билчү. Атасына өтө эле жакын өсүп жатты. Атасынын башка бүлөсү, башка кыздары бар экенин билген жок. Ага эч нерсенин жигин билдиришкен эмес. Кыз үчүн атасы жалгыз өзүнө гана таандык болуучу. Атасын мүнөткө көрбөй калса сагынып, саргайып кетүүчү. Жаш келин да бир кездеги жетекчисине өтө берилип кетти. Мурдагыдай андан иймregistered, жер көз эмес, тескерисинче, күлкүсү чыгып, керээли-кечке кызы менен алаксып, күн өткөрсө кечинде кыздын атасына эркелеп, кызынын жоругунан кеп салып, аябай ачылып баратты. Жаш келиндин бул кылыгы, назы ого бетер өзүнө тартып, алардын жашоосу ширин гана улана берди. Наристенин алгачкы күлкүсү, талпынышы, анан чулдурап тилинин сүйлөй баштаашы, жөрмөлөшү, каз-каз туруп, кадам шилтегени... баары-баары алар үчүн жаңылык, алар үчүн эсте каларлык ирмемдер болуп жатты. Күйөөсүнүн адамгерчилигине, аны катуу сыйлап турганына кубанат келин. «Назигим менин, ардагым... кымбатым... татынакайым...» деп чакырат. Улам келбеттүү болуп бараткан татынакай, жаш келинчегин ого бетер сулуу, көрктүү көргүсү келген ал, чет өлкөлөргө барганда кийимдин түрлүүсүн сатып келет. Элде жок, элден өзгөчөлөнтүп кийинткиси келет. Наристенин буту басып, жүгүрүп калганда, аны жакшы бала бакчага орнотушту да, келин ошол эле мекемеде ишин уланта берди. Мурда жетекчисине катчылык милдетти аткарса, аны сырттан жогорку окуу жа-

йына окутуп, экономист деген адистик алып бергенден кийин, өзүнүн эле мекемесинде экономист кылып которуп койду. Эсепке так, ишин жакшы билген келинге эч ким деле доомат артпайт, же, жетекчинин жүзү дешеби, тескерисинче келинди сыйлап турушат. Келиндин жүрөгүн өйүгөн нерсе башка эле. Эртеби, кечпи, күйөөсүнүн улуу аялы жана анын кыздары ага кыр көрсөтүшөрүн, кызын жалгызсыратып, өгөйлөшөрүн билчү. Ал эми кызы энесинин мындай жан дүйнөсүн кыйнаган нерседен бейкапар чоңое берди. Анын биринчи класска барганы да өзүнчө эсте калды. Атасы эч кимде жок сумканы алыс жактан сатып келген. Кыпкызыл эле. Анан мектепке кие турган көйнөгү да бир башкача болчу. Атасы сулуу киши эмеспи. Элүүдөн ашып калса да, каш кирпиктери төгүлүп турчу. Кыз атасына окшошуп, карагаттай көздөрүнүн кирпиктери бир башкача төгүлүп, чачы да капкара болуучу. Апасы анын чачын кырккан жок. Биринчи класска барганда капкара чачын эки өрүм кылып, учуна аппак бант тагып койду. Такылдаган апакай кызды атасы менен апасы ээрчитип барышты. Ушул күнү ал кыз экөөнүн ортосунда эркелеп жатты.

– Сен эми чоң кыз болдуң, мектепке окуган кыз чоң кыз болот. Мурдагыдай эркеликти таштап, сабак гана окуш керек, – деди атасы.

– Ооба, мен чоңойгон жокмун, али кичинекеймин. Чоң кыз деген чо-оң болот. Ал апам менен тең болот. Менин боюм али кичине, – деп, атасына сөз бербей койгон. Апасы менен атасы аны орус класска окуталы дешти эле, кыз таптакыр көнбөй койду.

– Мен орусча окубайм, кыргызча эле окуйм, садикте жалаң орусча сүйлөй беришип, башымды оорутуп салышкан, – деп ага да көнбөй койгон. Ошондуктан кыргыз мектепке алып келишти. Анын эжекейи да жапжаш кыз экен. Бирок, жакшы окутту, эрке кыз үйдө канчалык эркелигин көрсөткөнү менен мектепте эжекейинин тилин алып, апасынын да сөзүн угуп жакшы окуду. Сабагынан күндө «беш» деген бааны алып келип, апасын кубантат. Болго-

ну атасынын «командировкага» көп кеткенин жактырбайт. Апасы «ана келет, мына келет» деп, кызды жооткотот. Анан бир күнү эле жаркылдап кирип келчү. Ал келгенде бул үйдө майрам, бул үйдө шаң. Кыз атасына эркелеп, бети башын аймалап эле жатып калчу. Ушунчалык сагынышкандыктан, ата-баланын ушул ирмемдери келинди көп ойго салчу. Атасы болсо кызы үчүн белектин не бир түрлөрүн алып келет, биринен бир кооз, биринен бири көрктүү. Атасынын белегин кыз өтө аяр кармачу. Бирин да бузуп, же, жок кылган эмес. Кыз чоңоё баштаганда ага чоң белектер бериле баштады. Кол телефон алып бергенден бери, атасы менен эртедир-кечтир тез-тез сүйлөшүп, оңуп эле калган. Бирок, акыркы мезгилде атасы өңдөн азып бараткандай эле. Кыз 10 жашка чыгып калганда атасы бир жолу ооруканага жаткан. Анда эмне болгонун, эмне менен ооруганын кыз билген эмес. Апасы экөө дайыма түнкүсүн барышчу. Атасынын жанында кыйлага олтурушуп, анан үйгө келишчү. Анан 7-класста окуп жүргөндө дагы бир жолу катуу ооруду. Анда кыз кыйла эс тартып бараткан. Атасынын жүрөгү ооруй турганын билген. Ошондо атасына жалбарып:

– Кечке эле иш дей бересиз. «Командировка» деп кете бересиз, өзүңүзгө карбайсызбы? – деген.

– Болуптур кичинекейим, сен айткандай кыламын... айыгып чыгайын, анан иш дебей эле, үйдө олтура берем. Эс аламын, – деген атасы, татынакай кызынын чекесинен жыттап. Ал кызын жакшы көргөндө ар убак чекесинен өтө берилип гана жыттап алчу. Мунусу кызынын эс тартып баратканынан айбыкканы эле. Мурдагысындай кызын кыткылыктатып күлдүрүп, эзгилеп өпкүлөбөй калды. Кызы болсо, ошол эле балалыгы, эркелиги калбай, бети башын аймалап, жыттагылап, атасынын жүзүнөн эч жери калчу эмес. Аябай катуу берилсе, тиштегилеп да жиберчү... бирок, кийин атасынын атайы дарыланганын көрбөдү. Жумушунан колу бошочу эмес. Анын кичинекей жүрөгү атасынын иштермандыгын да сезип турчу. Анткени, качан болсун «жумуштан бошобой калдым... бул

жакка баратам..., тиги чакырыптыр... чогулушка барам...» деген гана сөзүн угушчу. Андай алыска сапар тартып баратса, сөзсүз кызынын бетинен өөп, анан аны аябай эркелетип туруп, «эмне алып келип берейин?» деп сурачу. «Мага эч нерсенин кереги жок, тез эле келиңизчи?» дейт эле Эрке кыз. Анын ушундай акылдуу, боорукер, анан тайманбас өсүп жатканына атасы кубанчу.

– Берки кыздарым андай эмес, – деп ыймандай сырын айтчу келинге. – «Мага бул керек, ал керек» – дегенден башканы билишпейт. Апалары да ошондой. Силер бир кудай берген жансыңар да... топуктуусуңар. Алар деле эч нерседен кем өсүшпөдү. Үйдө баары бар, баары жетиштүү, антсе да, «бул жок, ал жок, ал жетишпейт, муну алып кел» – деп, кулактын кужурун алганы алган. Эмнеге анча ач көз болуп калышты билбейм, – деп кейип калчу. Анан, мен сага ыраазымын, жаш болсоң да иш билги чыктың, чыйрак чыктың, көп нерсени мен сенден үйрөндүм, жашоонун маңызын сен үйрөттүң, – деп келинге да ыраазы болоор эле... Ал эми бул Эрке кызы атасынын тез-тез келип турганын, апасы экөөнүн мандайында эле жүргөнүн самачу.

– Кызыма шерик кылып сиңди, же ини таап берсең кана? – деп калчу кээде.

– Эми ал кудайдын иши экен да, кана ошондой болсо, менин күткөнүм деле ошол. Кызым жалгыз болуп, кийин да жалгыздыктын азабын тартабы деп корком, – дейт келин.

– Доктурга көрүнсөң боло... – деп далай айткан. Келин доктур турсун көзү ачыктарга, бүбү-бакшыларга да далай барды. Бирок, кызына шерик таба албады. Ал кызын төрөгөндө катуу кыйналып жатканда, тааныштыктын анан акчанын күчү менен аны жана кызын араң аман алып калышкан доктурлар келиндин жүрөгү кийинки төрөткө чыдабасын билишип, экинчи төрөгүс кылып, түтүкчөсүн тигип салышканын экөө тең билишчү эмес.

Минтип күйөөсү үчүнчү жолу ооруп, анан биротоло алар менен коштошуп кетип жатканына келиндин акылы жетпей жатпайбы...

Кыз дагы көзүн ачты.

– Апа, апакебай... – деди, алсыз үнү менен.

– Мына мен, жанындамын каралдым, – деп апасы ордунан лып тура калып, кызынын маңдайына жетти.

– Апаке, алар мени кордошту... алар кимдер? ... Алар менин атамды талашышты. Алар кимдер өзү? – деди.

– Алар, жаман адамдар кызым, – эмне дээрин билбей алдастаган келиндин оозунан ушул сөз чыкты.

– Алар көп экен, мен жалгыз. Алар мени сабашты. Алар эмнеге атамды тегеректеп олтуруп алышкан аа?

– Алар атаңдын туугандары да.

– Алар мени эмне үчүн сабашты апа, эмнеге «арам сийдиксиң» дешти? – кыздын көзүнүн кычыгындагы тоголок жаш жаздыгына тамып кетти.

– Ыйлаба кызым, баары жакшы болот. Кыйналба? – келин, кызынын жүзүн аарчыгылап, ага жалбарып жатты.

– Апа, атам чын эле бизди таштап кеттиби? Ал эмнеге таштады бизди?

– Менин колумдан эмне келет каралдым. Мен эмне айла кыла алам? – апасы дирилдеген үнү менен ушуларды айтты.

– Апа, алар неге мени урушушту? Мен эмне кылдым аларга?

– Билбейм...

– Мен чоңойсом ошолорду мен да сабаймын.

– Кой кызым, аларга теңелбе? Алар жаман адамдар экенин көрдүң да

– Жок, апа, алар мени ушунчалык кордошту. Алар неге антишти аа?

– Айта албайм, кызым...

– Апа, апакебайым, эми биз атам жок жашайбызбы аа? Атам неге кетип калды? Мен кантем эми? – кыз, эми үнүн катуу чыгарып ыйлаганга өттү.

– Кой кызым, ыйлабачы. Араң өзүңө келе баштаганда, дагы кыйналбачы, каралдым, – келин, кызын алаксытууга далбастайт. Кыз өксүй берди. Өпкөсүн бүлкүлдөтүп ыйлап жатып, бир кезде деми чыкпай, соолуп бараткансыды.

– Айланайындар, келгиле... соолуп баратат, болгула келгиле – деп келин чыңырып жиберди. Кезметте турган медсестра жүгүрүп кирип, кыздын абалын көрдү да, тездик менен укол сала баштады. Укол салынгандан кийин гана кыздын оор дем алганы билинип, анан ал мемиреп уйкуга кетти...

– ... Мурда ооруп эле, айыгып кетчү эмес беле, эмне үчүн азыр... Ооруганын менден жашырып жүргөн экен да. Эмне эле келбей калды десе, кыйналып жүргөн тура. Бир жолу келип, акыркы сөзүн айтып кетсе болбойт беле? Эми биз канттик, биз эмне кылабыз? Эмне үчүн тырмактай немени тытмалашты, эмне үчүн алар муну мынчалык кордошту. Ушул күнү тим эле турушса, арбак деле ыраазы болмок да. Эмне үчүн алар ушуга барышты? Кыздарынын сөзүн кара? Атасынын сүрүнөн, карынан айбыгып, ушул кезге чейин унчукпай келишкен тура. Эми эмне болот, бизге тынчтык беришер бекен?.. Кайда барып баш калкалайбыз?..» – деп жер сабап ыйлап жатты келин. Анан тиги үйүндөгү ажылдаган келиндер, кыздардын айткандарын эстейт, кызын ашыкча кордоп салышканына арданды. Азыр эле үзүл-кесил ыйлап, кызы да айтып жатпадыбы, ага баарын достору да төкпөй-чачпай айтып беришкен да. Аны эстеп сай сөөгү сыздап жатты. Ичин сары зил басып кеткендей болду. «Эмне үчүн «нокотек» дешет, ак никеден эле төрөлдү эле го. Мен аларга жүгүмдү арткан эмес элем го, же, бузуп, биротоло артымдан ээрчитип албадым эле го... Экөөбүздүн ысык сүйүүбүздөн эле жаралган бала эмес беле. Эмне үчүн мындай жаман сөздөрүн айтып, кызымдын жүрөгүнө так салышты? Ким эми менин арманымды угат?.. Мемиреп уктап жаткан кызын улам-улам тиктеп коюп, келин өзүнчө боздоп турду. Экинчи аял болуп, болгондо да жашырынып, кысылып-кыпчынып жашап, анын азап-тозогун баштан кечирсе да, сыйлап келген күйөөсүнүн баш жагына олтуруп алып, аны акыркы сапарга узатып жатып боздоп турса болбойт беле? Күндөшү жакшы аял болсо, «талашаар адамыбыз да кетти, эми биргеликте акыркы жолу чогуу узатып коёлу», –

деп, жанына олтургузуп алып, ушул «көрөр көзүнө» кошок коштуруп койсо болбойт беле? Бүт дилинде сактап келген сырын, жашы кыйла чоң киши болсо да, аны алпештеп, бөпөлөп, ардактап, сүйүп келгендигин дастанга айлантып, төгүлүп алмак. Анан бул адам улуу жана ыйык жан экендигин айтып, өмүр бою артымда «атанын уулу дедиртип» атымды өчүрбөй турган уул калсын, урпагымды уласын деп, боздоп келгендигин айтып элдин баарын ыйлатат эле да. Келин 16 жашында атасынан айрылганда кандай гана кошок кошкон. Ошону айылдагылар азыркы күнгө чейин айтып жүрүшпөйбү. Эми карабайсыңбы, 19 жыл бир жаздыкка баш коюп келген жарын узата албай, эбак топурак жазданып, түбөлүк жайда жай алып калган жан шеригин жоктоп, жалгыз өзү өксүп жатат... Арманын сыртка чыгара албай, жалгыз бир бөлмөдө көз жашын көлдөй төгүп олтурат... Акыркы ирет жүзүнөн сылап, арманын айтып, коштошо албагандыгына, акыркы сапарга узата албагандыгына күйүп, өрттөнүп жатпайбы... Мунун барын эч нерсе айтпай кете берген өмүр шериги билген да туйган да жок. Ал да мындай болот деп ойлобогон чыгаар. Ал өзүн өлүмгө кыйбаса керек. Мурдагыдай эле жакшы болуп кетем деген үмүт менен жашоо үчүн күрөшкөндүр, бирок, алы жетпей калган тура.

– Кызым жакшы болуп кетсе эле болду. Мейли, бул күндөр да өтөөр... Кызым да бой жетээр... Кызыма баарын айтамын... ал түшүнөт, ал акылдуу жан...» – келин, өзүнө-өзү кайрат айтып, кызынын ойгонушун күтүп жатты...

# ПРАКТИКАНТ

*(Аңгеме)*

Болочокку кесибибизге канығуу үчүн 2-курстан тартып практикага чыга баштайбыз. Ага карата алдын ала даярданабыз. Адегенде ар кимдин өз каалоосуна коюшат. Ким кайсы жакка бара тургандыгын кышкы сессияда эле билдириш керек. Эгер, тандай албай кыйналгандар болсо, кафедра тараптан сунуш болот. Мен бала кезимден эле телевидение тармагына иштөөнү максат кылып келгенимден, биринчи практикамды да ушул жерден баштоону туура көргөмүн. Менин өтүнүчүмдү канааттандырышып, телевидениенин балдар редакциясына сунушташты. Мага эки курбу кызым кошулду. Жайкы сессиябызды ийгиликтүү аяктап, он күндөй эс алганыбыздан соң, практикабыз башталды. Балдар редакциясында иштеген агай-эжейлер бизди жакшы кабыл алышты. Үчөөбүздү жашы улгайып калган, ак чачтуу, бирок, сымбаттуу, узун бойлуу агайга бөлүп беришти. Ал адамдын ысмы республикага жакшы таанымал болуучу. Жеке чыгармачылыгы боюнча кабарыбыз бар эле. Балдар үчүн жомокторду, аңгемелерди жазчу. Мектепте окуп жүргөндө бул адамдын ошол аңгемелерин, жомокторун окуп өспөдүкпү. Эми минтип, аны менен жүзмө-жүз көрүшүп, эки ай болсо да бирге иштеп, бирге жүрүү бактысы туш келип олтурганына жетине албай турдук. Өтө жөнөкөй көрүндү. Бою башын тыкан, таза алып жүргөн киши экен. Бизди кабыл алып жатып да, бутубуздан башыбызга дейре кылдат көз жүгүртүп жатты. Студенттик куракта боюңа кандай кийим туура келсе, ылгабай кие бересиң да. Үчөөбүз тең күндүн ысыктыгынан

шуштуйган кыска шым, жеңи чолок кофталарды кийип алган элек.

– Мм-м, – деп, мурду менен үн каткан жетекчибиз, кыйлага чейин карап турду да, анан сөзүн баштады.

– Иштин тартиптен баштайбыз. Силер убактылуу болсо да, ушул редакциянын кызматкерисиңер. Биз силерге тапшырма беребиз. Элге чыгасыңар. Биздин атыбыздан эл аралап жаткан соң, биздин адамыбыз деп эсептейбиз. Ошондуктан тиги жактагы анча-мынча кыял-жоругуңарды, мүнөзүңөрдү таштап, биздин айткан менен болушуңар керек, – деди, басым менен сүйлөп. Биз болсо үн катпай турабыз. Арабызда Гүланда деген кызыбыз ак жүздүү келип, көздөрү ботонукундай жайнап, күлүп, кимди болсун өзүнө тартып турат эле. Жылдыздуу кыз болуучу. Тиги агайдын көзү ал кызга дароо эле түшүп калганын байкадык. Ал алыскы айылдан келгендиктен, айылдагы уяң мүнөзү, тартынчаактыгы кала элек болуучу. Ошондонбу, агайдын көзү ага тигилген сайын, башын жерге салып, жүзү кызарып кетип жатты.

– Эң биринчи силерге катуу тапшырма, жумушка саат сегизден кечикпейсиңер. Анткени, ар күнү пландашуу болот. Күнүнкүсүн аткарыла турган иштер пландаштырылат. Андан калып калсаңар, бир күнүңөрдү жоготосуңар. Силер да биз сыяктуу тапшырма алып, ошол боюнча иштешиңер керек. Эгер кечиге бере турган болсоңор, окуган жериңерге жакшы мүнөздөмө берилбей калат. Экинчи тапшырма, тиги шуштуйган шым менен, денеңерди ачып турган кофтаны кийип келбегиле. Шым кийбегиле дебейбиз, бирок, өтө эле денеңерге жабышып турса да болбойт. Анан элге барсаңар, өзүңөргө ыңгайсыз болбой турган кофталардан кийсеңер дурус болор эле, – деди дагы бир жолу биз тарапка кылчая караган агайыбыз.

– Үчүнчү тапшырма, силер мага бөлүнгөн соң, мен айткандарды гана аткарасыңар, бейчеки басууга уруксат берилбейт. Жасай турган жумушубузду биргеликте чечебиз. Силер болочокто жакшы журналист болгуңар келсе, азыртан практикалык ишиңерди кылдат, жоопкерчилик

менен аткарууга көнүккүлө. Эгер жалкоолук кылсаңар, кийин деле ошол бойдон каласыңар. Мен бекем тартипти жактырам. Биздеги ички тартипти да сактагыла. Силер бир адамсыңар, ал эми силерге тигилген миң адам болуусу мүмкүн, ошол миң адамдын назары түшүп турган кезде, силер тараптан бейчеки аракеттер жасалбаш керек... – деп, бизге жетекчи болгон агайыбыз, көп насааттарын айтып жатты. Анын айткандарын муюп уктук. Өзүбүзгө сиңирип ала турган жактары да болду, ынанбай тургандары да бар эле. Ар кимибиз өз деңгээлибизде, өз түшүнүгүбүздө кабылдап жаттык. Гүланда болсо, башын жерге салган бойдон угуп олтурду. Назик экөөбүз кээде суроо бере коебуз. Маектешкенди жактырган киши экен, суроо-бузга бериле жооп берет. Ошентип, биринчи күнүбүз жалаң гана аңгемелешүү менен өтүп кетти.

* * *

Эртеси саат сегизге жетпей редакцияга келдик. Агайыбыз али келе элек экен. Кабинеттин ачкычын алдык да, кыз каадабыз менен бөлмөнү иретке келтирүүгө кириштик. Кагаздарды иреттеп, чандарын аарчып, полун да тазалап салдык. Билиндирбестен өзүбүз пайдаланып жүргөн атырдан сээп койдук. Агайыбыз кыйладан кийин келди, кирип келип эле, каалга алдында туруп калды.

– Ого-о, менин кыздарым, азаматсыңар. Жаркыратып коюпсуңар го. Азамат, кыздар. Иштин башталышы жаман эмес. Ушул темпте жүрүп олтурсак, мен силер менен жакшы иштейм го кыязы, – деп, каткыра күлүп, ар бирибиз менен кол бериш учурашып жатты. Анан папкасын стол үстүнө коюп, орундугуна олтурду да:

– Та-ак, сулуу кыздар, бүгүн эмне жумуш жасайбыз. Өзүңөрчө пландаштыра алдыңарбы? – деп бизге суроолу тигилди.

– Жок... – дедик, үчөөбүз жарыша.

– Мм-м... – деп, столду бармактары менен черткилеп ойлуу турду да, анан биринчи эле Гүландага карады:

– Сенин атың ким эле?

– Гүланда.

– Анда, Гүланда, сен дайыма мени менен болосуң, командировкага чыкканда чогуу болобуз, менин иш ыкмамды үйрөнөсүң. А сен... – деп, мени карады эле:

– Аида...

– А сен Аида, тиги курбуң экөөң балдар бакчалары тууралуу көрсөтүү даярдайсыңар. Келерки жумага 20 мүнөттүк программабыз бар. Азыр эле барып, шаардагы бир балдар бакчасынын жетекчилери менен сүйлөшүп келсеңер болот. Негизинен бакчадагы даярдоо тайпасындагыларды ырдатып, бийлетип, анан ошол бакчанын ички турмушу тууралуу даярдалат. Мен өзүм редакторлук кыламын. Силердин милдетиңер адегенде макулдашуу, анан көндүрүп келсеңер, ишти бул жактан пландаштырабыз. Азыр бара берсеңер болот, – деди. Экөөбүз бири-бирибизди тиктеп эле калдык. Шаарда окуп жатканыбыз менен кандай балдар бакчалары бар экенин биле бербейбиз да. Мен ошону айткым келип, оозумду камдай баштаганда, Назик бутума тээп койду. Анысы «унчукпай эле кой» дегени экенин сезип турдум. Гүланда болсо, «мен деле силер менен чогуу боломун»дегендей, көздөрү жалдырай, бизге тигилет. Өтө эле уяң да, оюндагысын сыртка чыгара албай кыйнала берген адаты менен бул жолу да ички дартын айта албай, мукактанып туруп калды. Биз «чала сага, олтура бер, чалдын маңдайында...» дегендей, жалдыраган немеге ого бетер, кекээрлүү карадык да, агайыбыздын тапшырмасын аткаруу үчүн сыртка чыктык.

– Кайсы балдар бакчасын табабыз... анын үстүнө кыргызчасы жок дагы болуш керек? – Мен дароо эле Назикке бурк эттим.

– Мен бир бакчаны билемин. Эжемдердин кошунасы иштейт. Ошого баралы. Бирок, ал шаардын четинде, – деди.

– Четинде болсо мейли, эптеп сүйлөшүп келсек болду да, – дедим мен энем эркек төрөгөндөй сүйүнүп.

– Жүр анда кеттик, – деп курбум да так секире, мени колдон тартты. Экөөбүз кудундай имараттан чыктык да,

тиги бакчага бара турган маршрутканы издей баштадык. Ал тез эле келди. Шаардын четинде деле эмес экен, тез эле таптык. Эки кабаттуу, айланасы жапжашыл тартып, түркүн гүл бакча менен курчалган, көзгө толумдуу жай экен. Кантсе да, бакчанын башчысы аял киши болсо керек деген божомол менен короосуна кирдик. Сырт тарабы жымжырт. Балдар тамактанып жатышса керек. Чака көтөрүп, жоон-жолпусунан келген орус аял келе жаткан экен, «болду болбоду ушул жерде иштесе керек» дедик да, ал аялдан бакчанын жетекчисин сурадык. «Разия Азимовна жаңы эле кабинетине кирип кетти, өзүндө болуш керек» деп биздин сурообузга сылык жооп берди да, анын иш кабинети тарапты колу менен корсөтүп, өзү ары басып баратты тиги аял. Ал көрсөткөн жол менен бала бакчанын жетекчисинин бөлмөсүнүн эшигин кактык. Ичкериден:

– Да, да, – деген үн чыкты. Экөөбүз ээрчише кирип бардык. Жарашыктуу кийинген, орто бойлуу аял экен.

– Келгиле, кыздар. Келгиле... олтургула, – деп олтурган ордунан туруп келип, бизге колун сунган ал аялдын сылыктыгын, маданияттуулугун баамдадык.

– Биз телевидениеден келдик эле.

– Кайсы? Эмне жумуш менен? – тиги эже, бизге алмак-салмак көз жүгүртүп, «ушул жаш кыздар кантип телевидениеде иштесин», – дегендей ишенкиребей тургансыды.

– Балдар редакциясынан... биз практикантпыз. Журналистикада окуп жатабыз. Бизге тапшырма болуп, анан келип калдык... экөөбүз бири-бирибиздин сөзүбүздү коштой, эжекеге келген максатыбызды түшүндүрүп жаттык.

– Аа, түшүнүктүү... жакшы... эмне кылуу керек?

– Жогорку тайпадагы балдардын өнөрү болсо... анан балдар бакчанын ички турмушунан. Сиз макул болсоңуз, тиги редакцияда биздин жетекчи агайыбыз бар. Ошол киши менен макулдашып, анан кантип тартабыз, сизге билдиребиз.

– Мен макул... бизде көп жакшы иштер бар. Жашообуз жаман эмес. Шаардын чет тарабында жайгашкандык-

тан, бизге журналисттер деле көп келе беришпейт. Силерге ырахмат, бизди тандап алганыңарга... – деген, эжеке, чын дилинен кубанып турду. Биз болсо, ишибиздин чуу дегенде эле жүрүшүп кеткенине сүйүнүп жаттык. Анан тиги эжеке балдар бакчанын ички турмушу менен тааныштыруу үчүн, тайпаларга ээрчитип кирди. Бул жерде балдарга эки тилде тарбия берилет экен. Басымдуусу кыргыз тилинде тарбияланат. Ошондонбу кыргызча жазылган көрөнөктөр кобүрөөк экен. Ар бир тайпага кыргыздын улуттук буюмдары коюлган бурчтар бар экен. Ичи ирэттүү, таза. Оюнчуктары, дубалдарда илинген сүрөттөр, кооз гүлдөр... айтор, бакчанын турмушу телеге тартуууга толук жооп берет. Кыдыруудан кийин, эже бир бөлмөгө алып кирип, бизге ысык чай, момпосуйлар менен сыйлады. Ал жерден сүйүнүчтүү чыккан экөөбүз, түз эле агайыбызга келдик. Гүланда үңүлүп, бирдемелерди көчүрүп жазып жатыптыр. Агайыбыз бир жакка чыгып кетиптир.

– Ии, сапарыңар кандай? – деди, Гүланда, ишин уланта берип.

– Эң сонун, Тим эле ойдогудан да ашыкча. Тапшырманы «бешке» аткардык, – дедик экөөбүз жарыша.

– А сенчи, сен эмне иш жасадың?

– Менби? ... Мен олтурам... агайдын мурда жазган сценарийлерин көчүрүп... – деп, Гүланда, алдындагы кагаздарды тиктеп койду.

– Эмнеге? Эски сценарийдин эмне кереги бар экен? Кызык го? – шакылдаган Назик, тиги үйүлүп турган папкаларды карай баштады.

– Билбейм... бир жакка тапшырат окшойт.

– Эмне, ошону сен жасашың керекпи? Биз бул жерден практикалык иштерди үйрөнүшүбүз керек да?

– Бүгүн эле... азыраагын көчүрүп берем... анан...

– Сени дайыма мени менен болосуң дегени ушул го дейм. Эки айынды ушинтип өткөрүп жиберет окшойсуң, шорду-у? – Назик, курбубузга чын дилинен боору ооругандай, ага суроолуу карады.

3 – 59

– Койчу... мен деле башка иштерди жасаймын да... Күндө эле ушундай боло бермек беле?

– Ай, ким билет... агайдын айтканына караганда сени жанынан чыгарбайт окшойт

– Андай деле эмес... – Гүланда таарынычтуу сүйлөп жатканда агайыбыз кирип келди.

– Оо, кыздар келип калдыңарбы? Эмне болду? Тапшырманын канча проценти аткарылды?

– Таптык агай. Шаардын четиндеги 78-балдар бакчасын сүйлөшүп келдик.

– Ал кайсы жерде экен?

– Шаардын Аламүдүн району тарабында... Оңой эле тапса болот. Башчысы кыргыз эже экен. Дароо эле макул болду. Ички турмушу менен да таанышып чыктык. Телеге тартканга абдан эле ыңгайлуу экен. Сиз айткандай жакшы ырдап, бийлеген балдар да көп экен. Сиз кайсы күнү тартабыз десеңиз, алар даяр болушат... – деп, бири-бирибизден сөз талаша агайыбызга айтып жаттык.

– Жакшы... жакшы-ы... – агайыбыз, адатынча манжалары менен стол үстүн ургулап, кыйлага турду да:

– Жакшы, жакшы иш жасапсыңар. Эмесе мындай, силер өз вариантыңарды көрсөтөсүңөр. Кандай кылып, кантип тартабыз. Бүгүн барып, мына ошол жагын ойлонгула. Болжолдуу сценарийин түзүп келгиле эртең. Силердин планды карап көрөбүз. Анан мен сунушумду айтамын, – деди.

Агайыбыздын бул сунушу бизге жагып турду. Ордубуздан туруп эле, макулдугубузду билдирип, сыртка жөнөдүк. Гүланда болсо, алдындагы кагаздарын бүтүрө албай, калып калды. Анын да биз менен кеткиси келди эле, агайыбыз:

– Сен шашпай барарсың, тигилерди бир аз иретке келтирип койчу, – деди. Анын айтканынан чыга албаган курбубуз, аргасыздан калып калды.

Ботонукундай көздөрүн жалдыраткан курбубузду аяп, биз сыртка чыктык.

– Эй, ушуга убал болгону турат. Агай да кызык киши экен. Эмнеге аны кармап калды, бизге кошуп жөнөтүп жиберсе эмне болот эле? – деп, Назик арт жагын кылчак карап коёт.

– Өзү да бир нымтыр неме да. Айтпайбы, мен кесибиме үйрөнгөнү келгемин. Бир нерседен экинчисине көчүргөндү итак билем дебейби? – деп, мен да тиги жакта жалдырап калган Гүланданы аясам да, ага ачуум келип баратты.

Биздин болсо алгачкы практика күнүбүз ийгиликтүү өткөнү үчүн деп, киного кирдик, көчө аралап бастык. Балмуздак жедик. Сценарийди болсо, кечинде жатаканабызга келип, биргеликте түздүк. Анда, адегенде балдардын сыртта ойноп жүргөн учурлары тасмага түшүрүлөт, тарбиячылардын аларга кезектеги ыр үйрөтүп жаткан мезгили, ички турмушу, анан балдар бакчанын башчысынын сөздөрү, тарбиячылардын пикирлери, соңунда балдардын 3–4 концерттик номерлери берилет. Аларды тизмектетип жазып койдук. Гүланда болсо, түн бир убакта келди. Кабагы бүркөө.

– Мынча кеч кайда жүрөсүң? Жалгыз көчөдө жүргөндөн корккон жоксуңбу? – деп, ал босогону аттаганда эле суракка ала баштадык.

– Ээ, жумуш кеч бүттү да, – дейт ал чарчаңкы абалында, оор үшкүрүп.

– Койсоңчу, ушул убакка чейин ким иштесин. Калпты да окшоштуруп айтсаң боло?

– Чын айтам.

– Ай, ким билет? – Мен ага какшыктай сүйлөдүм.

– Ишенбесеңер койгула, ал өз эркиңер. Чарчадым... деди да, дароо эле жатканга урунду. Биз аны келет деп, тамак жасап, ичпей олтурганбыз да.

– Эй, сен кайда? Тамак ичпейлиби?

– Курсагым ток... деп, бурк этти ал.

– Аа, мына, мына. Жумушта эмей эле, агайың менен ресторанда жүрүпсүң да ээ?

– Кызыксыңар го, кайдагы ресторан? Келе жатып, жолдо эле бир стакан кофе ичтим.

– Ким менен?

– Өзүм эле...

– Эй, былтык, чыныңды айткының, караңгыда өзүң жалгыз эч качан кофе ичип олтура албайсың. Калп айтып жатасың. Анан кофеге курсак тойбойт. Биз сени келет деп, тамак ичпей олтурсак.

– Болуптурчу эми, тим эле тергөөчү болуп аласыңар да... деп, Гүланда аргасыздан, биздин жаныбызга келип олтурду. Үчөөбүз күндөгүдөй олтуруп тамак ичтик. Назик анекдот айтканды жакшы көрөт да, ал дагы ошондой айтып жүрчүүлөрүн кайталаса да, каткыра күлүп олтуруп тамак ичтик. Гүланданын жүзүнөн баары бир чарчаганы сезилип эле турду.

Эртеси дагы агайыбыздан тил укпайлы деп, эрте жөнөдүк. Гүланда да, бир аз көңүлү шайдоот тарта, ордунан тез туруп, кийинип, бизге кошулду. Жетекчи агайыбыз ар күнү саат тогуздарда жумушка келет белем, биз аны дагы күтүп олтурдук.

– Кызык агай го, саат сегизден кечикпегиле дейт да, өзү жок – деп, шашма Назик, сыртка улам чыгып-кирип жатты.

– «Молдонун айтканын кыл, кылганын кылба...» дегендей да – дедим, мен да аны коштой.

– Баса, ал уктап калса керек. Кечээ тиги сулуу кыз экөө түн киргенче иштешкен да... – деген Назик мага көз кыса, жер карап, ойлуу олтурган Гүландага тийиштик кылды.

– Агай эрте эле кеткен... – деп, Гүланда эми гана сөзгө аралашты.

– Анда неге эмдигиче жок.

– Жолдо машинасы бузулуп калса керек.

– Ээ, эмне шашасыңар, бизге убакыттын өткөнү керек да... мен, агайдын кеч келгенин самап кеттим ушу кезде. Анткени, «биз жазган сценарийден баары бир кемчилик

табат. Анан эки саат мээни чагат да. Эзилип көп сүйлөгөн неме экен. Же, журналист менен жазуучулар ушундай болушабы?» деген ой кыялына чөмүлүп кеткен экемин, жетекчи агайыбыздын кирип келгенин да сезбей калыптырмын.

Кечээкисинен да тыкыя кийинген агайыбыз кирип келгенде эле жагымдуу атырдын жыты бурк этти. Сумкасын стол үстүнө койду да, ордуна олтуруп:

– Канаке сулуу кыздар, жаза алдыңарбы? – деп, бизге карады.

– Билгенче жазып келдик, анан карап көрүп айтасыз да, – Назик шартылдаган мүнөзү менен сумкадан кагаздарды алды да, агайдын алдына акырын жылдырып койду. Агай үн катпай, биз жазган сценарийди окуп жатты. Өтө кылдаттык менен окуду. Ар бир сөзүбүзгө маани берип жатты. Кыйлага чейин окуду. Биз да үн катпай, олтура бердик. Бир кезде, кагаздардын баарын топтоштурду да, бизге жалт карап алып:

– Идеяңар жакшы. Бирок, биз эң алдын таланттуу, өнөрлүү балдарга басым жасообуз керек. Бала бакчанын ички турмушу алардын фонунда гана үстүртөн берилет. Тарбиячылардын, башчысынын сөзүнүн зарылдыгы жок. Силер мындай кылгыла. Келерки жумада тасмага тартабыз. Бүгүнтөн баштап ошол балдар бакчанын башчысы жана тарбиячылар менен биргеликте балдардын концерттик номерлерин даярдагыла. Формалары жакшы болсун. Эгерде даяры жок болсо, тиктиришсин. Тасмага балким жеринен тартабыз. Ошол жагына жакшы көңүл бөлгүлө, – деди.

Агайыбыздын сөзүн эки кылбай, биз дароо эле балдар бакчасына жөнөп кеттик. Башчы эжейге пландарыбызды айттык эле, ал дароо музыкант агайды чакыртып, биз менен биргеликте иштөөсүн талап кылды.

Ошентип, эми биздин иш күнүбүз балдар бакчасында өтө баштады. Балдар менен иштөө кыйынга турду. Азыр эле жаттаткан ырды дароо унутушуп, башканы айтып туруп алышат. Кежирленгени болот. Биз эмес тарбиячы-

ларга да баш бербегендери чыгып жатты. Бир бала ырдап жатса, калгандары коштоп, жок дегенде кол чаап туруусу керек. Андайды канча какшап айтып жатсак да, тултуюп олтуруп алышат. Балдар менен түшкө дейре эки сааттан, түштөн кийин эки саат иштешебиз деп, суй жыгылып жаттык. Мындагы тарбиячыларга ыраазы болобуз, «кантип гана чыдап иштеп жатышты болду экен?» дейбиз экөөбүз аларга суктана. Балдар менен иштеп жүрүп, өзүбүз да бала болуп кеттик окшойт. Бир жагынан кызыктуу да экен. Бул күндөрдө Гүланда курбубуздун абалын сураганга да убактыбыз болбой жатты. Себеби, биз бакчадан чыгып эле, жатаканага келебиз да, экөөбүз олтуруп алып, эртеңки пландарды түзөбүз. Бул кезде Гүланда жок болот. Ар күнү эле кеч келет. Эмне кылып жүрөт, бизге белгисиз. Биз жатып алган кезде келет, жылтырап. Анын абалын сурагандан көрө бизге уйку ширин болуп кетет. Эртеси биз жөнөп жатканда, ал уктап аткан болот. Ошентип, аны менен мамыр-жумур олтура да албай жүрдүк.

Кантсек да, бир жумада балдардын 6 номер ырын даярдадык. Эки бий болду. Агайыбызга билдирсек, «болот, жетишет» деди, бизди сүйүндүрүп. Анан тасмага тартуучу күн да келди. Чыгармачыл топ аны балдар бакчасынын өзүнөн эле ишке ашырууга макул болушту. Режиссер эжей бакчадагы жасалгага ыраазы болду да, бүт техникаларды бул жерге алып келди. Оператор, үн режиссерлор да бар. Биздин жүгүрүп жүрүп жасаган мээнетибиз жакшы эле үзүрүн берди окшойт. Анын үстүнө бакча башчысынын жардамы чоң болду. Туш-тарабынан камера тартып жатса, сүрдөбөстөн, такылдап ырдап жаткан, бийлеген балдарга ыраазы болдук. Жетекчи агайыбыз биздин ишти көрүп, жакшы баалады.

– Эми курапштырылып, көркөм кеңешке жагып, анан эфирден берилсе гана ишиңердин жыйынтыгы болот, –деди. Негизгиси жетекчи агайыбызга жагып жатканына сүйүндүк. Ал тасмабыз эфирге даярдалганча, агайыбыз дагы тапшырма берди. Мунубуз балдардын көркөм өнөр

мектебинен тартылмак болду. Назик экөөбүз ошентип тыным албай иштеп эле жаттык. Тапшырманы так аткаргандыгыбызданбы жетекчи агайыбыз тындырбайт дегеле. Ал эми Гүланданы негедир жанынан чыгарбайт. Ал болсо тымпыйып бизге ачыла бербейт. Абалын сурасак «жакшы» дегенден башканы айтпайт. Билинбей бир ай өтүп кетти. Бул аралыкта биз төрт көрсөтүүнү даярдоого жетиштик. Бул биз үчүн чоң ийгилик эле. Жетекчи агайыбыз да:

– Канча практиканттарды көрдүк. Силердей болуп жүгүрүп иштеп беришкендери чанда гана. Азамат кыздар экенсиңер. Буюрса силерден жакшы журналист чыгат го, – деди. Ал эми Гүланда бул аралыкта бир да жолу сьемкага чыкпады. Бир да көрсөтүүгө катышкан жок. «Кийин сабакка барганда кантип отчет берет десең?» дейбиз, андан кыжалат болуп. Кайра «агай жакшылап мүнөздөмө жазып берет да» деп, коёбуз, өзүбүздү жооткотуп.

Бир күнү жумушка келерибиз менен, жетекчи агайыбыз:

– Эки күндөн кийин балдардын эс алуу лагеринен тасма тартылат. Алыс жерге барабыз. Үчөөңөр тең барасыңар. Жылуу кийимиңерди алып алгыла, – деди. Сүйүнгөнүбүздү айтпа.

– Шаардын үп тарткан ысыгынан бир аз да болсо алыстап, эс алып келет экенбиз, – дедик.

Айткандай эки күндөн соң чоң топ менен жөнөп кеттик. Керектүү аппаратуралар жүктөлүп, режиссер эжейден тартып, операторлор, үн режиссер, техник дегендер бар. Лагерь кыйла алыс, токойлуу жерде жайгашкан экен. Таза абадан кере дем алып, дароо жыргай түштүк. Тээ төмөндөн бышкан суу агып турат шаркырап. Асман тиреген карагайлар, жапжашыл чөптөр, түркүн гүлдөр, көңүлүңдү көтөрүп, жашоонун кереметин сезе баштадык. Лагердин жетекчилери менен алдын ала сүйлөшүлүп коюлган экен, алар жылуу тосуп алышып, бизди бош катедждерге жайгаштыра башташты. Ал эми жетекчи агайыбызга, режиссер эжейге делип, боз үй даярдалыптыр. Агайыбыз ачык эле:

– Гүланда менин жанымда болот, – деди, адаттагысындай. Биз таң калдык. Жумушта го мейли. Бул жердегисине түшүнбөй жаттык.

– Агай, мен кыздар менен эле болоюнчу, – деди нымтыраган Гүланда жер карап.

– Ой, кызыксыңар го. Мени караган бирөө болуш керек да. Кийим-кечемди иреттеп, чай берип дегендей. Атаңдай болгон кишиден эмне коркуп жатасыңбы? – деп Гүландага суроолуу карады. Жүзүндө ага карата кыжырлануу да сезилип турду.

– Жок агай, антсе да, биз чогуу болгонубуз жакшы да.

– Чогуу болбой эмне, булар башка жакка кетет дейсиңби? Баарыбыз бирге иштейбиз. Болгону сен көбүрөөк менин жанымда болушуң керек да, тынбай иштейбиз, сценарий түзөбүз. Кагаз менен иштей турган жумуштар болот, – деди агай да уялбастан.

– Биз баарыбыз эле көз салып турабыз, агай. Кийимдериңизди тазалап, үтүктөп дегендей, чай деле берип турабыз, – деп Назик экөөбүз курбубузду аяган болуп, жарыша сүйлөдүк.

– Жок, Гүланда жасай турган иш көп, – деп «сөз бүттү» дегендей, агайыбыз кесе сүйлөдү. Улуу кишинин сөзүн эки кыла албай, бизге көрсөтүлгөн орунубузга кеттик. Режиссер эжей деле ашыкча сөз айта албады. Сумкаларын сүйрөй көтөргөн Гүланда болсо аргасыздан агайдын соңунан түштү. Алар үчүн тигилген боз үй кыйла четте экен. Бул агайдын өзүнүн каалоосу менен жасалган нерсе белем. Бул жерде он күнчө болот экенбиз. Эртесинен баштап балдарды машыктырабыз. Мында ар кайсы жактан балдар келишет экен. Топтор арасындагы балдардын кызыктуу мелдештерин өткөрөт турбайбызбы. Ал күнү жайгашуу менен күн өтүп кетти. Кечкисин эс алып жаткан балдардын оюн-тамашаларын көрдүк. Алар менен бирге бийледик. Балалыгыбызды эске салгандай болдук. Бул жерде аба таптаза, салкын. Түнкүсүн тим эле жыргап уктадык. Улам ойгонгон сайын Гүланда курбумду эстеп коём.

– Ал эмне кылып жатты экен? Кызык киши экен агай, ээ, Гүланданы эмне жанына алып алды? – деп, Назикке суроо салдым.

– Ошону айтсаң, кызындай болгон немени жанына алып, эмне кылат десең? Биз деле көйнөктөрүн иреттеп берет элек го?.. Мага караганда Назик менен Гүланданын көңүлү жакыныраак эле. Экөө сабакка чогуу даярданышып, анча мынча менден жашырынып да бирдемелерди көп сүйлөшүүчү. Ошонусун эстеп жатты белем, Назик чындап эле агайга ачуусу келип жатты.

– Тиги нымтырагыңда тил жокпу, айтпайбы. Мен кыздар менен болом дебейби десең, ээрчитсе кетип баратат, артынан шөмтүрө-өп.

– Ооба да, тили жок анын. Мындайда быдылдай калчу эле, агайды көрсө эле тил оздон калат экен!

– Агайды сүйүп калбадыбы я, мунуң?

– Агайдыбы? Койчу, кантип эле?

– Анан эмне артынан ээрчип кетти?

– Ошого мен да түшүнбөй жатам.

– Сурабайсыңбы?

– Ой, аның акыркы күндө таптакыр тымпыйып кетти го. Эч нерсе айтпайт.

– Жүр ээрчитип келебиз.

– Келбейт да... Ал азыр уктап калса керек. Уйкучу го...

– Бийге да келген жок.

– Анын андайга шыгы да жок го, бий, оюн-тамашадан илгертен эле качат го...

– Кантип журналист болот десең?

– Ошого менин да башым жетпейт. «Сен адашып келип калгансың» дегемин бир жолу.

– Ал эмне деген.

– Унчуккан эмес... – Назик экөөбүз кыйлага чейин Гүланда тууралуу сүйлөшүп жаттык.

– Эртең жаныбызга чакырып алабыз, уят да эй. Эл эмне деп ойлойт. тиги оператор балдарчы? Жалаң жаш балдар экен.

– Ошону айтсаң... алар бүгүн эле бирдемелерди божурап, Гүландага сырдуу карап жатышкан.

– Тиги режиссер эже деле бирдемени айтса болот эле?

– Аны укпаса керек агай.

– Кантип эле, булар чоң адамдар го, бири-бирин угушат да...

... Лагерде таң эрте атат экен, башкача айтканда, таң супа салганда сурнай үнү жаңырып, балдарды ойгото баштайт. Кыйлага чейин бийлеп, ойноп, араң уйкуга киришкен балдар, ал сурнайдын үнү чыкканда турбаса болбойт. Уйкулуу көздөрүн ушалай, катарга тизилишет. Аянтчаны айланып жүгүрүшөт. Бул алардын күндө жасай турган таңкы көнүгүүлөрү экен. Ушуларды жасаганча таң атып, күн да кылайып нурун чача баштайт. Анан бети колдорун жууп, таңкы тамакка олтурушат. Балдар ага көнүп калышкандай, дегеле жүздөрүнөн наарazы болгон түрлөрүн байкабадык. Тескерисинче, шайдоот жүрүшөт. Биз да сергек ойгондук. Түн бир оокумга чейин сүйлөшүп жатсак да, уйкубуз каныптыр. Абасы керемет. Айланага көз чаптырсаң, өзүнчө ырахатка батасың. Кыргыздын ушундай көрктүү, сулуу табиятына, таза абасына сугубуз артып, тойбой турдук. Балдардын таңкы көнүгүүлөрүн суктана карап турдук. Биз да аларга кошулуп, ошол көнүгүүлөрдү жасагыбыз келип турду.

Алардын таңкы тамагынан соң, атайын жыйын өткөрүшүп, телевидениеден келгендигибизди айтып, бүгүнтөн тартып, атайын көрсөтүү тартылаарын, ал үчүн алдын ала даярдана баштай тургандыктарын лагерь башчысы түшүндүрүп өттү. «Урра-алап», сүйүнгөндөрүнөн алакан чаап жиберишти. Ал эми биз үчүн атайын тамак даярдалат. Кой союлуп, кымыз белен. Боорсогу менен токочу да бар. Атайын тамак жасаган адамдар жүрүштү. Менин турмушумдагы алгачкы мындай сый-урматты көрүп, кесипти туура тандап жатканыма кубандым. Ал эми мындагы аракетибиз жетекчи агайыбыздын көрсөтмөсү менен гана болуп жатты. Дагы деле Назик экөөбүз ажырабайбыз. Гүланда болсо боз үйдөн чыкпайт. Кагаздар-

ды эле жазып жатат. Эмне экенин бизге айта бербейт. Аны ошол үчүн эле алып келген белем. Сыртка көп чыкпай, бизден четтеп эле жүрдү. Биз эртели кеч балдар менен, алар ойной турган оюндарды, өтүлө турган мелдештерге карата даярдайбыз. Бул аралыкта оператор жигиттер менен да жакындан таанышып алдык. Мурда алардын сыртынан билсек, эми алардын аты-жөнүн да билип, алар менен кадимкидей ымала түзө баштадык. Талаада жүргөндө бири-бирине жакындай түшөт турбайсыңбы, алар да бизди өздөрүнө жакын санап, билбегендерибизди үйрөтүп жатышты. Режиссер эжей болсо, апабыздай кам көрөт. Биздин абалыбызды тез-тез сурап турат. Курсагыбыз токпу, эч жерибиз ооруган жокпу, кыйналбадыкпы, сурай берет. Бир ирет Гүланданы аяп жатканын баамдап калдым. «Жаш кызга убал болду го»– дейт. Биз ал сөзүнө маани бербедик. Гүландананын боз үйдөн чыкпай, үңкүйүп олтурганын, бизчилеп эркин баса албай, кечкисин бийге да чыкпаганын аяп жатса керек дедик.

Бир күнү түш ченде агайдын башка жакта жүргөнүнөн пайдаланып, боз үйгө баш бактык. Гүланда төшөктө бүрүшүп жатат. Уктап жаткан го деп:

– Ай-ий, уйкучу, ушул кезге чейин уктайсыңбы? – деп, барып эле үстүндөгү төшөктү сыйрып жибердик. Чоочуп кеткен ал, ордунан ыргып тура калды.

– Ушунча да уктайсыңбы? Сени иш кылып жатат десе, көрсө уктап эле жаткан турбайсыңбы? – деп, анын кысынганына болбой, экөөбүз эки жагынан ажылдай бердик. Кызык, эки кишилик төшөк салыныптыр. Боз үйдүн ичи иретсиз. Агайдын буюмдары да, Гүланданын кийимдери да чачылып жатат. Иретке келтирет деген кызы ушулбу? Анан неге эки кишиге орун салынган? – дегендей, боз үй ичине назар сала баштаганыбызды баамдап калды көрүнөт, ал кымтылана олтура кетти. Ич кийимчен экен.

– Кыздар мени жайыма койгулачы?.. Баргылачы?.. Кеткилечи? – деп жүзүн ала кача сүйлөдү.

– Кызык, сага эмне болду? – шакылдаган Назик, жанына жакын барып, жүзүнө тигилди.

– Эч нерсе... эч нерсе болгон жок. Мен чарчадым... уйкум келип жатат... – үнүн акырын чыгарып сүйлөдү.

– Түнү менен уктабай эмне кылдың? Түш болуп калганда уйкуң келеби? Сен өзү башкача болуп турасың эй?

– Айтып жатам го, жайыма койгулачы?

– Мен сага айтып жатам, ушу сенде бир сыр бар. Тымпыйып эч нерсе айткың келбейт ээ? – мен да ачуум менен сүйлөдүм. Ырасында да анын жүзүнөн бир сырды окуп жаттым.

– Ооба, сенде бир сыр катылуу турат. Айта албай жатасың? Балким бизге түшүнүксүз болуп жаткандыр... Же ооруп жатасыңбы? – эми эле шакылдап жаткан Назик аны аягандай түр менен үн катты.

– Жок... менде эч кандай сыр жок. Чарчадым... баргылачы... ишиңерди кыла бергилечи... суранам... – деген курбу кызыбыз, ыйламсырай, бизге тиктеди. Көздөрү жашка да толо түштү. Биз анын өтүнүчү менен сыртка чыктык. Экөөбүз бири-бирибизди карап, «баары бир сыр бар мында» деген жазууну айттырбай окуп турдук. Экөөбүздү эми курбубуздун абалы ойлондура баштады. Бош боло калсак, аны кеп кылабыз. Дагы барып абалын сурагыбыз келет. Бирок, ачыла бербеген, тымпыгый неме, дагы шагыбызды сындырып, жолго салабы дедик. Агайыбыздын болсо көңүлү шайдоот. Бизге тапшырманы берип коёт да, боз үйгө шашылат. Кымызды жакшы көрөт экен. Эрмеги кымыз ичүү, эс алуу. Анан Гүланданы сыртка чыгарбаганы кызык болду. Тез эле белгиленген убактыбыз да бүтүп, керектүү нерселердин баарын тасмага түшүрүп бүттүк. Агайдан да режиссер эже көп иштеди. Бизди жанына чакырып алып, ар нерсеге жумшайт. Бир ишти баштаса, аягына чыгармайын жаны жай албаган неме экен. Убактыбыз келип, кайра артка жөнөй турган убакыт да келди. Шаарга кеткибиз келбейт негедир. Бул жердеги турмуш ар бирибизге жагып турду. Шаарда эмне, кыжылдаган эл. Күндүзү кабинеттерде олтуруу мүмкүн эмес.

Сыртка чыксаң, мээ кайнаткан ысык. Арга жок, кетүүгө туура келет. Жөнөй бердик. Кандай келсек, ошондой болуп, артка сапар тарттык. Келгендегиден баарыбыздын сырт келбетибизде өзгөрүү болуптур. Өңүбүзгө кызыл жүгүрүп дегендей. Агайыбыздын негедир курсагы челдейип калгандай. Гүланда курбубуз гана сумсайыңкы жана ойлуу баратты. Бизге кошулуп ырдабайт да, күлбөйт дагы. Шаарга чейин бир калыпта келди. Шаарга жеткенде агайыбыз бизге үч күнгө уруксат берди. Үчөөбүз жатаканага келгенде да, Гүланданын кабагы ачылбады. Биз ага бир нерсе дештен батына албай турдук.

– Практика бүткөндөн кийин үйгө барып келгенге уруксат беришсе жакшы болот эле, – деп койдум мен, эптеп сөз баштоо үчүн.

– Эмнеге? – деди Назик.

– Ата-энебизге барып, сагынычыбызды таркатып келбейлиби?

– Ансыз деле берет. Сабак октябрда башталат тура. Туура жыйырма күн эс алабыз буюрса. Ошондо баарына жетишебиз, – деп койду ал. Биздин сөзүбүз ошону менен үзүлдү, жолката чарчадык көрүнөт, буюмдарыбызды иретке келтирбестен туруп, кроватыбызга куладык. Уйку катуу болду. Эртеси күн шашке болуп калганда ойгондук. Назик жатат, Гүланда жок. «Эрте турган го», – деп койдум.

Бирок, кыйлага дейре ал кирген жок. «Жуунганы кетти бекен? Же, көчөгө чыгып кетти бекен?» Назик экөөбүз ордубуздан туруп, бөлмөбүздү иретке келтирдик. Чай ичтик, ал келген жок.

– Кызык, кайда кетти ал, я? – дейт Назик.

– Билбейм... ушул кызда бир сыр бар эй, – дедим.

– Чын эй, тымпыят эле тымпыят.

– Мурда эле ачыбаган камырдай мелтейген неме эле. Ого бетер, былтыйып...

– Ошону айтсаң... деги ушундан кандай журналист чыгат дейм да?

– Адашып келип калган да...

– Балким жакшы журналист чыгат... азыр ачылбаса, кийин диплом алып, иштей баштаганда өзгөрүп кетет чыгар, ким билсин?

– Ай, күмөнүм бар го. Студент кезде кандай болсо, кийин иштегенде деле ошондой болот, – деп агайлар айтышат го.

– Жок, мен ага кошула албайм. Адам өзгөрөт. Мунун ичинде көп нерсе катылып жаткандыр. Чоң таланттыр балким. Тымпыйганы тим жеринен эмес го. Кезеги келип, ушундан чыгаан журналист, же, чоң акын, жазуучу, публицист чыкса не болот?

– Жакшы болот... биздин курсташ деп, сыймыктанып калабыз да.

– Ооба десең... бүгүн бир шаарга чыгып, киного кирбейлиби я? – кино дегенде жантыгынан кеткен Назик, өзүнчө эле сүйүнүп алды.

– Тиги келсин... үчөөбүз чогуу баралы.

– Келбесечи?

– Келет да, кайда бармак эле?

– Айылына кетип калсачы?

– Эмнеге, практика бүтө элек да...

– Эми аз калды деп, кетип калсачы?

– Андай болушу мүмкүн эмес... келет... – экөөбүз кобурашып, анын келишин күтүп олтуруп, күндү кечирдик. Ал келбеди. Эртеси да келген жок. Агай уруксат берген үч күнүбүз да өттү. Төртүнчү күнү белгиленген убакта жумушка бардык. Эрте келип, агайыбызды күттүк.

Агай келип эле Гүланданы сурады.

– Ал жок, агай, – дедик.

– Эмне практикага келбейм дейби?

– Билбейбиз... үч күндөн бери жок. Бая күнү чогуу келгенбиз. Келип, жатканбыз. Эртең менен турсак эле жок...

– Кызык кызсыңар го?.. Кайда кетет?.. Силерге эч нерсе дебедиби?.. – Агайдын ачуусу келе сүйлөдү. – Аны силер капа кылган жоксуңарбы?

– Эмнеге капа кылабыз? Чарчап келип эле, жатып калганбыз да. Анын туруп кеткенин билбей калыптырбыз...

– Анын үйү кайда? Кай жерлик?

– Нарындан... алыскы айылдан иши кылып...

– Так билбейсиңерби?

– Жок...

– Кызык экенсиңер, бирге окуган курбуңардын кайсы айылдан экенин билбей?

– Эми майда айылды билбейбиз да айтканы менен деле. Нарындык экенин билебиз, – экөөбүз жарыша сүйлөп жаттык.

– Практикаңар качан бүтөт эле?

– Он эки күн калды.

– Аа, анда бүтүп калыптыр... экөөңөр жакшы иштедиңер. Тиги жактан тартып келгендерди режиссер өзү эфирге даярдайт. Силер эми эс ала бергиле. Каникулга чыгасыңарбы? – жетекчи агайыбыз негедир үзүк-үзүк сүйлөп жатты.

– Чыгабыз го. Сабак 1-октябрда башталат дешкен.

– Анда силер он эки күнүңөрдү да эс ала бергиле. Окууңар башталганда келесиңер, практика боюнча тиешелүү кагаздарды берем. Азыр мага тиги күндөлүгүңөрдү, башка кагаздарыңарды таштап кеткиле, – деди. Биз ичибизден кымылдаганыбыз менен, жетекчи агайыбыздын азыркы абалына таң калып турдук.

– Тиги жактагы агайларыбыз билип калышсачы? – деп койду Назик атайы агайды сынамакка.

– Билишпейт... практикаңардын жетекчиси мен болуп жаткандан кийин, мен билем да. Бара бербейсиңерби, айтканды кылып... негедир агайдын ачуусу келе түшкөнсүдү. Күчөтүп албайлы деп,

– Макул агай, жакшы калыңыз, – дедик да, ээрчише сыртка чыктык. Экөөбүздүн тең ичибизден кыжалат болуп турганыбыз байкалып турду.

– Тиги... жанагы... курбуңарды көрсөңөр айтып койгула, ал да күндөлүктөрүн тапшырып кетсин, – деп койду агайыбыз биз чыгып бара жатканда. Агай айтпаса деле биз да Гүланданы ойлоп баратканбыз... Жатаканага келип калгандыр деген үмүттө, тез-тез басып жатаканага келдик. Дагы деле жок ал.

– Деги бул кызга жин тийген жокпу? – Назик, ал жаткан кроватка олтуруп жатып ушуну айтты.

– Үйүнө кетип калса керек. Болду болбоду ал үйүнө кеткен.

– Эч нерсе айтпай эле кете береби? Ушундай да жоопкерчиликсиз кыз болобу аа?

– Болгону ошол да... унчукпай басып кеткенин карасаң...

– Шаарда бир эжелери бар болчу, ошонукуна кетпеди бекен?

– Кандай эжелери?

– Жакын эле. Атасынын карындашы болсо керек, – Назик, ушу нерсени ойлогонуна корстоно, аны таба тургансып сүйлөдү.

– Үйүн билесиңби?

– Бир жолу барганбыз. Издесек табам.

– Анда барып келбейлиби? Ырастан да ошол жерде чыгаар, айылына кете албаса керек? Экөөбүздүн оюбуз бир жерден чыккангабы, Назик кудундай, даярдана баштады. Анын эжесинин үйүн тез эле таап алдык. Назиктин жакшы сапаты бир барган жерин экинчи кыйналбай эле таап алат. Көп кабаттуу үйдө турат экен эжеси. Коңгуроосун каксак, арык киши ачты.

– Гүланда келген жокпу, биз курсташтары болобуз, – дедик жарыша.

– Гүландабы, качан?

– Эки-үч күндүн ичинде?

– Бая күнү келип, анан бир сумкабы таштап, анан кеткен. Кийин келген жок, – деди ал киши биздин кобурашып жатканыбызды угуп калдыбы, ичкериден бир аял басып келди. Аны Назик тааный коюп:

– Саламатсызбы эже? Жакшы турасызбы? – деп, аны менен ысык саламдашып жиберди. Ага кошулуп мен да салам айттым.

– Биз Гүланданы издеп жүрдүк эле. Келген жок беле?

– Ал айылга кетти. Практикабыз бүттү, эми каникулга чыктык деди го? – деп, тиги аял, бизге суроолуу тиктеди.

– Ооба, практикабыз бүткөн. Жооп да беришти. Ал бизге айтпай кетип калган окшойт... – эмне деп сөз айтаарыбызды билбей, үзүл-кесил оозго келгенди сүйлөп жаттык.

– Үйгө киргиле, киргиле, – деп эжеси эми гана бизди үйүнө кирүүбүздү өтүнүп жатты.

– Жок, ырахмат! Биз баралы. Биз да үйүбүзгө кетип жатканбыз... Жакшы калыңыздар, – деп шашыла коштоштук да, жүрүп кеттик.

Анан бул жерде жүрө бербейли дедик да, эртеси экөөбүз өз айылыбызга жөнөп кеттик. Башка курсташтарыбыздан кыйла көп эс албай болдук.

Мен айылыма келип, ата-энем, бир туугандарым менен боор батырышып, алардын ишине кол кабыш кылып жүрүп, каникулдун кандай өткөнүн да билбей калдым. Айылда жумуш көп да. Дегеле тыным алышпайт. Эгин жыйноо, кышка карата малдарына тоют топтошот. Колумдан келишинче жумуштарын жасаган болом, тууган-уруктар менен учурашууга да убакыт болбоду. Кыйлалары шаарда окуган, каадалуу адам катары атайы келип, мени менен учурашып кетип жатышты. Кызык, мен аларга баруум керек эле да. Тескерисинче, улуусу да, карысы менен жашы да атайы келишкендер болду. Үйүнө меймандыкка чакыргандары канча, айылдыктардын ушул пейили жакшы да. Мен тим эле аларга пайдам тие тургансып, жөнөп жатканда тапканын алып келишкеничи. «Чай ичип кой» деп, колума тапкан тыйынын да бергендеричи. Шаарга алып кете турган сумкамды көтөрө албай жолго чыгам. Узатуучулар да көп. Ушул учурда эң бактылуу, анан эң сыйлуу адам катары сезем өзүмдү. Бир жылдык азыгыбыз салынды окшойт. Кантсе да эки жылдан бери үйрөнүшө түшкөн шаарыма жетүүгө да ашыктым. Кыска аралыкта эле өзгөрүп кеткендей туюлуп турду. Жатаканага менден мурда Назик келиптир. Ал жайгашып, үйүнөн ала келгендерин иретке келтирип, жуунуп-таранып турган экен. Кыйла сагыныша түшүптүрбүз, тим эле өбүшүп-жыттaшып эле калдык. Дагы Гүланда кечикти. Сабак башталаарын билет да. Практиканы мын-

дай өткөргөнү менен сабакты жакшы окуучу. Калчу эмес. Ошол күнү келген жок. Эртеси биз 3-курстун биринчи сабагына бардык. Курстагылардын тең жарымы эле келиптир. Алыскы райондогулар жок негедир. Ошолордун катарында Гүланда эми келээр деген үмүт менен турдук. Бирок, ал күнү да келбеди.

– Ага эмне болду десең. Эмне сабакка да келбейби? – дейбиз, бушайман болуп.

– Бул кызга эмне болду деги? – баягы эле Назиктин чый-пыйы чыга баштады ал кечиккен сайын.

– Үйүнө телеграмма салбайлыбы?

– Айылынын так адресин билбейм да, сурап койбоптурмун, карачы.

– Ар бирибиздин адресибиз жазылат го. Деканаттан сурабайлыбы?

– Ий, десең, чын эле. Ошол жактан сурап көрөлү, – менин ушул акылыма чындап кубанган курбум бетимден өөп да жиберди.

– Акылыңдан сенин. Туруп эле сенден да гениальный акыл чыгат эй, – дейт ал.

Ошол мен ойлоп тапкан акыл боюнча деканатка бардык. Кызык анын району анан колхозу эле жазылыптыр. айылдын аты жок.

– Колхоз деп эле жаза беребиз да. Барат чыгаар, – дедик да, «Сабак башталды, тез кел» деп, телеграмма жөнөтүп жибердик. Анан курбубузду күтүп жаттык. А күндөр болсо өтө берди. Күз ушунчалык тез өтөт го. Жалбырактар түшүп, аба суук тартып, жылуу кийим кийип баштадык.

Бир күнү сабактан чыгып эле, өзүм жалгыз дүкөн аралап кеттим эле. Жатаканага келсем, Назик ыйлап олтурат. Колунда кагаз.

– Эмне болду сага?

– Ме, мобу катты оку, анан түшүнөсүң, – деди бурк этип. Анын колундагы кагазды алдым да, окуй баштадым.

«Жан курбуларым, амансынарбы?» – деп башталыптыр. Гүландадан экенин жазбай тааныдым. «Мени эстеп

телеграмма салганыңарга ыраазымын бирок, мен сабакка бара албайм, жагдай ушундай болуп калды. Аным үчүн мени кечиргиле. Мен силерди сагындым. Абдан сагындым. Кандай жүрөсүңөр? Экөөң тең алтын кыздарсыңар, силерди ойлогондо өзүмдү коерго жер таппай калам. Мен эми ал жакка бара албаймын. Менин келечегим кертилди. Мен эми жок адаммын. Менин бактыма балта чабылды. Менин убалыма калды. Ал ким дээрсиңер. Ал биздин практикадагы агай. Биринчи күндөн эле мени өзүнө имере баштаган да. Силер жүгүрүп иштеп жүргөнүңөрдө, практиканын онунчу күнүндө кагаздарын жаздырып жүрүп, ошол жазып жаткан кагаздарымды бүтүргүн деп, кеч алып калып, кабинеттен эле, ой-боюма койбой, «сен үчүн өлөм, мен сени жыргатам» деп, тиземе жыгылып жатып, ыйлап жатып, аялдыкка алып койду. Ошол күндөрдө силерге эч нерсе айта албадым. Сырын ичине каткан, жаман кыз катары билесиңер да. Ошондой жаман кыз болдум. Ошол мүнөзүм өз башыма тийген муш болду. Лагерде жүргөндө канча жолу мени уруштуңар, ошол күндөрдө айтайын дедим, батына албадым. Кеч болуп калган эле да. Көңүлүм айланып, эч нерсе жей албай, кыйналып жүргөн кезим эле да. Агай болсо, «мага уул төрөп бересиң, мен сени башка жакка алып кетемин. Эч кимге көрсөтпөй багамын» деп, кымындайт. Мен кантип ага бала төрөп берем? Мен кантип атамдай кишиге аял болом? Эки уулу эле бар тура. Алар эбак эр жетишиптир. Алар менден кыйла жаш улуу экен. Эми мени аялдыкка алам дейт. Ошол улуу киши менен кантип жашоо болсун? Мен андан качып гана кутулушум керек болду. Бирок, баланы апам канча жолу алдырып сал деп кыйнады. Көшөрүп жатамын. Айылдагыларга, окуп жүрүп күйөөгө тийген экен, анысы армияга кетиптир, ал келгенде алып кетет» деп айтып жатышат. Курсагым болсо бөрсөйүп эле баратат. Аман-эсен көз жарып алсам, окуумду улантаармын, тиги кишиге болсо мен тууралуу эч нерсе айтпагыла. Силер мага капа болбогула. Ичимдегини ачык айтпаганыма капа болбогула, суранам. Мени кечиргиле, Жан досторум. Аман

болсок көрүшүп калаарбыз. Бул катты экөөң гана окугула, мен жөнүндө экөөң гана билгиле. Ушул күндөр унутулса, окуумду улантармын. Силерди сагынган досуңар...»

– Мына сага... мына сага практика... мен кагазды мыкчый кармап олтуруп калдым.

– Мына сага ... кайран кыз... практикадан ушуну таптыбы?

– Тымпыгый... Мен айтпадым беле, мунун ичинде бир сыр бар дебедим беле? – шалдайып олтурган Назик үнүн катуу чыгарып, кыжырланып жатты.

– Карачы, кандай акмак киши ээ?

– Ким?

– Жанагы агай? Тим эле сыртынан жылтырайт... Дагы китептерди жазганычы? Акыл үйрөтүп жазат го? – Назиктин ачуусу жүзүно чыгып, практикадагы жетекчи агайыбызды каргап-шилеп кирди.

– Акмак... келесоо... алжыган чал... жакшылык көрбөгүр арам чал... небересиндей немени... акмак.

– Ооба десең, балдарынан да жаш немени... убалынан коркподубу аа? Кантип дити барды десең, уятсыз? Аны кайра-кайра сураганында бир мандем бар экен да, уяты жок, чал. Алжыган чал десе... – экөөбүз тең ал агайга кыжырыбыз кайнап жатты.

– Тиги тымпыгыйда да бар да... баарын ичине катып, эзилип кетпейби дейм да. Ээ, өлсүн ошол... мына эми, эмне болду? – Назик, жер муштап ыйлап жиберди. Мага караганда экөө көбүрөөк сырдашчу да, ошондонбу анын чындап эле жаны кейип, ичи ачышып жатканын сезип турдум.

– Кайран кыз... ата-энеси да бир үмүт менен окутуп жатышса керек эле. Алардын үмүтүн да актабай калабы?

– Ата-энеси ага каршы чыгышкан экен. Ал кыргыз филологиясына тапшырган экен. Бизге студенттердин саны жетпей калып, беш студентти ошолордон которгон тура.

– Мына кызык, мен билбептирмин. Аны бизчилеп, бардык сыноолордон өтүп, бизчилеп кыйналып өткөн экен деп жүрбөймүнбү?

Чынында да мындай маалыматты биринчи угушум эле, таң калуумду жашырган жокмун.

– Бирок, өзүнүн жакшы ойлору, максаттары бар болуучу. Кыялкеч эле го. Өз алдынча кыялданганды жакшы көрүүчү, өз алдынча иштегенди жакшы көрүүчү. Көп сүйлөбөгөнү менен көп максаттары бар эле.

– Эми эмне болду, ошол максаттары. Адам күрөшө билүү керек да. Эми алданды, тиги чалдын эркинен чыга албады. Аны унутуш керек болуучу да. Окуй берсе, ким билмек эле?

– Ошенте берсе болмок, ага эрки жетпейт тура. Айылында эмне кылып жүрөт болду экен десең? Күйөөгө берип салышсачы? – Назиктин ою ар жакка кетип жатты. Баш аягы жок суроолорду берет.

– Ии, эми билдим. Бая күнү тиги чалчы, жанагы практикадагы агай сөрөйүбүз, Гүланданы сурап жүргөн. Университетке келиптир да.

– Ай, акмак, кантип, кайсы бети менен келди экен аа?

– Чындап эле аны аялдыкка алайын деген ою бар бекен же?

– Ээ, ошо кара жерге кирсин. Аны менен кантип жашайт ал.

– Кантип жүрдү... ошентип жашай берет да.

– Жазып жатпайбы, аны менен жашай албайм деп, ошон үчүн качып кетти да.

– Жанагы киши эмне таба албайт дейсиңби, жердин түбүнөн болсо да таап алат, эгер керек болсо, чындап издесе.

– Ай-ий, десең, чындап эле таап алсачы? Ата-энесине барып айтсачы? – Назиктин көзү чакчая, мага суроолуу тигилди.

– Антиши да мүмкүн.

– Жок эй, издебейт го. Кантип барат айылына. Бара албаса керек...

– Биз ошол кишиге барып айталыбы яя?

– Эмне деп?

– Акмак экенсиз, жаш кыздын убалына калдыңыз деп...

– Койчу эй, кантип айтабыз, биз эмне көзүбүз менен көрдүк беле?

– Жазып жатпайбы... анан окууга келбей жатканычы?

– Мойнуна алат дейсиңби?..

– Чын эле... – экөөбүз шалдайып олтуруп калдык. Тиги агайды ушунчалык жек көрүп жаттык. Ал эми ботокоз курбубузду сагынып турдук. Аны аяп да жаттык. Ушул чоң кишинин алдында уйпаланып жаткан учурун элестетип түтөп кеттик.

Бирок, курбубуз кайра келип, окуусун улантккан жок. Анын кабарын эч ким биле албады. Кийин да анын кабарын билбей окуубузду бүтүп кеттик... Андан кийин да анын ысмын журналистикадан биле албадым. Кандай тагдырга кабылды экен? Азыр болочок журналисттер практикага келсе, ошол курбумду эстейм. Ушул кыздар да кимдир бирөөгө, кайсы бир ою жаман бирөөгө алданып калышпаса экен деп тилейм.

# ТААРЫНЫЧ

*(Аңгеме)*

Тыкылдаган, чыйрак кызды мектепте окуп жүргөн кезинен билет элем. Журналистикага кызыгаарын айтып, кезиге калсак, тез-тез сүйлөп: «Мен чоңойсом сиздей журналист болгум келет», – деп калчу. Алдына аруу максатты койгон сүйкүмдүү кыздын, бул тилегине жетүүсүн гана каалап койчумун.

Анан күнүмдүк тиричилик, жумуш деп жүрүп, убакыттын зымырап өтүп кеткенин да баамдабай калыптырмын. Ал кыз бой жетип, жогорку окуу жайда билим алып жаткан кезинде бир жолугуштук. Ошол эле тыкылдаган мүнөзү. Бирок, журналистикага эмес, ага таптакыр жакындашпаган окуу жайга тапшырган экен, мындайча айтканда программист болуп чыгат.

– Эч нерсе эмес, дээринде болсо, жөндөмүңө карап, окууңду бүткөндөн кийин иштеп кетсең болот. Анын үстүнө азыр компьютердин заманы го. Муну да билишиң керек, – дедим.

– Ата-энем журналистикага тапшыртпай койду. Экөө тең мени түшүнгүлөрү келбейт. Бирок, мен журналист болууга ушунчалык кызыгам, түшүмө кирет ишенесизби? Аларга айтып ыйласам да болушпай, ушу окууга тапшыртып коюшту. «Мойнунан байланган иттей» болуп араң эле жүрөм. Окубай коёюн десем, контрагымды төлөшүп жатышат да. Билбейм кийин кандай болот? – деп, оор үшкүрүнүп алган эле. Анан ал кыз ыр жазчу. Сагыныч, кусалык, арноо ырларын окуп берчү. Ойлору тунук, се-

зимтал саптар, анын жакшы эле акын чыгаарынан кабар берип турчу. Ошол ырларынын бир тобун мага бергендиктен, анын айрымдарын газеталарга жарыялап жаттык. Студент кезинде коомдук иштерге да жакшы катышып, газеталар менен кызматташ болуп жүрдү.

– Сезимтал кыз, ойлору ачык, даана, анан жаңыны көрө билген, зиректиги бар, – деп газетанын башкы редактору айтканын да уккамын.

– Окуусун бүтсө, бизге иштеп калса да болот, – деп кошумчалаган.

Ошол тыкылдак кыз кыйла жыл өткөн соң, менин бет алдымда чарчаңкы, турмуштан тажаган, айланасындагыларга, дегинкиси адамдарга, жада калса өзүнө өзү тарынып жүргөн абалында турду.

– Мен таарындым, – дейт ал.

– Кимге? Эмнеге?

– Мен баарына таарындым…

– Эмне болду анчалык?

– Мен кээде жашоого да таарынып кетем, ишенесизби?

– Кызыксың, эмне болду анчалык?

– Мени эч ким түшүнө албады? Мен жай турмушту каалап калдым. Буркан-шаркан түшүп, албууттанган ички сезимим жалп өчтү. Баягы бири-бирине уйкашып, «мени жаз, мени жазып кал» деген, сөз тизмектеримди жоготтум.

– Эмне сени бирөөлөр катуу капа кылдыбы? Сен башкача кыз элең го. Сенин максатың бар эмес беле?

– Ооба, кичинемден сизге окшогон журналист кыздарды телевизордон көрүп алып, ушулардай болсом деп тилечүмүн. Өзүмдү ошол телевизор ичинен көрүп, далай жолу чыбыкты микрофон кылып алып, бирөөлөрдөн интервью алчумун да. Үйүбүзгө келген кишилерди эле сөзгө тарта берчүмүн. Алар менен маектешкенди, оюн укканды жакшы көрчүмүн. Ошол оюмдан кайтпай жүрүп, мектепти бүткөндө мага атам менен апам чоң сокку кылышты.

– Эч качан журналист болбойсуң, ал кыздардын кесиби эмес, – деп атам бир оюнан кайтпай туруп алды.

– Эгер журналист болсоң, анда сага үй-бүлөнүн кереги жок болот. Тентип, дубанадай жер безип гана өмүрүң өтөт, көрүп жүрөбүз го журналист кыздарды. Же, үйдөн жок, же, «чүйдөн» жок болуп жүрүшөт. Бул кесип убактылуу гана жумуш. Анын түбөлүгү жок, – деп ага апам да кошулду.

– Туура эмес айтып жатасыз апа, бул эң сыймыктуу, кызыктуу кесип, сиз өзүңүз түшүнүктүү аял болуп туруп ушундай десеңиз, башкалар эмне дейт апа, андан көрө атама түшүндүрүп коюңузчу? – дедим, апама жалдырап.

– Атаңдын сырын билесиң, бир айтканынан кайтпайт.

– Ошондо да түшүндүрүп көрүңүзчү, мен ушул кесипти эле жакшы көрөм. Билесиз го, тээ кичинемден айтып жүрчү элем го. Мектепте өзүңүз сочинение жаздырганда, менин жазганымды мактап эле жатып калчусуз го. Эмне болду сизге? – деп, апамдын да өзгөрүп турганына таң калдым.

– Эми ал балалык кыялдарың болчу. Азыр сен өзүңдүн чыныгы жашооңду тандап жатпайсыңбы? Ушул кесибиң менен өмүрүң өтөт. Мына мен отуз жылга жакындап калды, мугалим болуп иштеп, силерди чоңойтуп жатамын.

– Сиз ушул кесибиңизди сүйөсүз да туурабы?

– Ооба.

– Бала күнүңүздөн тандап алгансыз да?

– Ооба.

– Мына, сиз ошол өзүңүз тандап алган үчүн ушунча жылдан бери бир иште иштеп, тиричилик өткөрүп жатасыз. Мен да ошол өзүм сүйгөн кесибим менен жашагым келет. Мен эл аралап, элден алып, элге бергим келет. Ырларды жазып, артыма из калтыргым келет.

– Ээ, балам, талантың болсо, ырды жаза бересиң, ал эч качан тоскоолдук келтирбейт.

– Жок, апа, келтирет, ушундай келтирет дейсиз. Сиз айткандай эгер мугалим болсом, мен балдарды окутамбы, күнүмдүк сабакка даярданып, күндө сизчилеп, конспекти, план дегендерди жазып, балдардын дептерин текше-

рип, убактымды өткөрөмбү, же, тирмийип олтуруп, ыр жазамбы?

– Мугалим болбосоң, врач бол.

– Ай, ий, врачпы? Ушу менден кандай врач чыгат өзү?

– Окуйсуң, үйрөнөсүң

– Жок, мен ага окуй албайм, башка кесипти эч качан элестете албайм.

– Башка окууңарга барбайм, – дедим.

– Барбасаң кудай жалгасын, үйдө олтурасың, – деди, апам сүйүнүп. Байкаштырып көрсөм, алар өз айткандарынан кайтчу түрлөрү жок. «Мейли, алар жиберген жакка бара берейин» дедим да, атам каалаган факультетке тапшырдым. Окуп жүргөн кездегилерди билесиз да, сабагыма өтө берилип окубасам да, ыр жазып, макалаларды чыгарып жүрдүм. Журналистикага болгон кызыгуум күчөп, окуу жайдагы коомдук иштерде, майрамдарда дайыма алып баруучу болуп, түрдүү оюн-зоок кечелерин уюштурчумун, бардык жерде активдүү жүрчү эмес белем.

Ошол күндөрдө бир жигитти жакшы көрүп калдым. Ишенсеңиз ушунчалык берилип жакшы көрдүм дейсиз. Бет алдымдан элеси кетпейт. Ага болгон ички сезимимди ырларым аркылуу гана сыртка чыгарып жаттым. Ал бала өзүбүздүн эле факультеттин жогорку курсунда окучу. Боюна эч кимди теңебеген, сыланкороз неме болчу... Ошону сүйүп олтурбаймынбы? Мына көрө бериңиз, уктасам түшүмөн кетпейт, бассам-турсам көз алдымда. Аны көргүм келет. Ишенсеңиз ал үчүн баарынан кечип кетким келди. Мындай карасам ал мени эч качан теңине алчудай эмес. Анткени, мингени чет өлкөлүк машина, бирге баскандары жалаң орусча сүйлөгөн, шаардык кыздар. Мен эмне, айылдык, карапайым бир кызмын да. Бет алдынан чыга калсам, көз кырын деле салып койчу эмес. Аны көргөндө муундарым калчылдап, дене боюм дүркүрөп, бир орунда тура албай калчумун. Жалдырап эле тиктей берем. Ошол күндөрдө ал үчүн канча көз жашым төгүлдү. Канча ырларымды арнабадым. Менин бул абалымды бир бөлмөдө жаткан курбум гана билчү. Ага айтып, көз жашымды

көлдөй төгүп алып гана, эс ала түшчүмүн. Сүйүүнүн күчү укмуш тура эже. Менин ал балага арнаган ырларым экиүч дептерге толду го. Ар жолку жазган ырларымды тиги курбума окуп берип, анан аны бекем катып койчумун.

Бирок, ошол курбум мага чыккынчылык кылды. Ыр саптары толгон дептеримди тиги жигитке алып барып бериптир. Анан билесизби, менин атайы жасанып-түзөнүп, майрам күнү түшкөн сүрөтүмдү алып, анын артына тиги жигитке арнаган төрт сап ырымды кошо жазып туруп, алып барып бериптир да. Тиги бала болсо ырларымды окуп, сүрөтүмдү көрүп, мени менен жолуккусу келиптир.

Аны да курбум айтып келди.

– Сени жолугууга чакырды, – дегенде өзүмдү жоготуп коё жаздадым.

– Ким айтты?

– Өзү, сабактан чыгып келатсам, жолуму тосуп, анан сени сурады. Анда бир жумушум бар эле, чакырып коё албайсыңбы? – деди.

– Койсоңчу? Алдап жатасың... ишенбейм, – дедим.

– Эмнеге алдайын, сен да кызыксың? Чыпачын...

– Кандай жумушу бар экен? Кызык... ал мени жакшы деле тааныбаса керек.

– Билбейм... жакшы эле тааныйт окшойт. Мени менен аябай ысык учурашты го. Экөөбүздүн бир бөлмөдө жатаарыбызды да билет экен. Экөөңөр дайыма бир жүрчү элеңер го, бүгүн эмнеге жаныңда жок, – дейт.

– Кызык...

– Мен да таң калдым... сыртыңан көз салып жүрсө керек...

– Ишенсең мен таң калып жатам... кантип эле? Ал жигит мындайча айтканда менин ой кыялымда гана жашай турган ички сезимим да. Болушу мүмкүн да эмес. Билесиң го, анын чөйрөсү башка да.

– Койсоңчу, ал деле биздей эле адам. Кантип эле чөйрөсү башка болсун. Шаарда чоңойсо эле, башка болуп калат бекен? – деп курбум мага ишендире албай жатты.

«Окшошкон сезимдер болобу, бул жигит да мени жакшы көрүп калды бекен?..» – деп, курбумдун айткандарына ынандым да, жолугушууга катуу даярдандым. Курбум болсо, ошондон кийин эч нерсе айтпайт, сыр бербей, тымпыят. Бирок, менин ички туюмум бир нерсени сезип жаткансыды. Антсе да, даярдана бердим.

Жолугуштук. Туулган күнүм болчудай жасанып алгамын. Ушул мүнөттө чексиз бактылуу, чексиз сулуу болуп тургамын. Ал чакырган жерге мурдараак келип турдум. Кыз назы кылып, кечигип келсем деле болмок, бирок, мен аны жоготуп аламбы деп корктум. Мүнөткө кечиксем, ал күтүп тура албайт деп ойлодум. Убадага так неме окшойт, айткан убакыттан бир мүнөт да кечикпеди. Мен болушунча өзүмдү маданияттуу кармаганга аракеттенип жаттым. Эгер мен да шаарда өскөн кыз болсом, тиги жигит менен бирге басып жүргөн кыздардай эле көрүнмөк экемин. «Адамдын көркү чүпүрөк» деп, тим жеринен айтышпайт тура.. Бой келбетим ошолордой эле болуп турбайбы.

– Ырларыңды окуп чыктым... – деди, мен ашык болуп, зар какшап жүргөн жигитим, эски таанышындай эле, кайдыгер сүйлөп.

– Кайсы ырларымды? – мен таң кала сурадым.

– Мага берген ырларыңды.

– Кандай дейсиз?

– Мүмкүн болсо, сен эле дешели. Жашыбызда айырма деле жок болсо керек. Өтө эле сыпайыланганды жактырбайм, – деди.

– Макул... бирок, мен түшүнбөй турам. Кайсы ырларды айтып жатасың...?

– Мага жиберген турбайсыңбы? Баарын окуп чыктым, менимче жакшы эле ырлар го...

– Менби?.. Кимге?.. Эмнеге?.. Кайсы ырлар?.. – Мен таңдана, кайра ага суроо салдым.

– Сенин атың Асылбы?

– Ооба.

– Бизде 3-курстта окуйсуңбу?

– Ооба.

– Ыр жазасыңбы?

– Ооба.

– Анан эмнеге таң калып жатасың?

– Мен эч кимге ыр берген эмесмин да...

– Кантип? Мобу дептерди ким берди мага? Сени берди дешти го? – деп эртеден бери колунда кармап турган эки калың дептерди көрсөттү. Назар салсам менин ыр жазган дептерлерим.

– Ой, кызык, муну ким берди?

– Кыздар беришти го... Силердин курсуңардан го.

– Кайсы кыз? Кандай кыздар экен?

– Жакшы тааныбайт экемин аларды, аттарын билбейм, бирок, сыртынан көрүп калчумун. Сени да бир-эки ирет көрсөм керек. Университеттин майрамында ыр окугансың ээ? – ал, мага сырдуу тиктеп койду. Мунусу, менин азыркы абалымды табалап жаткандай туюлду мага. Ашына жасанып алганыма күлкүсү да келип жатты окшойт. Жалаң шаардык кыздар менен басып-турган неме, менин бул түрүмө ырасында да таң калып жаткандай. Себеби, ал мени ресторанга ээрчитип бара тургансып, узун көйнөк кийип алгамын да. Муну биринчи курстагы студенттик кечеде бир кийген элем. Өзүмө канчалык жарашып турганы менен мен ал көйнөктүн ичине батпай жаттым. Демим кысылып, аба жетпей баратты... Азыр ушул жерден эле үстүмдөгү көгүлтүр шайыдан тигилип, түркүн кооздуктар менен кооздолгон көйнөгүмдү тытып ыргыткым келди.

– Анда мага ошол кыздарды көрсөтүп бергиле? Мен эч кимге, эч качан дептер берген эмесмин!

– Кандайча?

– «Атайы сизге берди... ушул ырлардын баары сизге арналган... сиз үчүн күйүп жанып жүрөт... бир эле жолу кезигип коюңузчу? – деди го.

– Ким? Качан? – Мен калчылдай ушуларды айтып, бетимди басып ыйлап жибердим.

– Мен түшүнбөй турам. Ушул ырлар сеникиби?

– Ооба, бирок, ал сизге арналган эмес... жөн гана жазылган ырлар... мен эч кимге, эч качан ырларымды берген эмесмин жана жолугууга чакырган да эмесмин. Тескерисинче сизди чакырды деп айтышты, же болбосо мен эч качан келбейт да болчумун, жолукмак эмесмин, мен баарыңарды жек көрөм, баарыңар уюшкан турбайсыңарбы? Шылдың кылган турбайсыңарбы?.. – деп, анын колундагы дептерлерди сууруп алдым да, жүгүргөн боюнча кетип калдым. Ал артымдан:

– Токтой турчу, токтосоң, сүйлөшөлү? – деген боюнча калып калды. Мен бул ишти менин эң жакын курбум кылганын дароо түшүндүм. Жүгүрүп келатам, көз жашым токтобой куюлуп эле жатты. Аны токтотууга алым келбеди. Өпкөлөп ыйлап келаттым. Азыр ал курбума жетсем, тим эле тытып салгым келди. Бирок, аны жатаканадан таппадым. Билген окшойт, бир жакка кетип калыптыр. Бөлмөдө жалгыз өксүп көпкө ыйладым. Адамдардын сезими менен ойногондор болот тура. Сүйүүнүн баркын билбегендер ушинтип тебелеп салат экен көрсө. Мен кол жеткистей болуп, жүрөгүмдүн эң түпкүрүнө сактап, аруу, таза дилим менен аздектеп сүйүп жаткан жигитим, мыйыгынан гана: «Жакшы жазылыптыр» – деп, дептеримди мыкчылап турганы жан дүйнөмдү оорутту. Ушул дептерде кынаптай тизилген ар бир сөз менин муун-жүнүмдөн сызылып чыккан аруу махабатымдын саптары эмес беле. Ушул күнү өзүмө, анан махабатыма бир таарындым, эже. Мага ушул күнү жашоо керексиздей сезилди. Жанымдан кечип алгым келди. Мээме уюй баштаган азгырыктар «бол тез, жаныңды кыйып ал, сага эми жашоонун кызыгы эмне» дегенсип да жатышты. Ошол азгырыкка берилип кетсем, билбейм, эмне болмок. Бирок, мен акыл токтоттум... кийинкимди ... айылдагы атам менен апамды, бир туугандарымды ойлодум. Алар эл арасында кантип жашап жүрүшөт. Мен жөнүндө не деген гана ушак тарамак. «Кой, бул бир келген азгырык сезимдин кулу болбо, өзүңө кел, артка кайтпа, алга карай

кадам ташта, алдыда жакшы күндөр бар… чыныгы сүйүүң балким башка…» – дедим да, өзүмө кайрат айтып, күч жыйнадым. Ыйымды токтоттум. Эки калың дептеримди майдалап айрыдым да, өрттөп салдым. Эртеси, билмексен болуп кирип келген жакын курбума мен да сыр бербедим. Эч нерсе болбогондой, эч нерсе билбегендей гана компоюп койдум. Ал өзү четин чыгара албай, бир нерсе дегиси келип, бирок, айта албай кыйнала берди. Аны менен суз гана сүйлөшүп жүрдүм да, бир күнү квартирага чыгып кеттим. Курбума айткан да жокмун. Дилиме дили окшош, оюма ою дал келген курбу, жан дос болот го деген курбумдун бул кылыгы менин досторго болгон таарынычымды пайда кылды. Адамдарга болгон ишенимимди жок кылды.

– Тиги жигит эмне кылды анан, кийин жолуктуңарбы?

– Мени издеп жатаканага көп келиптир… Сабак учурунда болсо, көрүп калсам, бекинип калып, эптеп андан качып кутулуп жүрдүм. Квартирамды болсо эч ким билбейт. Бир күнү байкоосуздан алдыман чыга калбадыбы.

– Чоң кыз, сөз бар эле, – дейт ал.

– Менде сөз жок, – дедим, анын жүзүнө карабастан терс бурулуп.

– Токтой турчу?

– Жок, менин убактым жок.

– Акындар ушундай назик болосуңар да. Таарынып калдыңбы? – дейт, колумдан коё бербей.

– Мен акын эмесмин…

– Болуптур… Ким болсоң да, сүйлөшөлү, жүрчү, мындай басалы.

– Менин убактым жок деп жатпаймынбы?

– Макул… басып баратып эле сүйлөшөлү анда.

– Мен катуу шашып баратам.

– Макул, катуу шашып баратып сүйлөшөбүз анда…

– Эмнени?

– Сен мага капа болуп калдың ээ?

– Жок… ким айтты?

– Ырларды чындан эле сен жаздың беле? Ошол ырларың мени уктатпай жатат го?

– Жок, мен жазганым жок. Көчүрүп алгамын...

– Кимдин ыры эле?

– Билбейм?

– Анда эмнеге көчүрүп алгамын дейсиң?

– Авторун унутуп коюптурмун, мен ыр жаза албайм, менин колуман эч нерсе келбейт... – тиги жигиттин жүзүнө карабай, катуу-катуу кадам таштап бараттым.

– Алдаба, мен сен жөнүндө иликтеп чыктым. Өзүң жазат экенсиң, баарын билем.

– Биле бергиле... эч нерсе билбейсиңер? Эмне баары ошол ыр менен эле бүтүп калат бекен? Ыр деген ал ички ой туюм гана. Турмушта баары башка, бирөөлөргө күлөсүң... шылдыңдайсың... табалайсың... кемсинтесиң, ыйлатасың... анан өзүң ыйлайсың...

– Ого-о, аябай философиялуу сүйлөп койдуң го. Кой эми, капа болбо, экөөбүз жакшы эле мамиледе бололу? – деп алдыма тура калды ал.

– ...

– Кел эми, кол алышып, жакшылап таанышып алалы... Анан жакшы достордон болобуз. Мен сенин ушул кыялыңа тан бердим. Ырларыңа таазим этем. Кел эми... – деп, колумду бекем кысып туруп алды. Ошондо гана анын жүзүнө бир тигилип карадым. Көздөрү да жайнап турат экен. Капкара каштары ак жүзүнө жарашып турат. Мага эле ушунчалык ажарлуу, жылдыздуу көрүндүбү, айтор, анын ушул турушу мендеги таарынычты тарката баштагансыды. Анын эрки менен болуп, мен колумду сундум.

Эми жакшылап таанышып алдык. Ал шаарда өскөнү менен ата-энеси айылдык эле болушат экен. Эки карындашы гана бар тура. Атасы бизнесмен үчүн уулуна машина мингизип, бар тапканын ага сарптап келет экен. Мен баамдагандай өтө эле сылаңкороздугу жок, адам менен тил табыша алган, жөнөкөй эле жигиттей туюлду. Таанышканыбыз үчүн деп, кафеге кирдик, сейил бакты араладык.

Менин өчө түшкөн сезимим кайра ойгоно баштагансыды. Кайрадан колума калем кармап, ыр жаза баштадым. Эми бул ырларымды эч кимге, эч качан көрсөтпөйм деп чечтим. Болгону ал ыр саптарым менин сырдашым, менин жан жолдошум болуп баратты. Жигит болсо ыр окуп берчи деп көп суранат.

– Азыр көңүлүм чаппай турат, кийинкиде окуп берейин, – дейм. Экөөбүз сүйүү темасын эч качан сүйлөшпөдүк. Ал менин ырларымды угуш үчүн гана кезигип жаткандай туюлуп, ага эч качан ыр окуп бербедим. Жай турмуш, кээде саясаттан кеп салып коёбуз. Ушундай күндөрдө жигит кырсыкка учурады. Эки досу жана алардын эки дос кызы болуп, менин жигитимдин машинасы менен ойногону чыгышат. Эки досу көп ичип алышып, кыздарга көбүрөөк тийиштик кылышабы, айтор, ал кыздар машина менен качабыз деп, бирөөсү рулга олтуруп, айдап жөнөйт. Мурда кийин машина айдабаганбы, көп узабай эле, жол четиндеги чоң даракты сүзүп алат. Кыздардын бирөө ошол жерден эле каза болот, бири катуу жаракат алат. Анан бул иш боюнча үч жигит тең соттолуп кетишпедиби. Менин жигитимдин мурда эле ашказанында жара бар экен, убактылуу кармоочу жайда жатканда анысы ырбап олтуруп, кийин соттун чечими чыккандан көп өтпөй, ошол дартынан каза болду. Бизнесмен атасы канчалык акчасын чачса да, аны куткара албады. Тиги өлгөн кыздын туугандары да жөн адамдар эмес экен. Жигитим өлдү, эки досу 8 жылдан соттолуп кетишти. Ал жигит мени сүйө албагандыр, тим гана дос катары жүргөндүр, а мен аны биринчи сүйүүм, тунук махабатым катары сактап калдым. Экөөбүз бири-бирибизге берилип, жан дилибиз менен сырдаша албасак да, тез-тез кездешип жүрчүбүз. Анын бала кыял, баёо мүнөзү бар болучу. Өтө ишенчээк эле. Жалгыз бала үчүнбү, боорукер да болучу. Мен дилимде өзүмдү ага тең коё албасам да, аны сагына берчүмүн. Ошентип, менин жашоомдо чоң бурулуш болду. Дилимдеги эң жакын адамымды жоготтум. Мен билчүмүн, баары бир ал экөөбүз бир боло албайт элек. Анын өмүрлүк ше-

риги башка кыз болмок. Мага анын карааны гана керек болуучу. Ал тирүү жүрсө, менин жашоодогу жападан жалгыз тирегим болмок. Анын элеси менен менде көп жакшы нерсе жаралмак. Капыстан келген соккуга мен туруштук бере албай, көпкө кыйналдым. Чайналдым. Ушул күндөрдө дагы жашоодон аша кечким келип жатты. Мен аябай эле пессимист экемин, эже. «Менин кимге керегим бар?» – деп, ыйлайм десеңиз. Же, анымды бирөө уксачы. Өзүмчө эле бүк түшүп алып ыйлай бердим. Менин ыйымды мен жаткан бөлмө, анын дубалдары, анан жаздыгым гана сезип жатышты го. Бирок, махабат деген таза сезимге таарынычым кайра күч алды.

Окуумду эптеп бүттүм эже. Шаарда калгым келди, бирок, шаар турмушу менин туңгуч, ары ыйык, анан кайталанып келбес аруу махабатымды эске сала бермек. Айылга келдим. Жумушка орноштурушту. Жакшы эле иш. Айлыгы да дурус экен. Байкаштырсам, ишканада болгону үчөөнүн гана жогорку билими бар экен. Мен төртүнчүсү болуп кошулдум. Жаш, анан чыныгы жогорку билимдүү, адистиги да туура келет дешип, айлыгымды да жакшы коюп беришти. Анын үстүнө компьютерди жалгыз гана мен иштеткенди билемин. Баары менин көзүмдү карап турушат. Күн өтө берди, антсе да, ал ишке таптакыр тартыла албай койдум. Эптеп эле келем, кайра кетем. Үйгө барам, көңүлүм суз. Ыр жазганды таштадым.

– Ооруп жатасыңбы? – деп, апам үйрүлө берет.

– Эч жерим ооруган жок, – дейм бултуңдап. Ички сырымды алар билмек беле. Ушунун баарына апамды күнөөлөгүм келет да, ага төгүлүп алгым келет.

– Эгер журналист болгонумда, мындай болмок эмес. Эл аралап жүрмөкмүн, сүйгөн кесибимде иштемекмин, жан отум менен иштейт болчумун. Менде көп жакшы ойлор, идеялар бар болучу, ошолордун баарын ишке ашырмакмын, – деп айтып алгым келет. Бирок, айтканда эмне, артка кайрылуу жок да. Алдыга гана умтулуу керек.

Ушундай күндөрдө ала качып кетишпедиби. Дегеле, бир жолу көрүп койбогон бала. Айылда эле жашайт экен.

Мектепти бүтүп эле эч жакка барбаптыр. Атасы жок, апасы да карыган кемпир экен. Мен жер тепкилеп, ыйлап жатсам, жаныма келип, айланып-үйрүлүп эле жатты. Баары бир анын сөзүн уккум келбеди, жаныма жолотпой койдум. Анан апамдарга кабар барган экен, «салтта жок жорукту кылбасын, таш түшкөн жеринде оор, бизди сөзгө калтырбай, тим олтурсун, эрге тийбей, эмне катын алат бекен!» – деп апам кат да берип жибериптир. Апамдын бул кылганын туура көргөн жокмун. Мал сыяктантып эле, колу-бутту таңып, машинага жүктөп, баса берген немелерге кантип бүлө болот элем. Баса, менин болочок күйөөм оорулуу да экен. Ошондуктан армияга да барбаптыр. Тагдырдын тамашасын караңыз, жогорку билимим турса, таптатынакай эле бой келбетим болсо, анан ушундай адам менен өмүрүмдү өткөрөмбү? Дегеле аны сүйө аламбы? Мектепте окуп жүргөндө да, университетте да канча жигиттерди тоготпой койбодум беле? Бир шаардык жигит деп, канчаларын сыздатып, тескери жооп кайтарып келдим эле. Ошолорду боюма теңеп койбой, анын ушундай билимсиз, өң-келбети да жагымсыз, оорулуу немеге макул боломбу? – деп, өзүмө-өзүм суроо берем да, арыма келип, боздоп жаттым. Мага жакын келгендердин баарын тепкилейм, тыткылайм. Жоолугун да салынган жокмун. Тигилер да оңой немелер көрүнбөйт, көгөрүшүп, менин жаныман карыш жылбай коюшпадыбы. Баары бир эч кимисине баш ийбей, чыр сала бердим. Ошентип, булар менен алышып жатып, түн да кирди. «Баары бир, алып калабыз», – деп ишенген немелер, нан-боорсогун жасап, союшун союп, бытырап эле жүрүштү. Менин жанымдан эки-үч келин гана жылбайт. «Жеңелери келет», – деп камынып жатышты. «Шашпагыла мен силерге көрсөтөм, мал катары гана көрөсүңөр ээ, шашпагыла» – деп, ичимден кекендим да, түндүн киришин күтүп, тим олтуруп калдым. Уктаган болуп, көзүмдү жумуп жата бердим эле, ошонуман бир аз көңүлдөрү жайлана түштү белем, менин жанымдагылар да кынтая жатып, уйкуга кетишти. Сырттагылар да негедир тынчый түшүштү. Эртеңкиге

даярдыктары бүттү белем. Ушундан пайдаланып, ордумдан акырын туруп, сыртка чыктым. Кыбыраган жан жок. Үйдүн көлөкөсү менен жылып олтуруп, короодон да чыктым. Анан шагыл жолго жетип, зымылдаган боюнча жүгүрдүм. Төмөн карай кете бердим. Иши кылып, ушул айылдан чыгып кетсем, анан жолду таап алаарыма көзүм жетип турду. Менин бактыма ай жарык эле, көзүм караңгылыкка көнүгө түшүп, жолду жазбай таап жаттым. Бир тынымга да токтобой, жүгүрүп баратам. Канча жүрдүм билбейм, эч бир чарчаган да жокмун. Айылдын башына чыгып, эми ээн талаага туш болдум. Негедир коркуу сезими пайда болду. Мындан ары жүрө албасыма көзүм жетип, кантсе да, жолдун чети менен бастым. Бет алдымда дөбөчөлөр көрүндү. Мазар экенин туйдум. Артка кайтууга болбойт эле. Эгер күндүзү болсо, бул жерден жалгыз өтө да алмак эмесмин. Бала күнүмдөн мазардан коркчумун. Бир кезде апамдын «Жалгыз адам баратса, арбактар колдоп турат экен. Арбактарга сыйынып, бата кылып, куран окусаң, алар канатына калкалап, жүрөк болот дешет», – деп айтканы бар эле. Ошону эстедим да, ошол мазарга түнөөнү чечтим. Тиги жакта калышкан тирүүлөрдүн кордугунан көрө мындагы арбактар мага жакындай сезилди. Акырын ал тарапка бастым, негедир корккон жокмун. Тескерисинче, ушул мазар мени сактап калчудай сезилди. «Апамдын айтканы чын тура», – деп, койдум. Мазардын четине жетип эле, жерге суй жыгылдым. Тез эле уйкуга да кетипмин. Тобо, ушунчалык тынч уктаптырмын. Анан кечээки окуя болбогондой, чарчаганым да билинбейт. Сергек ойгондум. Таң агара баштаган экен. Ордумдан турдум да, арбактарга билишимче дуба кылып, келме келтирип, жолго чыктым. Бет алды кетип бараттым. Бир кезде машинанын жарыгы көрүндү. Жакындай бергенде колумду көтөрсөм, өтүп барып токтотту. Жеңил машина экен. Жүгүрүп барып, эшигине жабыштым да,

– Мени ала кетиңизчи? – деп айдоочусуна жалынып жибердим. Эгер албай турган болсо, коё бербейт да болчумун.

– Олтур, – деди ал да менин абалымды көрүп, боору ачыгандай түр менен. Негедир шофер жалгыз экен. Машинанын эшигин ачып, олтура баштаганымда:

– Таң эрте кайдан, ээн жолдо? – деп койду. Мен үн дебедим. Оор үшкүрүнүп алдым. Машина болсо жүрүп баратты. «Ушу кылганым туура болдубу? Эмне кылып койдум деги? Эми эмне болот? Мени кандай күндөр күтүп турат?» – деп эми гана ойлоно баштадым. Бир кезде айдоочу:

– Каякка барасың? – деп, мени тигиле карады. Караңгылык таркап, үстү-башыма карасам, кийимдерим чаң, чачтарым саксайып, киши корко турган абалда экемин. Ушул абалымда, менден чоочубай, машинасына салып алган бул кишиге таң калып койдум. «Балким тиги мазардагы арбактардын жардамы тийгендир», – деп койдум.

– Билбейм... – дедим, мага тигилип турган шоферго кыйладан кийин жооп кайтарып.

– Кызык...

– А сиз кайда барасыз?

– Мен алыс барам... шаарга... борборго...

– Мени да ала кетиңизчи, суранам... – деп, дагы жалбардым шоферго.

– Эмнеге? Деги сен кимсиң? – деди таң калгандай.

– Мен сизге баарын айтып берем. Мени ала кетиңизчи?

– Сен деги соо кызсыңбы? Эмне болгон немесиң? – деп, кайра-кайра суроо салган бул кишинин жүзүнөн боорукерликти байкап турдум. Өзүмө жакын адамдай көрүп турдум.

– Мен сизге баарын айтып берем. Сиз машинаңыздан түшүрбөсөңүз эле болду, мени таштай көрбөңүз? – деп жалдырай бердим. Шолоктоп ыйлап да жаттым.

– Макул... ай кыздар ай, силерге түшүнүп болбойт, бир жаман нерсеге кабылгансың го? Ушу ала качып кетишпеди беле? – деди, сынаакы тиктеп.

– Ооба, ала качып кетишти... Эч качан көргөн эмесмин... Качып баратам...

Шофер менин бул айткандарым чын экенине ишендиби, үн катпай угуп кете берди. Сыртынан караганда бир

кызматтагы эле кишидей. Мен болгонун болгондой төкпөй-чачпай айтып бердим. Унчукпай угуп кете берди. Ара чолодо улутунуп гана коёт. Мен ойлогондой эле боорукер жан экен. Чоң трассага чыкканда, бир ашканага токтотту да:

– Кел, эми тамактанып алалы, – деди. – Тиги жерде суу бар, бети колунду жууп, чачыңды оңдоп ал, – деп суу түтүгүн көрсөттү. Экөөбүз ага-карындаштай аркы-беркини сүйлөшүп олтуруп тамактандык. Кызыгы бул киши мени ала качып барган айылдан болот экен. Бирок, ким экенин мен айта албаган соң, ага да табышмак бойдон калды. Шаарда жашап, иштейт экен. Бизнеси бар тура. Тамактанып алып, кайра жолго чыктык. Менин жанымда бир тыйын акча жок, же, документим жок.

– Эгер айткандарың туура болсо, териштирип көрөбүз. Мен жардам бергенге аракет кыламын. Эгер баары калп болсо, анда таарынбагын. Мен өзүм тийиштүү жерге салып беремин. Азыр адамдарга ишенип да болбойт. Бирибирин алдашат, тоношот. Өлтүрүп да жатышат...

– Жок, аке, мен андайлардан эмесмин. Териштирип да, сынап да көрүңүз. Болгону мен эч качан көрбөгөн адам менен кантип өмүр бою бирге жашаймын. Алар мени малдай кылып, колу бутумду таңып туруп ала качышты да, – деп дагы шолоктоп ыйлап жаттым.

– Болду эми, болду, ыйлаба. Ишендим, – деп чачымдан сылап койду...

Бул киши мага жардам кылып, шаарга баргандан кийин, бир айдын аралыгында кайра айылга келет экен, ошондо менин үйүмө келип, документтеримди алып барып бермек болду.

Борбор шаарга келдик. Бул шаарга жетүү менин түшүмө да кирчү эмес. Чакан шаарда окудум. Ал эми борбор шаарга келем деп, эч качан ойлогон эмес элем. Карасаң, тагдырдын дагы бир тамашасы, бир заматта борборго алып келип койду. Болгондо да, жакшы адамдын жардамы менен. Ал киши туура эле үйүнө алып келди. Аялы, эки кызы бар экен. Аларга:

– Карындаштарым болот, шаарга иштейт, атасы мага катуу тапшырды, – деди эле аялы ага ишенип, мени жакшы кабыл алды. Кыздары да шаарда өсүшкөнү менен жөнөкөй экен. Мага үйрүлүп түшүп жатышты. Ваннага жуунуп алуумду өтүнүшүп, майда барат жууна турган нерселерин беришип, анан үйгө кие турган жеңил кийимдерден да беришти. Тазаланып, өзүмө келген соң, алар менен чогуу олтуруп тамактандык. Кыздар менден айыл жөнүндө, өзүм жөнүндө сурап жатышты. Мен бирде чын, бирде калп айтып, алардын суроолоруна жооп берип жаттым.

– Эртең менен жөнөп жатканда шашып жатып, бул кыздын сумкаларын үйгө калтырып коюптурмун, эми барып алып келиш керек, – деп койду. Аялы ишенчээк неме экен, ал сөзүнө да ишенип, кайра аны жемелеп койду.

– Ошол кылганың болчу беле, эми бул кыз кантип жүрөт сен сумкасын алып келгенче, – деди.

– Кыздарыңдын кийимдеринен берип тур, – деди аялына бурк этип. Бул кишинин минтип мага куйпөлөктөп жатканына таң калып турсам да, аны таяныч тутуп, чын эле, мен анын карындашындай сезип бараттым өзүмдү. Мен да аны «аке» деп алдым.

Алардын үй-бүлөсү чынында да жакшы адамдар экен. Бешенемди карачы, бул адамды кудай жеткирди да мага. Кадимки өз үйүмдөй жүрүп калдым. Кыздары менден кыйла жаш кичүү болушканы менен, шаардык кыздар да бойлору узун. Алардын кийимдери мага туура келип, аралаштырып эле кийинип жүрдүк. Кыздары мектептен келгенде шаар аралап чыгабыз. Көчө аралайбыз. Көңүл ачабыз. Жаңы эле башымдан өткөн окуялар эсимен чыга баштады. Бирок, үйдөгүлөрдү эстейм, алардын кандай абалда экенин билгим келет.

Бир күнү менин агам айылга жөнөдү. Ал кандай кабар менен келет деп, ичимден сызам. Түпөйүл болом. Ушул күндөрдө секунддук убакыт да алга жылбай, кылымга тете болуп кетти го. Үч күндөн кийин келди. Кабагы жарык. Кирип келип эле, мага бир чоң сумканы карматты.

– Мына карындашым, сумкаңды таптым, – деди.

– Ура-а, – деп, менден мурда эле чоң кызы, секирип жүрөт.

– Сен койгон ордунда эле туруптур, – деп мага көзүн кысып койду.

– Рахмат, – дедим мен ал сумканы ала берип. Бирок, бул сумка меники эместигин сезип турдум. Менин мындай сумкам жок эле. Ичин ачкандан кооптонуп жаттым, анткени, ичиндегилер да менин кийимдерим эместигине көзүм жетип турду.

– Айылдагылар кандай жатышыптыр? – деди, аялы кыйладан кийин.

– Баары жакшы, силерге, жалпынарга салам айтышты. Сенин атаңдар да ысык салам айтышты. Мынакей документтериң, буларды да калтырып салган турбайбызбы? – деп чөнтөгүнөн кагазга оролгон нерсени сунду мага. Аны ала берип, тиги кишиге карасам, дагы көзүн кысып койду. Мунусу, «эч сыр бербе, баары жайында» дегендей туюлду.

Кагаздар менен сумканы алып, үйгө кирип кеттим. Чын эле оролгон кагаз ичинде менин паспортум, дипломум жүрөт. Сумкада болсо, жалаң жаңы кийимдер. Шаардык кыздар кийип жүргөн модалуу кийимдер экен. Буларды көрүп, дендароо тартып олтуруп эле калдым. «Мага мынча кам көрүп жатат, бул киши. Кандай ою бар деги?» – деп, өзүмө суроо берип жаттым. Жашып да кеттим. Олтурган жеримде өпкөлөп ыйладым. Менин документтеримди кантип, кандай жол менен алганын, ал жактагы окуялардан эч нерсе айпады. Мен да сурабадым. Укканда эмне, болору болду да.

Эки-үч күндөн кийин «менин агам» мени өзүнө чакырды да:

– Сага жумуш таап койдум, сен журналист болгум келет, – дебедиң беле. Телевидениеге барасың, – деди.

– Менин журналисттик билимим жок да...

– Эч нерсе эмес, жөндөмүң болсо эле, сырттан окуп аласың. Ал жердегилердин 60 пайызы башка кесиптегилер. Жөндөм менен эле иштеп жатышкандар, – деди. Мен

кубанганымдан, «агамдын» мойнуна асылып, бетинен өпкүлөп жиберидим.

– Ырахмат сизге, мен ыраазымын. Эгер сиз болбогондо мен кандай күнгө туш болот элем. Рахмат сизге, – дейм да, бетинен өпкүлөп эле жатам.

– Болду эми, ырахматты кийин айтасың. Андан көрө бүгүн жакшылап эртеңки күнгө даярдан, – деп мурдуман чымчып койду, да жумушуна кетти.

Ай ошол ирмемдеги сүйүнүчүмдү айтпаңыз. Ордумда тура албай эле желпилдей бердим. Сумкамдагы жаңы кийимдеримди бирден, кийип көрүп жатсам, «агамдын» улуу кызы кирип калды да, менин кийимдериме суктанып жатты.

– Ой-ий, сиздин кийимдериңиз укмуш го. Кайдан алдыңыз эле? – дейт.

– Айылдан эле.

– Силерде да ушундайлар сатылабы?

– Эмне, бизде да базар, дүкөн бар да. Ушул жактагыдай эле базар болот, – дедим камырабай.

– Вкусуңуз жакшы экен. Баягы биринчи келгениңизде бечарадай эле көргөмүн да, аябай боорум ооруган. Атамдын ушундай жүдөгөн карындашы барбы деп таң калгамын, – деп, кийимдеримди бирден колуна алып, кайра ордуна коюп жатты.

– Эртең жумушка барам, кайсынысын кийсем болот? Бул жакта жетекчилерге кандай кийинип барсаң жагасың? – деп андан кеңеш сурадым.

– Шуштуйган шым, анан белиңизди ипичке кылып көрсөтө турган кофта кийиңиз. Жетекчинин алдына барганда, жамбашты чайкап коюңуз, – деп анан каткырып алды ал.

– Чынбы?

– Ооба, бизге ушинтип айтышкан эжекелер.

– Сага али эрте да, кайдагы жумуш?

– Жок, биздин кыздардын көпчүлүгү жайкы каникулда иштешет. Акча табышат. Ошолорго жетекчилер менен кантип иштеш керектигин үйрөтүшчү.

– Анда, момуну кийейин, – деп өзүмө жаккан шым менен кофтаны тандадым да, аларды кийип көрдүм.

– Чын эле сонун жараштьы. Ушулар болот, – деп ал да кубаттап койду.

«Агам» экөөбүз телевидениеге келдик. Мамлекеттик эмес, менчик телевидение экен. Бирок, чоң эле экен. Жетекчиси орто жаштагы, кара тору киши экен. Мага текст окутуп көрүштү, камерага тартышты. Микрофон карматып, айтор, түрдүү сыноодон өткөрүштү. Алардын сынынан жакшы өттүм.

– Эртеңден баштап келе бер, сындан өттүң. Дагы бир эки сынообуз болот, ошондон өтсөң, иштеп каласың, – деди жетекчи. «Агам» да, мен да, ал кишиге ырахмат айтып, чыгып кеттик. Жолдо келатып:

– Мына, эми сен кызматкерсиң. Эртең эле бакыйган журналист болуп чыга келесиң, – деп колумдан бекем кысып койду «агам».

– Ырахмат сизге, чоң, ырахмат. Мен сизге өмүр бою карыз болдум. Өлбөсөм актаймын, – деп дагы жашый түштүм. Көзүмдүн кычыгындагы жашты аарчый:

– Андай дебе, сен максатыңа жетсең эле болду. Адамдарга жакшылык кылган кандай жакшы. Сенин ийгилигиң меники да. Эми чымыркaнып, жакшылап, бүт дараметиңди жумшап иштеп көр. Тигилердин сыноосунан жакшылап өтсөң, анан калгандарын дагы көрө жатаарбыз, – деди. Анан шаардын чет тарабына барып, бир кафеде, менин биринчи жумуш күнүм менен куттуктап, аны майлап, экөөбүз көпкө олтурдук.

Эртеси жумушка келдим. Жетекчи андагы журналисттер менен мени тааныштырды:

– Данныйлары жакшы, биздин сындан өттү, эми бул жагы силерге байланыштуу. Бүгүндөн тартып сьемкага чыгара бергиле, – деп орун басарына табыштады. Анысы жаш жигит экен, мени сынаакы тиктеп койду да:

– Макул, жүрүңүз, кабинетиңизди көрсөтүп коёюн, анан программаларды карап көрүп, заявкалар болсо, сьемкага барасыз, – деп ээрчитип жөнөдү.

Бул жерде иш кабинеттер акыркы үлгүдөгү компьютерлер менен жабдылып, ар бир журналистке бирден кабинет экен. Мага да өзүнчө кабинет беришти. Ага кирип барып, апкаарый да түштүм. «Түшүмбү, же өңүмбү?» деп, ишене албай да турдум. Биринчи эле күнү Сүрөтчүлөр союзундагы көргөзмөгө жибериишти. Ааламдагы кооздукту, жаратылыш кубулуштарын, тирүүлүктүн ирмемдерин кыл калем аркылуу берген сүрөтчүлөрдүн талантына тан берип жатып, ал көргөзмө тууралуу жакшы сюжет тартып келдик. Чакан репортаж даярдадым эле, шеф редактор бир эки жерин гана оңдоп туруп, эфирге уруксат берди. Биринчи күн, биринчи сюжет, кандай гана бактылуу ирмем. Менин бул бактымды эч бир жан туя алган жок. Бир программа эки-үч жолу кайталанат экен, кечкисин чогуу көрдүк.

– Ушул биринчи кадамы байсалдуу болсун, – деп шампанский да аттырып жибериишти. Баары куттукташты. Мага жакшы каалоо-тилектер айтылды. Мен бул үйдүн көптөн берки мүчөсүндөй эле сезип жаттым өзүмдү.

Эртеси менин сюжетим тууралуу жакшы пикир айтылды жумушта да.

– Асылкадан жакшы журналист чыгаарына ишенсе болот. Стили жатык, анан түшүнүктүү, ойду так, таамай бере алыптыр. Үнү да уккулуктуу экен. Азырынча «өлбөс» темаларга жиберип тургула, анан дагы көрөбүз, – деп койду жетекчибиз. Мен эми гана өзүмө келип, өзүмдүн сүйгөн кесибиме иштеп жатканыма жетине албай жаттым. Бардык дараметим менен иштей бердим. Кыйла күндөр өтүп, мен ишиме такшалып, өзүмдүн стилимди таба баштаган кезимде мага ишенишип эң жоопту жерлерге да жиберип жатышты. Жетекчилеримдин тапшырмасын так аткарганымданбы, эч биринен жаман сөз укпайм. Алып баруучулукту да аткара баштадым. Экрандан татына эле көрүнөт экемин, заматта «теле жылдызы» болуп чыга келдим. Көрсө мен да сулуу турбаймынбы. Мага ашык болгондор, сөз айткандар чыга баштады. Кай жерге барсам да, мага жакындагысы келип, бир сөз айтып калгысы ке-

лишет. Үйдөгү «агам» болсо, ар күнү жумушумду сурап коёт.

– Чарчаган жоксуңбу? – дейт.

– Жок.

– Чарчаба, сен чарчабашың керек. Карачы, ишиң жакшы, өзүң да ажарыңа чыгып баратасың, – дейт.

– Чарчаган жокмун, кантип чарчайын, араң жетсем. Бул кесип менин бала күнүмдөн эңсеген кесибим болчу да. Эми араң жетсем, кантип чарчайын. Күч кубат берсин мага, – дейм.

– Ыр жазып жатасыңбы? – деди капыстан.

– Кээде гана, илхам келгенде.

– Илхамың кайсы учурда келет?

– Ар кандай.

– Ошол илхамды тез-тез чакырып турсаң. Көбөйтө бер, анан китебиңди чыгарабыз, – деди.

– Ой, китеп чыгаруу кыйын го.

– Эмнеге, акча болсо эле, чыгат. Сен жаза бер.

– Менде акча жок да.

– Ошол да сөзбү, мен эмне кылып жүрөм? – таңдана мага карады «агам».

– Сизге өмүр бою жүк болот белем. Ушунча жардам бердиңиз, сизге кандай ыраазычылыгымды айтууну да билбейм.

– Ыраазычылыгыңды башка учурда айтасың. Азыр жумушуңду, анан чыгармачылыгыңды гана билгиниң. Калганына баш оорутпа.

– Мен квартирага чыксамбы дегемин.

– Эмне үчүн? Сени кууп жатышабы?

– Жок...

– Анан эмне болду?

– Мен чоочулап жатам.

– Эмнеден?

– Аялыңыз, кыздарыңыз чындыкты билип алышса...

– Билишпейт... билгенде эмне? Баары артта калды да.

– Ошентсе да... эми менин башка жакта эле жүргөнүм жакшы го дейм.

– Жок, ушул жерде жүрөсүң... өмүр бою ушул жерде каласың, – деди да, «агам» чоочугандай сырт жакты карап алды.

– Түшүнбөдүм...

– Кийин түшүнөсүң... – деп ордунан туруп, сыртка чыгып кетти.

«Агамдын» бул сөздөрү мага катуу таасир эткенсиди. Табышмагын жандыра албай кыйналдым. «Эмнеге мен түбөлүк калуум керек?»

«Агамдын» табышмактуу сөзүнүн жандырмагы тез эле табылды. Бир күнү жумушта олтурсам, мага келиптир. Жүзү албырат. Негедир сүйүнүчтүү.

– Жумушуң бүттүбү? – деди, кирип келип эле.

– Жок... монтажым бар эле.

– Анда тез бүтүрүп жибер, бир жакка барабыз, – деди.

– Ким менен?

– Экөөбүз гана.

– Эмнеге?

– Барганда билесиң. Бол тез, бүгүн мен үчүн кубанычтуу күн. Мен бүгүн чексиз бактылуумун. Мен сыртта күтүп турам, сен тез чыга кал, макулбу? – деп, ылдам басып, чыгып кетти. «Туулган күнү бекен? Мынча кубанып алган». Өз агамдай көрүп калган немеге жок дей албай, монтажымды тез бүтүрдүм да, сыртка чыктым. «Агам» күтүп туруптур. Машинага олтурдум да, жүрүп кеттик. Агам улам кабинадагы күзгүдөн мага сырдуу тиктейт да, көзүбүз чагылыша түшсө, көз кысып коёт. Шаардан чыгып, трасса менен кетип эле бараттык. Улам чакан айылдар артта калып жатты.

– Кайда барабыз? – дедим дагы кызыга.

– Азыр билесиң.

– Айта берсеңиз эми табышмактатпай. Аялыңыз жактабы?

– Жок.

– Анда кимдер бар, кайда, кимдикине ба

Мен тынчсыздана сурай бердим.

– Коркпо, эмне өз агандан корк

– Коркконум деле жок, ошентсе да, ачыгын айта берсеңиз, кайда бараткаңыбызды?

– Барганда билесиң... Сага сюрприз болот.

– Туулган күнүңүзбү?

– Ошентсе да болот. Мен бүгүн жашоомо бурулуш жасап, кайра туулуп жатамын. Ошондуктан туулган күнүм десем да болот.

– Кандайча кайра туулуп жатасыз?

– Азыр... азыр барганда айтамын... – агам, дагы деле толкунданганын баса албай, демиге сүйлөп жатты. Бир кезде, чоң трассадан бурулуп, ичке жолго түштүк. Негедир коолтоно баштадым. Коркуу сезими пайда болду. Ээн жер, «агам» экөөбүз гана.

– Ой, аке, кайда алып баратасыз деги?

– Мына жеттик ... келдик... – деп, бет маңдайдагы үйдү көрсөттү.

– Бул эмне болгон үй?

– Дачабыз.

– Мынча алыс жерде?

– Бир кезде алып койгомун да.

– Ким жашайт?

– Эч ким?

– Анда неге келдик бул жакка?

– Анча мынча кабар алып туруш керек да, – деп машинаны ал үйдүн алдына токтотту. Эки кабаттуу, чакан дача экен. Айланасында ага окшогон чакан үйчөлөр көп тура. Короосу бактуу жай. «Агам» мен олтурган эшикти аяр ачты да:

– Түшүңүз сулуу кыз, – деп башкача элпектене, мурда угуп көрбөгөн үн менен мага колун сунду. Мен да анын сунган колун сумсайтпай, колумду бердим да, машинадан түштүм. Дачага кирдик. Бөлмөлөрү да чакан, бирок, иреттүү экен. Экинчи кабатка көтөрүлдүк. Узатасынан кеткен бөлмө бар экен, стол жайылып, үстүндө түркүн тамак жайнайт. Мейман келчүдөй жасалгаланган.

– Ай-ий, коноктор келеби? – деп, мен таңдана сурадым.

– Коноктун алды келди, эң сыйлуусу сенсиң. Анан калгандары азыр келишет. Биз бир аз эрте келдик, – деп стол үстүнө бир сыйра көз жүгүрттү да:

– Курсагың ачты беле, четине олтуруп, салаттардан жеп, чайдан куюп иче бер. Мен азыр, – деп ылдыйкы кабатка түшүп кетти. Менин таңдануум басылган жок. «Бул эмнеси... кандай майрам... кимдер келет?» Анан ырасында да курсагым ачкандыгын сездим да, столдун четине олтуруп, салаттарынан, жер-жемишинен алып, жей баштадым. Сырттан да кобур үндөр чыгып, анан алардын бул тарапка келе жатышканын сездим. Ооба, алар туура эле мен олтурган бөлмөгө кирип келишти. Эки аял, үч эркек. Баары «агамдын» курагындагы, тыкыя кийинишкен немелер экен. Алдыларында келе жаткан эки аял мени көрүшүп эле, алыстан салам айтып киришти:

– Оо-уу, сулуу кызды күттүрүп койгон турбайбызбы? Бизди кечирип кой, кагылайын, жумуштан кеч чыкпадыкпы, – дешип актанып да жиберишти. Анан экөө тең бетимден өөп учурашышты. Эркектери болсо колдорун берип, сылык гана таанышып коюшту. «Агамдын» күткөн меймандары ушулар экен, столго жайгашып олтурушту да, даамдан татып, эң кымбат ичимдиктен ичип, аябай көңүлдүү олтурушту. Бир гана ээгинде билинер билинбес сакалы бар киши гана ичимдик ичпей олтургансыды. «Мени ушуларды сыйлаганы чакырган го» дейин десем, башка эки аял менен бир киши кызмат кылып жүрүштү. Мени болсо тескерисинче эң сыйлуу конок катары төргө олтургузушту. «Агам» болсо мени мактап эле жатты. Ыр жазарымды айтты эле, алар ыр окуп берүүмдү сураныштары. Жок дей албай, сүйүү тууралуу ырлардан окуп берип жаттым. Аларга чындан эле жактыбы, же, менин көңүлүм үчүн дештиби, кайра-кайра суранып жатышты. Буга чейин эле жүзү албырып жүргөн агам, эми ого бетер толкунданып алган. Бир кезде тосттор экөөбүзгө арнала баштады. Мен ага түшүнө албай турдум.

– Эмне үчүн экөөбүз, аялы бар го. Ошолорго айткыла, – дедим бир эки жолу аларга эскертип. Анда мага сырдуу карап коюшат да, кайра эле тилектерин, каалоолорун уланта беришет.

– Эми, Туке («агамдын» аты Турсунбек болуучу), уул көрсөм дегенде ак эткенден так этесиң, ошол тилегиңе жет. Биринчи балаңар уул болсун. Атын сөзсүз Тилек койгула, – деди бириси тост көтөрүп жатып. Мен анын сөзүнө түшүнө алган жокмун, бирок, жүрөгүм бир нерсени сезе баштады. Сыртка чыгып кетейин дейм, дегеле чыгып кетүүгө мүмкүн эмес эле. Төрдө олтурам, бөлмө тардыгынан чоң стол жана анын айланасындагы орундуктар дубалга жабышып эле турат.

– Ооба, биринчиңер уул болсун. Эми ушунча болду, бактылуу болгула, – дейт менин жанымда олтурган аяшы.

– Кечиресиздер, мен түшүнбөй жатам, сиздер кимге тилек айтып жатасыздар? – дедим, акыры чыдамым жетпей.

– Ай-ий, кимге болмок эле, Тукем экөөңө да, – деп шаңк этти дагы бир аяшы.

– Эмне үчүн экөөбүзгө, биз эмне үйлөнүп жаттык беле, бул киши менин бир тууган агамдай да. Мен сыйлайм бул кишини, аялын, кыздарын дагы. Анан кантип ушундай ишке барышым керек.

– Асылка, сен кечирип кой мени. Экөөбүз баарын жай олтуруп сүйлөшөбүз. Иш ушундай болуп калды, – деп «агам» жер карайт.

– Эмне сиз мага үйлөнмөкчүсүзбү?

– Ооба, ошондой тилек менен... эжеңден уруксат алдым. Кыздарымды көрдүң... мага уул керек...

– Эмне мен сизге уул төрөп беришим керекпи?

– Ошондой тилек менен...

– Жок аке, мен мунуңарга макул эмесмин. Мен бирөөнүн бүлөсүн буза албаймын. Мага жакшылык кылдыңыз, ал үчүн сизге мен чексиз ыраазымын. Бирок, акыры мындай болушун каалабаймын. Аялыңызды, кыздарыңызды сыйлайм. Мен алардын башын аттай албаймын. Сиз мен тууралуу жакшы билесиз. Мени тагдыр сындыргысы келет, бирок, мен ага моюн бербейм.

– Асылка, алтыным, сен мени туура түшүн… мен сени биринчи көргөндө эле… ошондо эле өзүмдүкү деп койгомун… Эжеңден чоочулаба, ал уруксат берди. Ал да сени жакшы көрөрүн билесиң да… кааласаң чогуу турабыз, кааласаң башка үй алып беремин… жок дей көрбө?.. «агам» тизе алдыма келип, бүжүрөйө олтура кетти. Көздөрүндө жаш.

– Ооба, Асылка, акылың тетик жансың. Ойлонуп кор, жаш эмессиң, турмушту жакшы эле түшүнүп калдың… – деп, бир аяшы сумкасын ачып, жоолугун даярдай баштады.

– Туке, биз үчүн ыйык адам, мындай боорукер, акылдуу, иштерман, билерман, түшүнүктүү эркекти эч бир жерден таба албайсың, карындашым, – деп ээгинде сакалы бары да сөзгө аралашып, салмактуу сүйлөп кирди.

– Сиздер мени кечириңиздер, мен түшүнүп турам. Бирок, бирөөнүн бактысын тартып алгым келбейт. Эже жана анын кыздары мени эң жакын кабыл алышкан. «Агамдын» жана менин калпыма алар ишенишкен. Алардын жүзүн кантип караймын, кантип жүрөмүн? – деп, мен да алдымда шөмтүрөп турган «агамдын» жанына олтура кеттим.

– Эжең уруксат берди деп жатпаймынбы. Ал баарын түшүнөт. Ал деле биринчи ээрчитип келгениңде эле бирдемени сезгемин дейт, ушул күндү күтүп эле жүрүптүр.

– Жок, мен ишенбейм. Эч бир аял, эч качан күйөөсүнө минтип уруксат бербейт. Эгер макул болсо минтип бекинип бул жерде олтурбайт элек. Сиздин жакшынакай үйүңүз бар да. Тууган урук, дос-жар деген бар. Ошолордун арасында, ачык эле болмок баары. Мен ишене албайм. Өмүр бою кысынып, корунуп жашагым келбейт. Силер айткан уулду корунуп жатып төрөгүм келбейт.

– Бул башталышы эле да. Бүгүн бул жерде бир аз башталышын эле жасап коёлу дегенбиз… мындай кичине тойчук кылып… анан никеңерди кыйып… – деп, айтарын айтып алып, оозун жаба калды бир аяшы.

– Эмне дейсиз? Нике кыйыппы? Ушул жерденби? Ким?

– Эми мусулман болгондон кийин адалдантып коюш керек да, – деп эртеден бери үн катпай турган дагы бир досу нымтырай сүйлөдү.

– Ооба, мен түшүндүм, баарына түшүндүм. Силердин оюңарга түшүндүм. Бизге ушул жерден жашырынып нике кыясыңар, анан биз жашырынып жашай беребиз. Мен бакыйтып уул төрөп беремин...

– Андай деле эмес, эмнеге жашырынмак элеңер, ачык эле болот. Мына азыр ачык жасап жатпайбызбы. Жөн гана башталышы деп, чогула калдык мында. Эгер каалабасаң, башка күнгө жылдыргыла, – деп мага камдап турган жоолугун кайра сумкасына сала сүйлөдү бир аяшы.

– Жок, эже, башталышынын да кереги жок. Өзүңөр айткандай мен жаш эселек кыз эмесмин. Мен да жакшы менен жаманды түшүнүп калдым. Менин да көз карашым бар. Мен да ойлонуп иш кылуум керек. Азыр силердин айткандарыңарга макул эмесмин. Мен агамды сыйлайм, урматтайм. Бир тууганымдай көрөм. Бул киши мага көп жакшылык кылды. Ал жакшылыгын мындай жол менен эмес, башка жол менен кайтараармын.

– Кызык экенсиң, сен мындай адамды кайда табасың? – деп, сары чийкил досу бурк этти.

– Мындай адам болбосо, башкасы тургандыр. Бирок, бул кишинин жакшы очогун бузгум келбейт. Бул адам мен үчүн да силер айткандай боорукер, ыйык бойдон кала берсин... деп, «агам» жакты карасам, анын ачуусу жүзүн тээп, тиштенип турган экен.

– Эй сен кыз, эмне деп эле жатасың? Эмне эле тейтеңдейсиң? Кайсы арыңа, тыйтактап жатасың дейм? – деп, эми эле шөмтүрөп, тиземе жыгылып жаткан «агам» ач карышкырдай секирип турду да, колумдан силке кармап, жаагыма чаап жиберди.

– Ай, – деп, бир чаңырып алып, бетимди басып, олтура кеттим.

– Кой, Туке, антчу эмес. Ачууңду тый... Андай болбойт, – деп мага жоолук салгысы келген аяшы анын жанына келип, соорото баштады.

– Тим койсо, тейтеңдейт эле тейтеңдейт. Акыл үйрөтөт тим эле. Эмне ыр жазсам эле, анан телтеңдеп теледе иштесең эле кыйын болуп кеттиңби? Эмне жылдыз болуп, асманга көкөлөп калган экенсиң да. Жаныңа адамды теңебей калган экенсиң да? Ошонун баарын жасап жаткан ким? Эгер билсең, мен апасы өбө элек кыздарды аламын. Артымдан тизилип жүргөндөрдү билбейт экенсиң. Сен ким болуп калыптырсың? Сени кандай абалда алып келдим эле? Өзү сен кимсиң? Ата-тегиң барбы? Документиңди кантип алып келгенимди билесиңби? Тыйтаңдаган неңди урайын десе, – «агам» дагы деле ачуусун тыя албай титирей берди. Эми эле ашыкча кошоматтанган, жалынган, жалбарган, сылык сөздөрү кыйкырыкка айланды. Баары анын тилин табууга аракеттенип жатышты.

– Туура, сизге ырахмат. Мен ким экеним сизге маалым. Балким досторуңузга да белгилүүдүр. Мен сиздин жакшылыгыңызды унутпаймын...

– Какшабай жогол... тез жогол... көчөдө калгансың... дагы да көчөдө каласың... жогол! – «агам» үнүнүн баарынча кыйкырып, мага муш кезеп жатты. Эгер булар болбосо, баса калып, тепкилеп салуудан да кайра тартпай турду.

– Ырахмат сизге, – дедим да ордумдан атып туруп, эч кимисине баш бербей, сыртка жүгүрүп чыктым. Бул учурда эч ким мени токтото албайт болуучу.

– Асыл, Асылтай токто-о, – деп аяштарынын бири гана артымдан кыйкырып калды. Калгандары «агам» менен алек болуп жатышты. Сыртка жүгүрүп чыгып, дагы адатымча бет алды кете бердим. Артымдан куугун болгон жок. Аттиң, менин бактылуу күндөрүм саналуу гана ирмемдер менен коштолот тура. Кана кечээки бактылуу күлкү, кайталангыс ирмемдер? Эми кайда барам?

Кызык унутулуп бараткан өткөн өмүр жолум кайталанып жатты. Чоң трасса менен бет алды кетип бараттым. Түн караңгы. Ары-бери машиналар зуулдап өтүп жатат. Эч бирине көңүл бурган жокмун. Бирок, тигилер артымдан кууп келип калбасын деген ой келгенде, жолдон четке чыгып, караңгы жагы менен бараттым. Антсе

да, көпкө баса албадым, буттарым шилтемге келбей калган кезде бадалдуу жерине кирип, ушул жерде таңды тосоюн деп, орун алып олтурдум. Көпкө дейре ыйладым, дагы өксүдүм. Көз жашымдын кургаганына анча деле боло элек болчу да. Кайрадан өксүү. Жер чапчып ыйлап жаттым. Үнүмдү чыгарбастан, демимди ичиме катып, буулугуп, өксүй бердим. Караңгылыктан корккон да жокмун. Эми мага баары бирдей туюлду. Өлүмдөн да корккон жокмун. Жырткыч келип, тытмалап кетсе да даяр элем. Түнү бою көз ирмебей, өксүп гана жаттым. Апамдын мени кыз кылып төрөп койгонуна капа болдум, апама таарындым. Ушундай ырысы жок кылып жаратып койгон жаратканга таарынып турдум. Улам чүпчүндөтө бир ырыскыны беримиш болуп, кайра тартып алган таалайсыз тагдырыма таарынып турдум. Көз алдыма «агамдын» баёо мүнөз, ишенчээк аялы тартыла түштү. Кандай гана таза жан. Мени өз кыздарынан артык бөпөлөдү го. Жүзүмө тигилип гана турат болчу. Капа боло түшсөм, «эмне бир жериң ооруп турабы?.. Сага эмне болду?.. Ким капа кылды?» деп, бөйпөңдөп эле турчу. Мындай мамилени өз апам да жасаган эмес. Ал акыбалымды сурап, кем-карчымды бүтөп турчу да. Канча иштеп, үйүнө бир тоголок нан алып келбедим. Тамак-ашым да булардыкынан болуучу да. Биринчи айлыгымды көтөрүп келип, «мына менин тапкан акчам, керекке жаратып коюңуз, ушунча багып жатасыздар. Сиздерге эле жүк боло бербейин», – деп акча сунсам, так секирип болбой койгон да. «Кой андай дебе, капа болобуз антсең. Өзүңө керекте. Шаарда жашоо кыйын, кийим кечеңе жумша. Агаң укса капа болот. Бир карындашымды бага албай эмне жүрөм дебейби. Кой...» – деген. Кабагым кашым дебей, мени жадырап-жайнап кабыл алган ушундай аялдын ысык төшөгүн кантип аттап, ак никелүү жарын тартып алам. Мен абийиримден коркуп турдум. Ушул жоругум менен «жеңемдин» жана анын таза дилдүү, кең пейил, назик кыздарынын алдында таза калаарыма бир алдын өзүмдү сергек да сезе түштүм. Бул түн да, бул күндөр да өтөт. Менин абийирим алардын ал-

дында таза бойдон калат. Тагдырдагы кездешүү жолдорунда мен алардын жүзүн тике карай алам, – дедим. «Агам» эртели-кеч жумушунда. Анын кандай бизнеси бар экенин да сурабаптырмын. Негизи табарман киши экен. Жашоосу жакшы болчу да. Аялы ошонусуна эле ыраазы болуп, анын келген-кеткенин сурабаса керек. Бир жолу: «Сен келгени акең үйгө тез келчү болду. Мурда жумалап, кээде айлап жоголуп кетчү. Мунун командировкасы көп да», – деген эле. Командировкасынын бир сыры бүгүнкү жоругу го дейм. «Кыз-келиндерден колу бошобой, командировкага шылтоолоп жүрсө керек? – дедим өз оюмда. Бүгүн мага бөйпөндөп, эптеп нике кыйдырып алып, анан мени бөстек кылып, таштап салаары айдан ачык го... Аялын аяп жаттым.

Таң да атты. Жолго чыгып, биринчи кезиккен машинага түштүм да, шаарга жетээри менен, «агамдын» үйүнө келсем, баары тынч гана мемиреп таңкы уйкуда экен. «Агам» менен жеңем жаткан бөлмөнүн эшиги кынтая ачык турган экен. Жылчыгынан карасам жеңем мемиреген уйкуда. «Ал эч нерсени билбейт, ал эч качан уруксат да бербейт. Эгер уруксат берген болсо түнү бою уктай алмак эмес. Мага калп айтышты. Достор биригип алып, менин тагдырыма балта чапкылары келди. Сиз кечирип коюңуз таза дилдүү, ак пейил, аялдык эң сонун сапатка эгедер жеңе. Мени кечирип коюңуз. Сиз али эч нерсе билбедиңиз, билбей эле калыңыз», – деген ой туюмдары дилимде турду. Ушуларды ичимден айттым да, кыздар жаткан бөлмө тарапка бастым. Алар да тынч уйкуда. Таңкы уйку өзгөчө ширин да. «Силер да кечиргиле мени. Жакшы кыздарсыңар, апаңардай ишенчээк, аруу кыздарсыңар. Силер бактылуу болууга тийишсиңер, жолуңар шыдыр болсун», – деп алар жаткан бөлмөнүн каалгасынын сыртында туруп, ичимден ушуларды кайталап койдум. Муунум бошоду. Азыр аларга кирип барып, төгүлүп алгым келди. Эгер анте турган болсом, алар мени түшүнүшмөк, аталарын жек көрмөк, же, тескерисинче, мени күнөөлөшмөк. Аталарына жан тартып, мени үйдөн кууп чыгышмак.

«Кой, неси болсо да ушундай тынч уйкуларын бузбай, жолума түшөйүн», – дедим да акырын өзүм жатып жүргөн бөлмөмө кирдим. Кийимдеримди салыштырып, чыгып кеттим. Жумушума да барган жокмун. «Агам» баары бир мага тынчтык бербесине көзүм жетти. Мына ошондон бери дайнымды билдирбей, баарына таарынып, баарынан көңүлүм калып, курсагым тойгон жерде, башым баткан жерде түнөп конуп жүрөмүн. Баарына таарындым, эже, – дейт, ошол тыкылдак, сүйкүмдүү кыз.

...Ошол тагдырына, ата-энесине, досторуна, аруу сезимине, адамдарга таарынып, дили ооруган, таза пейилдүү, таарынчак кыз азыр белгилүү тележурналист экенин эч ким билбейт...

# ТОРУ АТ

*(Аңгеме)*

– Апа-а, тору кулун казыкка минип калыптыр... апа-а, караңыз, тору кулун казыкка минип калыптыр... – желе тараптан жүгүргөн Медер, сүт тартып олтурган апасынын жанына келди.

– Минсе мингендир да... – апасы кайдыгер гана жооп берип, ишин уланта берди.

– Казык курсагына кирип калыптыр го... карабайсызбы? – ал безилдеп жиберди.

– Эмне дейт? – апасы эми эсине келгендей, ордунан ыргый турду да, желени көздөй жүгүрдү. Чын эле жалгыз казыкка байлап койгон тору кулун, ошол учтуу казыкка артыла сайылып калыптыр. Анын өтө шоктугунан, башка кулундарды буту жеткенче тепкилей бергендигинен «өзүнчө байлап көрөлүчү» деп, бүгүн эртең менен Медердин атасы узун казык кагып, ага байлап койгон да. Кара, шок кулун, тим турбай, бир заматта казыкты минип алганын. Жана эле, апасы желе жакты караганда тынч эле тургандай болгон.

– Кокуй, атаңды чакыр... бол тез, кан дагы агып жатабы, бол дейм... – апасы безилдеп жатты.

– Бол тез, ылдам жүгүр, анысы да кайда кеткен?.. – тору кулундун аяк-быягынан карап, тиги казык чындап эле курсагына кирип кеткенин көрдү.

– Алда кудай ай, эми эмне болот десең? Тынч турбаган жаныбарым ай... эми эмне болот?.. алдастап жатып, тору кулундун курсак терисинен тамчылап жаткан канды байкады.

– Катыгүн ай, казык кыйла эле кирген окшойт, эми эмне болот десең?.. Анан уулуна үн салат:

– Ой, боло гөр, атаңды таппасаң, тиги мал доктурга айт... Эми эле тыбырчылап, бир жерде турбай туйлаган тору кулундун эки көзү жалдырайт. Мунун да жаны бар да, денеси ооруксуп турса керек. Аялдан жардам сурагандай, көздөрү жашылданат. Бала тызылдап жүгүрүп барып атасын да, мал доктурду да таап келди. Элеңдеп алар да жете келишип, кулундун абалын айттырбай эле түшүнүштү. Алардын соңунан жете келген кошуналар заматта топтоло кетишти. Анан эркектер кулундун арткы бутун аяр кармашып, алдынкы бутун кошо көтөрүп жатышып, мал доктурдун айтуусу боюнча казыктан чыгарышты. Казык анын курсагын жакшы эле тешип кеткен экен. Ичегилери көрүнүп калды. Мал доктур жүгүрүп барып, керектүү нерселерин алып келди да, казык айрыган жерин тигип койду. Туйлаган кулун кыйлага өзүнө келе албай, мал доктур жаткырган жерде жата берди. Анын мал болуп кетээрине Медердин атасы ишенбей турду. Дагы жакшы, булардын бешенесине мал доктур табылып калды. Эгер ал башка жакка кеткен болсо, эмне кылышмак?

– Кулундардын катарында эле турсун десе, сен да, «бөлүп коёлу, бөлүп коёлу, кулундарды тепкилеп жаман кылып жатат» – деп... Бир четине байлап койсоң, тура бермек, – деп аялы тору кулунга жаны ачыгандай, аны улам айланчыктап жатып, күйөөсүн тилдеп жатты.

– Көрдүң го, тыбырчылап тим турбайт, тепкиленет. Өзүнчө турса, тынчыйбы дедим да.

– Коркпоңуз аке, мал болуп кетет. Жакшы ичегилери жарылбаптыр. Тери эмне, эми эле бүтүп калат. Кичине ооруксунуп калды да, ошого жаш мал жоошуп турган кези да, – деп мал доктур алардын көңүлүн алып жатты.

– Ушу кулунуңуз жөн мал болбойт, чыкса бир укмуш болот го, – деп койду мал доктур.

Айткандай эле тору кулун тез эле айыгып кетти. Аны башка кулундарга кошуп коюшту эле, баягысындай эле тыбырчылап, тим турбайт, тепкиленет. Так секирет. Ка-

тар байланган кулундарга тынчтык бербейт, улам желе кыбыраган сайын, жайдын ысыгында ылоологон кулундар да кошо тыбырчылашат. Жер чапчып, желенин чаңын да чыгарып жиберет. Кишенегени кишенеген. Энесин эле чакыра бергендей. Анан саап жаткан мезгилде энесинин эмчегин коё бербей, убара кылат. Ал Медерди анан апасын гана жакшы көргөндөй, аларды жакшы көрөт. Медер алаканын тоссо, жалагылап, анан колунан жыттагылап, эркелегенсийт. Медер ар күнү күн ысып калган ченде кулундарга сүт берет. Башка кулундар тим туруп гана ичип алышат, а тору кулун аны да тим ичпей, улам сүттү уурталагылап, анан аны кайра оозунан бүркүп салып, анан чаканын аяк-быягын да тиштегилеп жатып ичет. Медерди кыйла убара кылат, бирок, бул кулунду жакшы көргөн Медер баарына кайыл. Аны менен эрмектеше берет. Атасы бул тору кулунга катаал мамиле кылгангабы, жанына жакшы жуута бербейт. Кулагын шалпыйтып, көзүн аландатып тура берет. Медерге болсо эркелеп, эки алдыңкы бутун өйдө көтөрүп, ары-бери туйлайт да турат. Анан Медердин колдорун жалмалап да жиберет. Сүттөн сырткары ысыкта чаңкап калышты деп, кезек-кезек суу да берет. Айтор, Медердин керээли-кечке эрмеги кулундар. Тору кулун башкалардан кыйла бийиктик да кылат. Атасынын «буюрса ушул кулундан күлүк чыгат, жакшы ат болот» деген сөзүн угуп калган эле. Ошондонбу тору кулунду жакшы карай баштаган.

– Көп суу бербе, ансыз да энесин эмип жатпайбы, – дейт апасы.

– Ысыкка какталып, суусап жатат да.

– Суусабайт, жылкы малы ошондой болот. Ысык ага жагат да… бар андан көрө өзүбүзгө суу алып кел… деген сыяктуу башка ишке жумшайт. Аны аткарып коюп деле тору кулунга тартыла берет.

* * *

Бул кулун өздөрүнүн чоң тору бээнин сегизинчи баласы эле. Тору бээни атасы кайсы бир алыскы жактан чоң

акчага сатып келген экен. Жакшы мал болуп, ар жылы ургаачы тууйт эле. Өзү менен өзү көбөйүп, атасы да ушул малдын артынан байып, турмуштары оңолуп жатпайбы. Азыр атасы бул өрөөндөгү «мен» деген, колунда бардар адамдардын бири болуп чыга келди. Тору бээнин балдары эле 10дон ашты. Желеде байланып турган беш бээ да ошол тору бээнин тукуму. Ошондон уламбы «тору бээден тукум алабыз» дегендер көп чыгып, ар жылы туулган кулундарынан бирден экиден ой-бойго койбой сатып алып кетишет. Ал эми бул жылы өтө шок, тынчы жок өзүнө окшогон бирок, эркек тору кулун тууду. Ага Медердин атасы катуу сүйүндү. Себеби, «мингенге ат болот» деди. Ал эми тору кулун туулганына он күн болбой жатып, минтип шоктугунан казыкты минип олтурат. Аны биринчи күнү эле Медерге энчилеп койду атасы.

Тору кулундун өсүүсү да тез болду. Атасы ага сыртынан сүйүнгөнү менен ичинен «көз тийбесе экен» деп, тынчсызданат. Алар жайлоодон жакага түшкөнчө тору кулун тик тартып, куйруктары да ылдый түшүп, башка кулундардан кыйла эле айырмаланып турду. Алардын үйүнө келген сынаакы адамдар:

– Буюрса, ушул кулундан чыгат… деп кетишет. Атасы: «Айтканыңар келсин ылайым», – деп коёт. Жакага түшкөндө бул кулунду көп эле адамдарга көрсөтө бербөөнү чечти да, атайы сарай ичинде бакты. Эртели-кеч туйлап турган мал андай камакка көнө албай жүрдү. Энесин башка жакка бөлүп кетишкенде, кыйла эле жалгызсырап, үнүн баспай кишенеп жүрдү. Анан Медер жем баштыкка жем салып келип берет. Суу берет. Ошого гана алаксып жүрүп, энесин унуткандай болду. Кышы менен ошол сарайдан сыртка чыгарышкан жок. Кээде гана жетелеп барып, чоң арыктан суугарып келишкени болбосо, ошол узунунан түшкөн сарай ичинде гана багылды. Анан кийинки жаз келди. Тору кулун буттары узун, типтик, супсулуу, жүндөрү жалтыраган, жал-куйругу тикчийген тору тайга айланды. Адаттагыдай эле жаз келип, жайлоо башталды. Жылдагы үйүр жылкыларды топтоштурушуп, көнүгүшкөн

кошуналар, өздөрүнүн жайлоолоруна чыгышты. Тору тай субай жылкылардын арасында жүргөнү менен чоочун жылкыларды үйүргө жакындатпай, бул үйүрдүн башчысына жардам берет. Алыстан эле башка жылкы көрүнсө тик секирип, катуу кишенеп алат да, тиги жылкыга карай атырыла жүгүрөт. Анан аны кыйла жерге чейин кубалап барып, кайрылып келип, өз тобуна кошулат. Тору тайдын мындай жоругуна кубанган Медердин атасы ичинен кыбыңдайт. «Буюрса эл айткандай эле болот экен. Кой көз тийбесин, тфу-тфу...» – деп алат. Анан атасы бир нерсеге таң берет. Ал да жети кыздан кийин уулду болду. Тору бээ да жети ургаачы кулундан кийин муну тууп олтурат.

– Карасаң окшоштукту, ушуну ойлобопмун, – деди, бир күнү аялына. – Анан Медерге жакын болгонун да карабайсыңбы, – дейт. Анан баягы бул кулун туулганда эле уулуна энчилеп койгонун эстейт. Ошондо, аялын чакырып туруп:

– Ушуну Медерге энчиледим, – деген.

– Эми аны энчилесең, энчилебесең деле аныкы да. Биз эмне көрүбүзгө алып кетмек белек, – деди аялы.

– Ошентсе да, «ушул сенин малың» десек, бала сүйүнүп калат да.

– Айтсаң айтып кой... аялы кайдыгер гана жооп айтты. Экөөнүн ушул сүйлөшүүлөрүнөн кийин, атасы Медерди атайы ээрчитип келип, тору тайды кармап туруп:

– Ушуну сага энчиледик, балам. Сенин малың. Эмне кылсаң өзүң билесиң, – деди. Бала атасына таң калып турду.

– Эмнеге менин малым, биздики да?

– Биздики дечи, ошентсе да, сага энчилеп жатпайбызбы. Кийин чоңойгондо өзүң минесиң дегендей... Бала да болсо Медер атасынын бул созүн туура көрбөй турду. Себеби, ал атасынан мал бөлүп кайда алып бармак? Тору тайды болсо жанынан артык көргөнү чын, бирок, аны биротоло өзүнө энчилеп алганды туура көрбөдү. Бул үйдө эркектерден атасы экөө эле да. Экөөлөп минишет. Эжелери баары бой тартып чоңоюп келатышат, алар малга жа-

кын да эмес. Үй тиричилигинен бошошпойт. Жайлоого деле чыгыша бербейт. Медерге удаалаш Алия эжеси гана кээде келип калганы болбосо, калгандары жакадагы жумуштар менен алек.

Ошентип, дагы бир жай өттү. Тору тай мурдагысынан да шоктугу ашынган калыбында жакага түштү. Медер менен кан жаны бир бүткөндөй экөөнүн ынактыгы да күч алып баратты. Аны минүүгө көндүрүштү. Медерге гана ык салып берет. Башкаларды жанына жуутпайт. Медер үстүнө ээр токуса да макул. Ар убак өз кароосуна алган. Ушул кышта айылда той-аш көбөйдү. Медер да тору тайды суутуп, байгеге салып көрөйүн деген оюн айтты атасына.

– Азыр жаш, сен да жашсың балам. Кийинки жылдан тартып кошо берсең болот, – деди атасы. Ырас, ошол жылы Медер тим гана тору тайын минип, улак тартыш, байге жарыштарды, эңиштерди көрүп жүрдү. Андай тамашаларды суктануу менен карап турса, тору тайы да байгеге түшкөнгө жүткүнөт. Кышкы суукта ушундай ат оюндарына бара берип, жеңил кийинип алганбы, бир жолу Медер катуу ооруп калды. Эти ысып, жөтөлүп чыгат. Ушул учурда тору тайы да сарай ичинде кыйналат. Ага жем, суу, чөп салып турчу Медерди күткөндөй, атасы келсе кошкуруп, кулактарын жапырып, ага ачуусу келгендей түр көрсөтөт. Мал да болсо, бирдемени сезгендей, атасынан Медердин абалын сурап жаткандай. Анын мындай көрүнүшүн аялына айтып келет атасы.

– Жаныбар, мал да болсо Медердин ооруп жатканын сезип жатат окшойт. Мени жанына жолоткусу келбей, кулактарын шалпайтып жатат. Тээп же, тиштеп жибереби деп корктум, – дейт.

– Койсоңчу, өз малыңдан коркуп... сага ошондой көрүнүп жатат да, – аялы мыскылдуу сүйлөйт.

– Чын айтам... ишенбесең барып көрчү сен, – деп аялына силкинип алат. А бирок, аялын тору тай жакшы кабыл алат. Аны жыттагылап, кулагын тикчийтип, аны менен саламдашып жаткандай.

– Кана, тим эле турат го, – деп апасы ого бетер атасынын ачуусуна тиет.

Медер, бир жумадай төшөктө жатты. Билген дарылары менен дарылашкан болду. Бир аз өзүн сергек сезип, денесинин ысыганы басыла түшкөнсүдү эле, ордунан туруп сарайга кирди. Экөөнүн учурашуусу бир башкача болду го. Медер тору тайын өөп-жыттагылайт, анысы болсо улам бетин тосуп, башын чулгуп, тыбырчылайт. «Кайда жүрдүң?» дегенсип, Медерди башы менен түрткүлөп-түрткүлөп коёт. Ал жок жакшы деле жем-чөп жебеген көрүнөт, көздөрү китирейе түшүптүр.

– Эмне мени сагындыңбы? Мен дагы сагындым... мен ооруп жаттым да... дейт. Тору тайы анын сөзүн түшүнгөндөй, баштарын ийкегилейт. Экөө ушинтип көпкө «сүйлөшкөндөй» болушту.

* * *

Медер күткөн күн да келип, ал тору тайын байгеге салды. Күлүк жарышка түшүштү. Тору тайын өзү минип алган. Атасы бул мелдеш болот дегенден 20 күн мурда тору тайды таң ашырып, норма менен тамак берип, суутуп жатып, мыктылап даярдап берди. Атасы да мыкты саяпкерлердин бири эмеспи. Бул байге райондогу чоң тойдо өткөрүлдү. Атасынын мээнети кайтып, Медер менен тору тайы биринчи келишти. Байгеге коюлган төөнүн тайлагын утуп алышты. Экөөнүн биринчи байгеси деп, атасы айылга түлө берди. Эл чакырып батасын алды. Элдин батасы тийдиби, ошондон кийин Медер тору тайы менен катышкан кандай да болсун ат оюндарындагы жарышта байгесиз келишпейт. Эки жолу областка да барышты. Тору тайы чоң кунанга айланды. Анан анын даңкы район эмес, облуска жетти. Улак тартыштарга, күлүк жарыштарга да салат. Машина да утуп алышкан күндөр болду. Улам жарышта анын күлүктүгү артып, алга жүткүнүп турду. Жайкысын болсо, үйүргө коюшат. Эми ушул тору аттан тукум алып калууга ашыккандар чыгып жатты. Алардын үйүрүнө атайын алыстан да алып келишип, кошуп

кетишет. Өз үйүрүн көз карегиндей коргоп, сактап турганы өзүнчө узун сөз. Чоочун жылкы бул тарапка дегеле жолобойт. Тору аттын бир жолу тишине кабылган жылкы малы дегеле бул тарапка бут баспайт. А түгүл ээси минип баратса да, ушул жайытка жеткенде артка кетенчиктейт да турат. Тору атты кимдир бирөө кайтарып, аны башка жакка айдап турбаса, ал жылкынын жолдон өтүшү да тозок. Тору аттын ушундай ашынган жоругу эл арасына дуу тарап, аттын үстүнөн арыздангандар чыга баштады. Түнкүсүн да үйүрүн бир гана жайыкка топтоп алып жүрөт. Эгер башка топтогулар көрүнүп калса, кулундарына гана тийбейт. Үйүр башчысынан тартып, субайларына чейин тиштегилеп салат. Ошондон улам районго, сотко, милицияга байма-бай арыз жазгандар арбый берди. Тез-тез Медерлердин үйүнө арыз текшергендер келе баштады. Өз көздөрү менен көрүшөт, тору аттын сулуулугуна, сымбатына суктанып кайтышат.

– Мал эмес бекен, аттиң, менин малым болуп калса не... – деп, тамшангандар, суугун арткандар да бар. Ал эми текшерүүчүлөр:

– Бул атыңызды сатып эле жибериңиз, сиздин артыңыздан түшкөндөр көп болуп баратыптыр, мынаке караңыз, канча арыз турат. Өзүңүз эле тааныган адамдар. Көпчүлүгү жылкыларын сиздин атка тиштетип алышкандар. Алар да күйүп жатышат да. Азыртан сатып жибербесеңиз, кийин мамлекетке жөн эле алып коюшу мүмкүн. Же, өчөшкөн бирөө болсо, жамандыгына алып, атыңызды майып кылып коюшпасын, – деген кеңеш беришет. Баягы жылкысынын бир жерин тору атка тиштетип алгандарга айып наама төлөп беришин талап кылышат. Ушундайдан тажаган атасы бир күн:

– Сатса сатып ийсекпи? – деп, аялына кеңеш салды.

– Койчу, аны балага энчилебедиң беле? Өзү билет дебедиң беле? – деп, апасы секирип кетти.

– Анан эмне кылабыз, бул аттын жоругу күчөп кетти го. Карачы, канчалардын жылкысын тиштеп койду, тиги Асылбектин аты таптакыр мал болбой калды.

– Эми мал экен да... өз үйүрүн коруп жатат да...

– Чын эле жамандыгына алган бирөө болсо, майып кылып койсо эмне кылабыз? Ансыз да Асылбек айтып жүрөт дейт, акыры өчүн алам деп. Жакшы аты бар эле го...

– Балаңан сурап көрбөйсүңбү?

– Ал көнө бербейт го. Тору ат менен жаны бирге эмеспи.

– Анда сатпа. Баланды капа кылып алып, анан...

– Ушинтип бөөдө ар кимге док төлөп жүрө беребизби? Балага түшүндүрөлү. Сен да айт, – деп аялына жай түшүндүргөндөй болду.

– Болуптур, айтса айтайын, – дейт, апасы, кандайдыр кооптуу. Анткени, уулунун көнө беришине көзү жетпейт. Тору аты дегенде жанын берчүдөй түрү бар эмеспи уулунун. Эртели кеч эрмеги дагы. Анын үстүнө Медер да бой тартып, келерки жылы мектепти бүтөт. Медер жайлоого келгенче бул жерде дагы бир окуя болду. Тору ат үйүрүн кызганып кошуна жайыттагы бир үйүрдөгү эки кунандын мойнун бурап туруп чайнап салыптыр. Тим эле араң турушат. «Мал болбойт», – деп мал доктур айтып кетиптир. Калчылдап турган эки кунанды жетелеп келди ээси. Ачуусу өтө эле чукул, кара киши, атырылып, Медердин атасын чаап алчудай түр менен келди.

– Атаңдын оозуна... сенин... мал күткөнүңдү сенин сс... азыр атыңды атып саламын... – деп атырылат. Кой-айга болчудай эмес. Эки кунанды казыкка байлады да:

– Эртеңден калбай ушул эки малымдын ордун толтурбасаң, атыңды ит аткандай атып саламын, – деди. Же тору атты уруша албай, же, өзүн уруша албай, атасы кыйлага дендароо тартып олтурду. Бир заматтагы ызы-чуудан кошуналары топтолуша түшүштү.

– Кейибеңиз, мал табылат... ачуусу менен айтты да... – дейт бирөөлөрү. Алар да тору аттан кол үзгүлөрү келбейт.

– Сатса сатып жибербейсизби, ушунчалык да митайым жылкы болот экен да... – дейт, дагы бири.

– Жаш экен да экөө тең. Буларды неге мынча кажыды экен десең? Коркуп калышкан да, ооруксунуп турат.

Мал болуп кетээр, көп кейий бербеңиз, – дейт экинчиси. Калчылдап казыкта байланып турган эки кунандын абалы чынында да оор эле. Мал болуп кетүүсүнө баарынын эле ишеними аз болуп турду.

– Мал болбойт, мойнунун тарамыштарын бырчалап кажып салган тура. Бир-эки күндүк эле жаны калды булардын, – дейт мал доктур дагы.

Кошуналарынын бир сөзүн укса, экинчисин укпай, дендароо тартып турду атасы.

– Кой, балаңа айт да, жок кылбасаң болбой калды. Ушинтип док төлөп, анан жаман сөзүн да угуп жүргөнчө, «ач кулактан тынч кулак» эле бололучу, – деп апасы да катуу силкинип алды. Алар ушинтип кейип-кепчип турган чакта Медер келип калды. Короодо турган эки кунанды, алардын калчылдаган түрүн, мойнунда сызылып агып турган канды көрүп, анын да ээси чыгып кетти.

– Буларга эмне болгон? – деди чоочуй.

– Баягы тору ат да. Кажып салыптыр.

– Кимдики булар?

– Ылдыйкы жайыттагылардыкы экен.

– Ким көрүптүр кажып жатканын? Жөн эле Тору аттан көрүп жаткандыр? – деди Медер бул окуяга ишене бербей.

– Кажып жатканын алыстан көрүп, ал жетип барганча ушунчалык тиштеп коюптур да.

– Өзү айттыбы?

– Ооба.

– Калп айтып жаткандыр... – Медер, дагы да ишенбей жатты.

– Чоң эле киши калп айтчу беле? – Апасы, сөзгө аралашты. Аны кошуналар да коштоп кетишти.

– Мен баары бир ишенбейм. Эмне болсо эле Тору аттан көрүшөт. Малдарын жакшылап карай алышпайт дагы, асылганы эле Тору ат, – деп Медердин ачуусу келе түштү.

– Жок, балам, Тору атта да бар. Каратып туруп эле канчалардын жылкысын кажып таштады.

– Айтып жатам го, жакшылап карай алышпайт. Ар кимдин өз жайыты бар да, – дагы деле Медер туталана берди. Кыйладан кийин атасы үн катты:

– Кой балам, тиги экөөнүн ордуна берели да, Тору атты саталы. Чын эле атса атып салат, – деди.

– Кайда сатабыз? Кимге сатабыз?.. Мага сатыңыз... мен башка жакка алып барып багамын... үйүргө кошпоймун... эч кимге көрсөтпөй багамын... – Медер ыйламсырай ушуларды айтып, железе турган Тору ат тарапка басты.

Баласынын бул түрүн карап туруп, аны капа кылып алганына көзү жеткен атасы, артынан жөнөдү. Медер бир мүнөз, оор басырыктуу, көп сүйлөбөгөн бала болуп өсүп келаткан. Ошондон улам да ага көп сөз ашыкча экенин баары билишет. Тору аттын жанына барды да, анын жалынан сылагылап, бир алдын урушуп да алды.

– Эмне бирөөнүн малын кажыйсың я? Жин тийдиби сага. Мына сенин айыңдан тигинтип док төлөп жатабыз. Анан сени сатабыз деп жатышат? Жөн эле жүрсөң болбойбу я?.. Анын сөзүнө түшүнгөнсүп, Тору ат да башын ийкегилей коёт. Медерге эркелегенсийт. Күндүн ысыгынан ылоолоп жатканы дегени менен ал да Медерге бир нерселерди айтып жаткансыйт. Анын көз карашы башкача эле. Же «сатабыз» дегенин түшүндү бекен? Экөөнүн ушул турушун кыйлага чейин карап турган атасы жашып кетти. Көзүнүн кычыгына келген жашын акырын аарчып алды да, илкий боз үй тарапка басты. Айласы куругандай түрү бар.

– Эмне кылабыз эми... тигилерди го төлөйбүз... Тору атты кантебиз? Бул жоругун уланта берет да. Эми күчүнө кирип, анысын кайда жумшарын билбей турган чагы да... Тиштери да курчуп... – өзү менен өзү сүйлөшкөн атасы, үйдүн жанындагы көлөкөгө олтура кетти. Кошуналары болсо өз үйлөрүнө тарашты. «Калганын өздөрү чечип алышсын» дешти окшойт.

Күүгүм киргенче, бээлерди железден агытканча, атасы башын жерге салып, үңкүйүп, үн катпай жүрдү. Медер да эмне дээрин билбейт, атасын сөзгө тартайын дейт, бирок,

эмне деп. Анан кечки саан бүтүп, жылкыларды агытып, койлорду короого киргизип, кечки тамакка олтурушканда атасы дагы сөз баштады.

– Тиги кунандардын калтыраганы бир аз басыла түшүптүр. Кан болгон жерлерин жылуу суу менен жууп, мойнун таңып коёлу. Анан далдоо жерге байлап кой. Тиги киши таштап кеткенден кийин, кайра алып барып берген болбойт. Карап туралы, балким мал болуп кетээр. Алардын ордуна эртең эки кунанды карма, алып барып берели... – деди. Атасынын да бир сүйлөөрүн билген Медер менен апасы үн дебестен макул болушту. Атасы айткандай кылып, эки кунандын тиштелген жерлерин жылуу суу менен жууп, тазалашып, таза чүпүрөк менен таңып, жамгырда майда музоолорду кармоочу жайга алып кирип байлап коюшту.

Эртеси, тиги эки кунан бир аз жандана түшүптүр. Аны көргөн Медер катуу кубанды.

– Мына, ата, мал болуп кетет дедим эле го. Булар мал болот. Анан эмне эле Тору атты сатам дейсиз, билбейм? – деди, ал кунандарды сылагылап жатып.

– Мал болушу го болот, бирок, буларды бизге калтырып кетти да, анын ордуна башкасын беришибиз керек.

– Ээ, берип салыңыз ар жакка. Ошолорго берген мал башы-көзүбүздөн садага.

– Ооба дечи, мал кара жерге кирсин, табылат. Бирок, Тору аттын айласы мени курутуп жатпайбы? Ал бүгүн муну жасап жатат, эртең дагы башкасын. Анын үстүнө көрө албастар көбөйүп жатпайбы?

– Ошого элеби, көрө албастарыңыз деле айтып, деп басылышат да, кайда барышмак эле? – Медер эки кунанды сыртка жетелеп чыгып баратып, кейип олтурган атасына кайрат айткандай болду.

– Ээ, балам, башың жаш да. Али эч нерсени жакшылап түшүнө элексиң. Бу, өздөн чыккан жат жаман дейт, колтуктагы кара чаар жыландар өзүңүн эле туугандарың болуп жатпайбы, мен ошого кейип жатам.

– Кимдер алар?

– Аларды азыр билип не кыласың? Кийин билип алаарсың.

– Билем, баарын билем. Кимдер арыз жазгандарын деле билем. Аларыңыз үйгө келип, карт кекирип коюп, кымыз ичкенди билишет. Анан минтип котур ташын койнуна катып, көрө албастык кылышат. Тим жата беришсе эмне болот эле, Тору ат аларга не жамандык кылды?

– Балам, аны бир айтасыңбы, миң айтасыңбы? Ичи тар адам ушундай экен да... – кейиген атасы оор үшкүрүп алып, желе тарапка басты. Кечээ күнкү убада боюнча кунандарын тиштетип алган кишиге өз короолорунан эки кунанды кармашып, аныкына жөнөштү. Эки кунан тең Тору аттын баласы болуучу да. Медердин ичи ачышып эле калды. Тиги киши да уялбай-этпей, алар алып барган кунандарды алып калды. Ичинен кымыңдап, сүйүнүп жатканын баамдады Медер. «Кыйтыр киши экен. Ушул калп эле айтты болуш керек. Эптеп биздин Тору аттан тукум алып калгысы келди да...» дейт, балалык ой туюму. Атасы болсо ал кишинин кечээки күнкүдөй албууттанбай, сөгүнбөй тосуп алганына, анан алар алып барган кунандарды тим гана алып калганына кубанды. Себеби, эзели атасы уруш-талашты жактырбайт. «Ар бир нерсени урушпай, жаңжалдашпай чечсе болот да» деген принциби бар адам. Малынын кетип жатканына кейиген да жок. «Баш аман болсо, мал табылат» деди.

* * *

Баягы эки кунан бара-бара жанданып, моюндары айыгып баратты.

– Мал доктуруң деле сүйлөй берет экен да, – деп коёт атасы улам алардын жаратына даары коюп жатып. Көп өтпөй экөө тең мал болуп, оюн салып эле кетишти. Бирок, эми алар булардын малы болуп калды. Ал эми Тору атка кардарлар келе баштады. Алар аны сатабыз деген деле эмес эле. Кандайдыр сатып алуучулар күндө келет. Аларга «сатпайбыз» дешет, же, баасын өтө эле ашырып

айтышат. Ушинтип соодалашуу жүрө берди. Бир күнү булардын дарегине райондун бир чоңунун атынан кат келди. «Тору атты бизге сатыңыз, канча десеңиз, биз макулбуз» деген кыска гана кат. Мурда активист болуп иштеп жүргөн атасы, чоңдордун кадыр-баркын билет да. Анын үстүнө бул кат жиберген адамдын атасын да жакшы таануучу. Антсе да, Тору аттын сатылбашын айтып, жооп кайтарып жатты. Бирок, кайра-кайра адам да жиберет. Ошол чоңдун жалгыз уулу бар экен. Жакында той өткөрөт тура. Ошого уулу үчүн жакшы ат жасап бермекчи болуптур. Тору аттын дайнын ага ким айтканы белгисиз. Бир нече жолу адамдар ал кишинин атынан келе беришти, атасын ынандырса, Медер көнбөйт. Акыры ата-баланын айласы кетти. Макул болушпаса болбой калды. Тиги кардарлар келип, үстү жабык, чоң КаМАЗга жүктөп алып кетишти. Ошондо тору аттын кишенегени ай, машинага Медердин жетегинде жөн эле чыккан, кулактарын куушуруп, бирдемени сезгендей, улам желе тарапты жалт караганы эле болбосо, Медер досуна ишенгендей, бейкапар турган. Анан машина өр ылдый жүрө баштаганда ага жан кире түшкөндөй, ачуу чаңыра баштады. Тим эле кишенегени сай-сөөктү сыздатып жиберет. Медер көз жашын көлдөтүп жатты. Атасы да тим турган жок. Апасы «укпайын да, көрбөйүн» деп, тээ ылдыйкы кошуналардыкына кетип калган. Ошентип, бир үйүр жылкы ээсиз калды. Алар да Тору атты жоктогонсуп, ары-бери жүгүрүп жүрүшөт. Тору аттын кишенегени угулбай калганча, алар тынчыбай турушту. Ата менен бала сүйлөшпөй калышты ошондон кийин. Бири-бирине таарынган түрлөрү бар. Желе тарап тынтынч. Күндө Тору ат үйүрүн өзү айдап келчү желеге. Эми атайы адам барып, чогултуп келмейинче жайытта жүрө беришет. Айрым субайлары таптырбай да жатты. Атасы күндө бирден жок издейт. Медер жайлоодо көпкө жүрө албады. Тору аттын жүргөн жерлерин көрүп, анын карaанын издей бергенинен, атасы аны жакага жиберди.

* * *

Ушинтип жүргөн кезде, тээ ылдыйтан Тору аттын кишенегени угулду. Желездеги жылкылар тыбырчылап эле калышты. Медер бул кезде жакада болуучу. Биринчилерден болуп апасынын кулагы чалгандай болду:

– Токточу, Тору ат кишенеп жатат? – деди ордунан обдула.

– Койсоңчу... – атасы, кол шилтей өз иши менен алек боло берди.

– Уксаң, ылдый жактан кишенеп жатат... уксаң? – дейт.

– Жылкы бирдей кишенейт да, ошону билбейсиңби? – дейт атасы.

– Сен биринчи тыңшасаң?.. – Экөө ушинтип кайым айтышканча, тиги үн жакын жерден чыга баштады. Эми даана угулду. Экөө тең ордуларынан лып туруп, сыртка жүгүрүштү. Бул кезде Тору ат үйүргө жакындап калган экен. Жаныбардын буту тушалуу тура. Ошентсе да, чоңчоң секирип, атырылып эле келатат. Желедеги жылкынын баары ал тарапка агылды. Жылкылардын сагынычы да бир укмуш тура. Моюндарын кыналыштыра, улам бири такыраң атып, оюн салган болот да Тору аттын жанына келип, аны менен учурашып жатышты. Галошун кийбестен жүгүргөн атасы Тору атка жетип эле, анын тушоосун кесип жиберди. Ичке, кенеп жип менен тушаган экен. Бутун оюп жиберсе да, ушунча жерди басып келгенине таң калды.

– Жаныбарым ай... жаныбарым... Сенин убалыңа калдым окшойт... – атасы Тору атка жалына, анын жалынан сылагылап жатты. Кантсе да ээси эмеспи, Тору ат да анын ыгына көнүп, желедеги жылкылардын баары менен учурашып бүткөн соң, башын чулгуп коюп Медердин атасына да тим туруп берди. Желеде байланып турган кулундар да үн салып коюшат кезек-кезек. Анысы «келдиңби, биз сени сагындык» дешкени го. Муну көрүп турган кошуналар да жүгүрүп келишип, булардын кызыгына батып турушту.

– Медерди чакырт кокуй, – деди апасы.

– Чын эле аны чакыртыш керек. Бечара балам, катуу чүнчүп кетти. Ушунун айынан мага да оңдуу сүйлөбөйт, – деп атасы сүйүнүп алды да, кошунанын тестиер баласына өзүнүн атын токуп берип, жакага жиберди. Жайлоодогулар болсо «Тору аттын келиши үчүн, өз үйүрүнө кайтышы үчүн» дешип, кубангандарынан аны «белгилеп» да жатышты.

Тору аттын келгенин уккан Медер жакадан тез эле жетип келди. Тим эле өпкөсү көөп алыптыр. Экөөнүн кездешүүсү бир укмуш болду. Тору ат кеткенден бери кабагын ачпаган ал ушул мүнөттө жүрөгү жарылчудай сүйүндү го. Аттын бети башынан өпкүлөп, жыттагылап, ага жалынып жатат.

– Жаныбарым менин... акылдуум менин... кантип келдиң... кантип качып келдиң? – дейт. Тили болсо баарын төкпөй-чачпай айтып берчүдөй болгон Тору ат, баарын көзү менен жооп берип жаткансыды. Медер эми ачылып сүйлөп, чечекейи чеч болуп турду.

– Эми ата, Тору атты, эч жакка кетирбейбиз, – дейт, атасына.

– Ооба, балам, эч жакка кетирбейбиз.

– Тим эле алтынын алдыңызга үйүп салса да, бербейсиз, уктуңузбу? – деди, өктөм сүйлөп.

– Ээ, балам бул ат алтынга алмашкыс го. Бирок, жанагинтип күчкө да салып жатышпайбы? – атасы кейиштүү сүйлөдү. Уулунун кабагы ачылып, мурдагысындай барбалаңдап жатканына ал ичинен кымыңдаганы менен көңүлү кыйла кыраа болуп турду. Себеби, эртели кеч аны сатып алган ээси алып кетет да. Аны сатышкан эмеспи. Ушуну ойлоп, кыжалат боло баштады.

– Ай балам, баласың да. Муну сатканбыз да. Ээси кайра алып кеткени келсе эмне дейбиз? – дейт.

– Болду бербеймин. Акчасын кайрып бериңиз?

– Ошого көнүшөөр бекен?

– Көнбөгөндө кайда барат экен? Мен бербейм эми, – аттын жалынан кармагылап, жонун сылагылап жаткан Медер чечкиндүү сүйлөдү.

– Сен айткандай болсо кана. Болбойт го... райондун чоңу болсо...

– Чоң болсо өзүнө... жакшылап кайтара албагандан кийин... эми келдиби, болду, кетирбейбиз... бербейбиз. Жаныбарым кыйла азып кетиптир. Бутун тушап да коюшкан окшойт, карабайсызбы, буттары кыйылып да кетиптир. Мал бага албаган немелер го. Кор кылып салышыптыр. Эми кантип беребиз? Бербейм мен, эмне кылсаңыз да бербейм. Азыр бир жакка алып кетип каламын. Көргөн жокпуз дейбиз.

– Ошентсе болчу беле, элдин баары көрүштү да. Эгерде бироө-жарым көрбөсө да, бир айласын кылса болот эле. Ошончонун ичинен бир-жарымы айтат да.

– Айтса, айта беришсин. Көп болсо, баягы кат жазып жүргөндөр айтат. Алардан неге коркобуз.

– Баары бир жашыра албайбыз, андан көрө алар менен адамча эле сүйлөшкөнүбүз оң.

– Анда жакшылап сүйлөшүңүз...

– Макул, келишсе сүйлөшүп көрөбүз... – уулунун көңүлүн жайгарыш үчүн айтып койгонсуду.

Алар аяк-башын жыйганча эле чоң үстү ачык, машина менен үч адам келип калды.

– Качып келген тура... таң калыштуу... кантип келди? – деп, таң калып жатышты алар. – Той ушул жума болот. Атты убактылуу тиги Саз жайлоосуна алып барып коюшкан болуучу. Ал жерден мында жөө келсең бир күндүк жол. Анан ушунча жерден кантип келди экен аа? – деп, кайра-кайра таңданышат алар. Булар келгенде эле Медер жиндене баштаган. Аларга кантип атырылып, аларды кантип бул жерден кууп чыгаарын билбей жаткан.

– Атты бербейм, – деди ал.

– Эмнеге?

– Ошого, бербейм, бир жолу бердик, жакшы карай албадыңар. Эми экинчи жолу бербейбиз. Шарт ушундай.

– Эми алып барган малды жакшы карап алсаңар болмок, кайрылып келди, артка кайтпайт, – деди атасы да чечкиндүү.

– Кой, антпеңиз, андай болчу беле? «Шеф» бизди тирүүлөй жутат. Андай дебеңиз, аксакал? – деп жашыраагы тыбырчылап жиберди.

– Качып кеткенин «шеф» билбейт. Жигин билдирбей алып барып, ордуна коюп коёлу дедик. Анте көрбөңүз, аксакал? – деп, дагы бири жалынып жиберди. – Үстүнө үстөгүн десеңиз да кошолу. Андай болбойт аксакал. Бизди тирүүлөй өлтүрөсүз. Бизде да бала-чака деген бар. Айтканыңыздын баарын жасайлы, бирок, анте көрбөңүз. Малды кайрып бериңиз?

– Мага акчаңардын кереги жок... малым керек... айла жоктон саттым эле. Бирок, болчудай эмес. Аңгырап калдык. Ал уулума энчиленген мал эле. Мынчалык митайым чыгат деп күткөн эмес элек... Уулум менен кан-жаны биргедей болуп калыптыр. Бул кеткени балам да чүнчүп кетти. Жалгыз уулум болсо, мага да бала керек. Минте берсе, мен да уулумду жоготуп албайын, мен ошондон корко баштадым. Жүрөгүм бир нерсени сезип атат... – атасынын үнү дирилдеп чыгып, тигилерге тик карай албай сүйлөп жатты.

– Айланайын аксакал, андай дебеңиз. Өзүңүз түшүнөсүз да. «Шефтин» жалгыз уулуна белек болот бул.

– Эмне бул ааламда жалаң гана «шефтер» жашаш керекпи? Менде да жалгыз уул бар. Бул атты туулгандан тартып өзү баккан. Ага энчилеп берген болчумун, түшүнүп жатасыңарбы, силер? – атасынын мындай ачууланганын Медер биринчи көрүшү эле. Камчысын бекем мыкчылап, жерди сабап жиберди.

– Менин да жалгыз уулумдуку болуучу. Муну сатып жибергенден кийин уулум экөөбүз жакшы сүйлөшө албай калдык угуп жатасыңарбы деги. Бирдемени түшүнүп жатасыңарбы? Мага акчаңардын кереги жок...

– Коюңуз аксакал, антпеңиз? – дегенден башканы айта албай, тиги үчөө бүжүрөп да, жалдырап көпкө турушту.

– Сөз ушул, акчаңарды кайрып беремин.

– Жок аксакал, албайбыз. Эгер анте берсеңиз, иш чатагына айланат? – эми эле нымтырап турган жашыраагы өктөм сүйлөгөнгө өттү.

– Сен антип мени коркутпай эле кой, кандай чатагына айланат. Өз малымды өзүм билем да акыры.

– Сиз аны саткансыз... эми сиздики эмес...

– Мына менин короомдо турабы... жакшылап карап албайсыңарбы?

– Мунуңуз өтө эле митайым турбайбы? Качып келбедиби?

– Карабасаңар качып келет да...

– Карап эле... тушалган жеринен качып келип жатпайбы?

– Мындай малды эч качан тушабайт. Бекем байлап карайт. Мал бакканды билбегенден кийин эмне кыласыңар дейм да?

– Эми, аксакал, жакшы эле малчылар карап турган. Минтерин билген жок да. Түндөсү качыптыр...

– Эмне кылсаңар ошо кылгыла, баары бир атты кайрып бербеймин. Ошол «шефиңерге» айта баргыла, силерге ишенбесе, өзү келип, акчасын алып кетсин, бир тыйынына да тийген жокмун, ошол бойдон турат. Ал акча баары бир бизге буюрбайт, – деген атасы, сөз бүттү дегендей артына бурулбай, басып кетти. Тигилер турган жеринде кыйлага чейин тура беришти. Медер болсо, Тору атка жайдак минип, ал да тээ кырга чыгып кетти.

Келген үчөө кыйлага чейин турушту да, аргалары кеткенде «баары бир буларды көндүрүш кыйын экен, башка жол менен келели» дегендей жолго түшүштү.

Куугунчулар кеткенден кийин Тору атты башка бир жакка алып качууну ойлоп жатты Медер. Бирок, каякка? Эч жакка качып кутулбайт да. Келген куугунчулардын айтымында атты сатып алган адам тим адам эмес. Колунда бийлиги да, байлыгы да жетиштүү неме экен. Бийлиги болгондон кийин ага көптөр баш ийет. Демек, күчкө салып болсо да, атты тартып алуусу мүмкүн. Атасы мына ушуларды ойлоп түпөйүл болуп жатты. Эгер Медер аны бир жакка алып кача турган болсо да, таап алышат. Айлалары куруп турду бала менен атанын. Жан шеригине айланып бараткан атынан айрылгысы келбеди

Медердин. Канткенде да, булар тим калышпайт. Баары бир келишет деп турушту. Алар күткөндөй эле, эртеси таң эрте тигилер дагы эки милиционерди ээрчитип келишти. Райондо иштеген чоңдун аброю күч экенин ушундан билишти. Тиги милиционерлер күчкө салып, атасын да, Медерди да коркута башташты.

– Бир саткандан кийин, эркек болбойсуңарбы, – дешет алар.

– Силер да жакшылап карап албайт беленңер? Ошончо жерден качып келди. Оңор жер эмес го? – деп, Медер да алар менен теңме-тең айтышып турду.

– Сен бала, көп быдылдабай, атты кармап бер?

– Бербейм.

– Бересиң, кандай бербейт экенсиң. Аны силер саткансыңар, кыйын экенсиңер башында сатпай койбойт беленңер?

– Сатпайт болчук, ошондо да күчкө салгансыңар. Силердин кандай акыңар бар, бирөөнүн малын күч менен тартып алганга?

– Азыр ал силердики эмес, кандай түшүнбөгөн немесиңер деги? – Болугунан келген милиционер да тыбырчылап жиберди. – Дегеле сөзгө түшүнбөгөн немесиңер го. Ал сатылган мал. Азыр ээси башка. Силердики эмес. Мурда болгон, азыр силердики эм-мес, түшүндүңөрбү? – деп ар бир сөзүн басым менен сүйлөп жатты.

– Эң сонун түшүнөбүз, акеси. Антип демитпеңиз, – деп Медер да аны туурап, ар бир сөзүнө басым жасап жатты. – Биз эң сонун түшүнүп жатабыз. Ал малды биз сатпайт болчубуз. Күчкө салышты, угуп жатасызбы?

– Анда азыр да күчкө салып алып кетсек эмне кыласыңар?

– Сала албайсыңар, азыр ат дагы барбайт.

– Ого-о, кантип билдиң? Ал деген мал, жетелесең кете берет.

– Ал мал болгону менен акылдуу мал, баарын түшүнөт, сезет. Азыр жанына барып көрүңүзчү, эмне кылар экен?

– Сен кармап бересиң?

– Жок, мен кармай албайм.

– Кармайсың, эгер тилди албасаңар, эмне болоруңарды сезип жатасыңарбы? Оңой эле айып тагып койсо болот. Силердин үстүңөрдөн арыз көп. Канча адамдын жылкысын тиштеп салды, канчасын майып кылды. Ошол арыздын негизинде эле, силерди заматта жоопко тартып, колуңарды кайрып туруп, камерага тыгып койсок эмне кыласыңар? – Жаш милиционер эми чындап коркутканга өттү.

– Ог-оо, акеси, катуу коркутуп жатасыз. Эмне жөндөн жөн эле колду кайрып, камерага тыга берсе болот бекен?

– Биз болтурабыз, ушинтип каяшаны катыра берсең, андан да жаман болуп калышың мүмкүн. Андан көрө сөзгө келгиле дагы, атты кармап бергиле.

– Андай болсо өзүңөр кармап алгыла? Качырган өзүңөрсүңөр, – дейт ачуусу жүзүнө чыгып, эмне кылаар айласын таппай турган Медер дагы деле тилин тартпай:

– Жакшылыкча кармап бербейсиңерби эми, эмне эле ишти татаалдантып жатасыңар. Антип кежирленбегиле деп жатабыз го. Азыр айыпкер кылып коюш опоңой, – деп демитет шериги.

– Бир жолу качырдыңар, кармап бердик го. Ошондон кийин жакшылап карап албайт белеңер? Мал күткөндү билбегенден кийин, эмне кыласыңар дейм да?

– Аны бизге айтпа, ээси башка...

– Анда силер эмнеге келдиңер? Ошол ээси келбейби?

– Сен көп акыл үйрөтпөй кармап бер атты? – Ачуусу келе түшкөн жаш милиционер балага опурулганын токтотпойт.

– Айтып жатам го, өзүңөр кармап алгыла. Мен азыр анын ээси эмесмин... силер күчкө салып сатып алгансыңар... силердин акчаңардын кереги да жок болчу... күчкө салдыңар... бизди жакшы аттан айрылттыңар... – Медер, эми чыдай албады, ыйлап жиберди. Балалык дили менен ыйлап жатты. Аны карап турган атасы да чыдай албады көрүнөт, ары басып кетти.

– Эгер, азыр сыйыңар менен салып бербесеңер, акыры жакшылык менен бүтпөйт. Дагы эскертем күч менен болсо да баары бир алып кетебиз... – деп опурулган эки милиционер Тору аттын жанына барышты эле, ал кулагын куушуруп, тигилерди качыра берди. Тим койсо тиштеп коюусу да мүмкүн эле. Аны сезе калган тиги экөө, артына карабай качып жөнөштү. «Жылкы баласы акылдуу болот, ал баарын сезип-билип турат» деген чын белем, Тору ат бирдемени сезгендей, желени айланып, үйүрүн топтоштуруп эле жатты. Улам Медерге опурулган адамдар тарапты карап коёт...

– Азыр Тору атты оңойлук менен кармай албайбыз, убара болбой эле койбойсуңарбы? – деди бир кезде атасы.

– Жок, аксакал, биз бул атты алып кетпесек болбойт. Ушул жекшемби шефтин уулунун тою. Муну ошого белек кылат да.

– Анда кармагыла өзүңөр? – Атасы да айласы түгөнө ушуларды айтты.

– Бизди таанybaйт да, уулуңузга айтыңыз. Ал үйрөткөн ат экен. Ошого көнөт болуш керек.

– Уулумдун сүйлөгөнүн көрүп турбайсыңарбы, анын жаны ачып турат. Ага бул ат энчиленген эле. Кулун кезинен өзү караган мал эле. Кантейин, заманың түшкүр, минтип экөөнү эки жакка бөлүп жатпайбы? Көрө албастар көп экен, ошолор арызданып жатып, жазып жатып, ушинтип салышпадыбы? Мындай акылдуу, зирек мал жок го. Эмне кылайын эми, айлам түгөнүп турат. Мен балама эч нерсе дей албайм... – атасы жашый кетти да, тигилерден окчун жерге барып олтуруп алды.

Ары кетишти, бери кетишти, акыры Медерди ынандырышты. Ал кочушуна жемди толтурду да, Тору аттын оозуна алып барды. Ал жемге алаксып калганда, башына жүгөн салды. Медердин ыгына көнгөн Тору ат, ал жетелеген жакка басты. Атайы жайлантып коюлган үстү ачык, чоң машинага карай жетелегенде гана бирдемени сезгендей артка кетенчиктеди. Ага болбостон, аркан менен узатасынан да, туурасынан да байлай салышты. Тургандар-

дын баары жабалактап жатып, машинага чыгарышты. Эми аттын башынан, төрт бутунан бекем байлашты да, жүрүп кетишти. Бул жолу Тору ат кишенеген жок. Медерге катуу таарынгандай ал тарапка карап да койбоду. Үйүрү жакты да тиктебеди. Өзүнүн алсыздыгын сезгенсиди. Тим гана көзүн жашылдантып коюп, кете берди. Жүрөгү канап Медер калды. Сай сөөгү сыздап атасы, апасы турду ал тарапка тигилип...

* * *

Көп өтпөй аларга кабар келди. Тору ат баягы жүктөлгөн машинанын үстүнөн бой таштаптыр... Ошондон кийин Медерлер жакшы атка жетпей коюшту...

# ҮТҮК

*(Аңгеме)*

«Атаң катуу ооруп жатат» деген кыскача жазылган кабар алган жигит, жумушунан шашылыш келип эле, келинчегинин тез камынышын талап кылды. Бул кезде келинчеги балдарынын кийимдерин үтүктөп жаткан.

– Атам катуу ооруп жатыптыр, барбасак болбойт. Эски дарты кайра башталган го, – деди. Негедир кыжалаттык байкалат жүзүнөн. Мүнөзү бир сырдуу, анан ачуусу тез келе турган сырын жакшы билген келин күйөөсүнүн айткандарын тездик менен аткара баштады. Антпесе, бир айтканын эки кылса, каарына калаарын билет. Жасап жаткан жумушун токтотуп, балдарын кийиндире баштады.

Сыртта кыш. Жылуу кийинишпесе болбойт. Алар бара турган айыл өтө узак, анын үстүнө тоолуу жер. Кышкысын бороон улуп гана турат. Анан оңойлук менен транспорт да каттай бербейт. Ошону эске алганбы, атайы машина да жалдап келиптир. Туура эле атасынын үйүнө дейре жеткирмек болуптур. Калдастап эле, иши бүтпөй, баш аламан кыймылдап жүргөн келинчегине ачуусу келген күйөөсү бир алдын кыйкырып да алды.

– Ыбырсыбай болбойсуңбу?

– Мына, балдарды кийиндирип алайынбы?

– Деги «адам» болбойт экенсиң да...

– Телефон чалып койгонунда... даяр турат элек...

– Ошондо деле баягы сенсиң да... бол тез... эрте жарыкта жетип алалы... – күйөөсү наразы боло, анан буйрук бере сүйлөдү. Бул учурда өзүн жоготуп койгон келин-

чеги алдастай түшүп, баш аягы жок кыймылы менен балдарын сыртка жетеледи. Алардын артынан чыккан жигит калганы бекитти да, сырттагы машинага олтурушуп, жөнөп кетишти.

Ырас, жол узак. Балдардын курсагына деп, бирдемелерди да алып албагына өкүнүп койду келин. Аны күйөөсүнө билдирбеди. Айта турган болсо, дагы бир жолу каарып аларын билет. Эми анын абийирине балдары жолдо тамак сурашпаса болгону. Күйөөсү келээрдин алдын эле балдарына жакшылап тамак бергенин эстеп, бир аз эс ала түштү. Анын бактысына балдары өтө эле чыр эмес, жоош. Айрыкча талаага чыкканда, апасынын айтканы менен болушканы аны кубантып келет. Бейчеки ызы-чуу да сала беришпейт. Экөөнүн тең жакшы сапаттары бар. Айрыкча машинага чыкканда дароо уйкуга кетишкени да, келиндин бешенеси. Машинага түшүп, бир жакка сапар тартканда дароо уктап калышат. Бул жолу да ошентишти. Машинанын жылуу кабинасына киргенде эле, экөө апасынын эки ыптасына кыйшайып, уктап кетишти.

– Балдардын сырткы кийимдерин чечип салсаңчы, тердеп калышат, – деген болду, алдыңкы орунда бараткан күйөөсү. Анын айткандарын кылып, балдарынын сырткы кийимдерин чечип, шапкаларын да алып, балдарын бооруна кыса, айланага көз чаптырып баратты келин.

Күйөөсү алар менен иши жоктой, үргүлөй баштады. Айдоочу жашы улгайып калган, кызыл жүздүү киши экен. Үн катпастан, бет алдын гана тиктей, кетип баратат. Күйөөсү экөө бир эки ирет гана бирдемелерди сүйлөшкөн болушту. Ал келинге угулган да жок. Анан машина ичинде жымжырттык өкүм сүрдү. Жол алыс. Бир аздан соң шагыл жол башталат. Анан өңгүлү көп, ойку-кайкы, ичке жолго кез болушат. Тынбай жүрүп олтурушса 8 саатта айылга жетип барышат. Сыягы жолдо токтошпойт деле көрүнөт.

«Атасы аман эле болсо экен», – деп тилеп баратты келин. Эгер бирдеме болуп кетсе, келинден көрөрү да бышык. Себеби, өткөн жылда да катуу ооруганда:

– Айылга эле кетели, – деген күйөөсү. – Атамдын жалгыз уулу болсом, жанына барсак окшойт. Апам кайтыш болгондон бери, өзүн таштап салды.

– Айылга барганда кантип жашайбыз? – Келин так секирип кеткен.

– Элдей эле болуп. Мал багабыз, жер иштетебиз.

– Койсоңчу, ушундай жогорку билимиң менен мал багасыңбы?

– Эмне экен, айылдагылардын баарынын эле билими бар. Алар эмне таптакыр эле билимсиз, сабаты жоюлбаган немелер деп ойлойсуңбу? – деп күйөөсүнүн ачуусу келе түшкөн.

– Андай дегеним жок... айылда сага ылайык иш жок да. Анын үстүнө үйдү кантебиз? Эми эл катарына кошулуп келе жатабыз го?

– Айылда деле эл катарына кошулуп жашайбыз... – келинчегинин минтип титиреңдеп жатканынан, анын ачуусун күчөтөйүн дедиби, сынаакы көз менен карап коюп, сөзүн уланта берди.

– Эгер керек болсо, айылда менден кыйындар жашашат. Эки, үч диплому менен мал багып жаткандар бар. Мен эмне, болгону финансистмин. Окумуштуулар жүрүшөт, жер иштетишип, картошка айдап, семичке эгип. Алардын алдында мен ким элем?

– Жүрө беришсин, сен ошолорго теңелем деп жатасыңбы?

– Теңелем дегеним жок, сенин сөзүңө жараша айтып жатам да. Айылда иш жок деп.

– Иш табылат, толуп жатат мага деле жумуш. Болгону ал жакка барууну каалаш керек, ошол айылдагыдай болуп жашагым келет деп, көкүрөгүң менен каалап барышың керек. Байланган иттей жетеленип барсаң, анда жашоо болбойт.

– «Шаарда иштейбиз» – деп башында өзүң кылгансың да. Эми эмне деп жатасың? Мен сага түшүнбөй турам?

– Атамдын абалына боорум ачып жатпайбы. Эки чиедей кызга кор болуп жүрөт. Алар да эртең эле чоңоюшат, анан шаарга окуйбуз дешет. Анан кимдин көзүн карайт.

– Анда бул жакка көчүрүп келбейлиби?

– Көп ачууга тийбечи, билип туруп сүйлөйсүң да... ал келчү беле?

– Эмнеге келбейт?

– Келбейт... көнбөйт да бул жакка. Ата-бабасы өскөн жер, кантип таштайт эле. Ата-бабасынын сөөгү жатат... кемпирин таштап салмак беле?

– Ушулар да кызык... тоо эчкидей болуп, кайдагы адам буту жеткис асканын башына асылып алышкан. Түздөк жер таппай калышканбы? Мындай эл жашап жаткан эле түз жерге жашашса деле болбойт беле?

– Айтып жатам го, ата-бабасы туулуп-өскөн жер да. Сен үчүн асканын башы болсо, алар үчүн ал жер бейиштин төрү эгер билсең.

– Бейиштин төрү деп эле, туш келген жерге жашай бериш керекпи?.. Кичине маданияттуу да жашаш керек да акыры. Эч нерсе жок, айланасы аска зоо, анан кагыраган таштар, эмнеси кызык дейм да? – Келин мурдун чүйрүйтө, бир нерсеге жийиркенгендей түр көрсөттү эле, анысына ачуусу келе түшкөн жигит, ордунан обдула, келинге өктөм сүйлөдү.

– Болду эй, тим койсо, асмандан түшкөнсүбөй. Сен эле укмуш жерде жашагансыңбы? Сен деле айылдын кызысың. Очокко от жагып, кара көө болуп эле чоңойгонсуң... Антип мурдунду чүйрүңдөтө бербе. Ал жер менин туулган жерим. Канча жылдардан бери биздин урпактар жердеген жер. Эч жакка кете алышпайт. Экинчи ушундай келжирек сөздөрүңдү укпайын, уктуңбу?

Ачуусу тез келген күйөөсүнүн сырын билген келин, эми үн катпай калды... Эми эле шагыл ташка түшүп, улам өңкүлдөп кетип бараткан машинанын айдоочусуна дагы бир жолу көз кырын салган келин, ушуларды эстеп кетти. Күйөөсү экөө акыркы кезде көбүрөөк кайым айтышып, анан күйөөсү өктөмдүк кылып, анын жаагын жап баса коё турганын эстеди.

* * *

Экөө жигит-кыз болуп жүрүшкөн кезде мындай кыялы жок эле. Абдан элпек болуучу. Бир үйдүн жалгыз уулу экенин айтып, жанында дайыма акчасы көп болчу. Атасы айылдагы байгер адамдардын бири окшойт, кийингени да дурус, сымбаттуу жигитти бир көрүп ашык болгондордун бири болуучу. Жигит да көздөрү бакырайган, келбеттүү, кара торунун сулуусу делген кыздын сыртынан көз салып жүрүп, анан өзү эле майрамдарда «куттуктоо открыткаларын» жаза берип, акыры жакшылап таанышып алган. Кызга түркүн-түстөгү белектерди бере берчү. Аялзаты белектин кулу го. Анын мындай мамилесине кыз жетине албай жүрчү. Курбуларына да жаккан жигит, сабактан чыкканда эле, кыздын жатканасына келчү. Экөө киного киришет, парк аралашат. Кээде дүкөндөргө кирип, кызга майда-барат косметикаларды алып берет. Кыздын бети башына өзгөчө көңүл бөлүп жүрүүсүн жактырганын айтат жигит. Ошондон улам өзү тандап туруп, эң кымбат бет боегучтарды, атырларды алып берет. Бал-бал жанган карагат көзүнүн үстүнө күрөң түстөгү боек сүртүп коюсун өтүнчү. Анткени, ушул түстү жакшы көрөрүн айтчу жигит. Болочок өмүр шеригинин айтканын эки кылбаганга ошондо эле каныга баштаптыр көрсө. Жигиттин эки эжеси, беш карындашы бар экенин билет. Аларга жага алаар бекен? Акыркы кезде кыздын оюнда ушул турган. Жигитке да четин чыгарганда:

– Эжелерим экөө тең жогорку билимдүү, алар түшүнүктүү адамдар, карындаштарым деле таптакыр тоолуктардай эмес. Мага жактыңбы, аларга жакканың, – деген. Экөө эки жылдай ушинтип кыз-жигит болуп жүрүшүп, анан жигит «досумдун туулган күнүнө барабыз» деген шылтоо менен кызды алдап, үйүнө алып баса берген. Бирок, үйүндөгүлөргө кабар берген экен, алар тээ түн жарымында келишсе да, дасторкон жайып, укташпай күтүп олтурушкан экен. Эл дүрбөп эле жүрөт. Көшөгө да тартылып коюлуптур. Жигит кызды коштоп эки машина достору да

бирге келишкен болуучу. Жол ката бири да кызды алып качып бара жатышканын билдиришпеген. Кыз да аяшынын туулган күнүнө бара жаткандай эле, бейкам келе берген. Жол ката ойноп-күлүшүп, улам токтоп, тамактан шам-шум этип алышып, сүрөткө түшүп келе беришкен. Эшик алды топураган адамдарга толгон үйгө келгенде да эч нерседен шек санаган эмес. Анткени, аяшынын туулган күнү болсо, келип-кеткендер жүрсө керек деп койгон. Ошондон улам досторунун катарында ал да машинадан ыргып эле түшүп, үй ичине кирген. Дегеле шек санай турган кыймыл да сезилбеген. Адамдар аларды жапырт тосуп алышкан да. Кезеги менен учурашышып, анан дасторкон четине олтура кетишкен. Кооз жасалган бөлмөдөгү жайылган дасторкондо не деген гана тамактар жайнайт. Кыз аларга бир сыйра көз жүгүртүп:

– Аяшыбыз жакшы жашайт тура, – деп койгон. Анан ушунчалык узак жерде жашаганына таң да калган. Жигитине жолдо келатып:

– Мынча алыс жашашат ээ? – деген суроо салган.

– Биздин айыл мындан да алыс болсо эмне кылаар элең? – деген.

– Ой чын эле. Мындан да алыс айыл барбы?

– Кыргыздын айылдарынын баары эле тоодо жайгашкан да. Улам тоо таянып кете беришет, – деп сөз кошкон досторунун бири. Алар дасторкон четине жайгашып олтуруп калышкан кезде, бөлмөгө эки үч келин, анан кемпир-аялдар кирип келишти да, кыздын жанына өтүшүп, анын башына жоолук салганга киришишти. Кыз буга таң калды. Анан кыздын жанына эки-үч аял келип, аны көшөгөгө жетелей баштаганда, дагы бир аял келип, жалынып, жалбарып, башына ак жоолук сала баштаганда гана жүрөгү болк этип алды да:

– Эмне болуп жатасыңар? – деген так секирип.

– Ак жолтой келин бол, кагылайын. Алганың менен тең кары... бак берсин... – деп жалбарган тиги аял, жоолукту кыздын башына салууга шашылды.

– Мен түшүнбөй турам? Эмне болуп жатасыз? Эмнеге жоолук салганы жатасыз? – Кыз башына жоолук салдырбай, алдастай берди.

– Кой антпе, кагылайын... жоолук салынып ал. Ушундай салт болот. Эл-журт келет, жыланбаш олтурсаң болбой калат кагылайын? Жалбара берген аялдын колун силке салып, кыз сыртка чыгууга аракет жасады. Арт жагында турган аялдардан чыгуу да мүмкүн эмес эле. Алар менен бирге келишкен досторунун бири да жок. Чоочун аялдардын арасына калтырып, баары качып кетишкендей.

– Айдың, Гүкү. Кайдасыңар? – кыз бирге келген курбуларын чакырып жатты.

– Алар тиги жакта. Азыр киришет... – дешти мында турган аялдар жабалактай.

– Мага ошолорду чакырып бергилечи?

– Азыр келишет... камтама болбо кагылайын, эч жакка кетишпейт. Күйөөң да келет.

– Күйөөм? Кайсы күйөөм? Ким? – Кыз алардын сөзүнө түшүнө бербей, үнүн катуу чыгарып, тигилерге жалдырай карады.

– Капырай ботом, кайсы күйөөм дегениң эмнең? Өз ыктыярың менен, сүйлөшүп келип алып, анан арамзаланбачы. Же, кыз кылыгын кылып жатасыңбы? – деди арт жакта турган жаш келин.

– Мен силерге түк түшүнбөй жатам. Мен эч кандай күйөөгө тием деп келген эмес болчумун. Алинин бир досунун туулган күнүнө деп келгенбиз. Алар мени алдаштыбы? Алар кайда азыр, чакырыңыздарчы? – кыз, иштин чоо жайын эми гана түшүнгөндөй, көз жашын көлдөтүп, ыйлап жиберди.

– Аа, кокуй, кызды алдап келишкен тура. Биз жөн гана кыз кылыгын жасап жатат го дебедикпи, – деген дагы бир аял, алаканын шак коюп, сыртка чыгып кетти.

– Ооба, Алини чакыргыла. Ал айтсын, – деди дагы бири. Эки келин жигитти чакырганы кетишти. Бирок, алар тез эле келишти. Жигит менен кыз ээн-эркин сүй-

лөшүп алышсын дештиби, кыздын жанында турушкандар сүрүлүп сыртка чыгып кетишти.

– Айка, мени кечирип кой, мен сага ачыгын айткан эмесмин. Атамдар эбак эле алып кел дешкенинен, эми сааты чыкты да.

– Ушундай да болчу беле? Менде да ата-эне бар гө. Аларга айтып эле, ачык үйлөнөт элек го? Ошентип сүйлөшүп жүрбөдүк беле, мындай болбойт да, – деп кыз, жигитине катуу бурк этип алды да, бетин басып ыйлап жиберди.

– Булар шаштырып жатышты да. Сага айтайын десем, макул болобу, же болбой коёбу деп, чоочудум да.

– Анан ушул кылганың жакшы эмес да. Азыр кетип калсам эмне кыласың? – деди, ыйлап жатып кыз.

– Андай кылба... анда булар элге шылдың болушат да... сен түшүнүктүү жансың го?..

– Сенин бул кылганың кудайга да жакпайт... мен мал эмес элем... тилегибиз башка эле го?

– Эртеби кечпи ушул күн келет эле да?

– Бирок, мындайча эмес... Алар ушуну сүйлөшүп жатышканда, сырт жактан аялдын шаңкылдаган үнү чыкты.

– Экөө эки жылдан бери жапжакшынакай эле сүйлөшүп жүрүшүптүр. Мына досторунун баары эле айтып жатышат. «Ала качып баратам» – деп, ачык айтпаганы менен, акыры үйлөнүшөөрүн билет эле экен. Койгула, ызы-чууну көбөйтпөй, жоолугуңарды салгыла да, көшөгөгө киргизгиле. Эми болду да, калптан эле кылыктана бербей. Бүгүн болбосо, акыры келет эле да, – деп жатты.

– Ой, акырын, алар өздөрүнчө сүйлөшүп жатышат. Сен шакылыктабай туруп тур. Алибек ичинде, – деди бири.

– Ии, анда жакшы. Баарыңар качып чыккан экен деп коркуп кеттим да, – дейт ал шакылдаган аял.

– Эми болор иш болду, көп наздана бербей, булардын айтканы менен бол. Салтын кыла беришсин. Жаш кыз эмессиң? – деп, кызды эркелете баштады жигит. Кыз солкулдап гана, жүзүн эки колу менен баскан бойдон ыйлап жатты. «Аргасы канча» дегенчелик, жигит, кыздын унчукпай калган кезинде, сыртка чыкты да:

– Салтыңарды кыла бергиле, – деп койду. Ушуну эле күтүп тургандай жанагы топтолушкандар сүрүлө кыз олтурган бөлмөгө киришти.

– Ооба, каралдым, акыры келмексиң да. Ийгиликтин эрте кечи жок дейт. Ак жолтой келин болуп эле, этегиңден жалгаса болду, – деген, жанагы шакылдаган аял дагы бир жолу жоолукту кыздын башына салганга аракет жасады.

– Жок, эжелер, мага азыр күйөөгө тийгенге эрте. Окуумду бүтөйүн… Биз ошентип сүйлөшкөн болчубуз. Атаэнем билбейт…

– Окууну бүтөсүңөр кагылайын. Биз да Алини жакшы тилек менен окутуп жатабыз да. Ээрчишип бүтүп аласыңар, каралдым. Эми эл журтка уят кылбай, жоолукту салынып ал, кагылайын… Булар да эл сыйлаган эле адамдар, – деп кайра-кайра жалбарган аял, кыздын бетинен өптү да, дендароо тартып туруп калганынан пайдаланып башына жоолукту сала койду.

– Ооба, окуудан кам санаба, бүтөсүңөр. Экөөң тең окуйсуңар да. Коркпой эле кой, окутушат, – деп кошумчалады арт жактан дагы бири. Анан жабалактаган аялдардын сөзү кулагында учуп, кыз өзүн жогото берди. Башка аргасы калбагандай, алардын жетеги менен көшөгөгө басып кирди…

* * *

Али айылы жөнүндө көп эле кеп салчу, бирок, алыстыгын айтчу эмес. Эртеси, күндүзү курбу кыздары менен сыртка чыкса, жалама аска тоонун ичинде, тоону боорлой салынган, бири-биринен кыйла эле алыс жайгашкан үйлөрдү көрдү. Жигиттин ата-энеси бардар эле турмушта жашашат экен. Үйлөрү чоң, короосу да кенен экен. Малы да көптөй. Эл топурап эле жүрөт. Той шааниси өтө берди…

…Машинанын терезесинен сыртты ойлуу тиктеген келин, ушул күндөргө сересеп сала, кете берди. Эки чүрпөсү

эбак уктап калган. Күйөөсү да үргүлөп баратат. Бир кезде келиндин оюна бир нерсе келе калдыбы, чок тийгендей чоочуп алды. «Үтүктү өчүрдүм беле?» Ушул ой келди. Күйөөсү шашыла кирип келгенде ал балдарынын кийимин үтүктөп жаткан эле да. Аны розеткадан сууруду беле, же? Эстей албай койду. Жүрөгү кабынан чыгып кетчүдөй болуп, дүкүлдөп сого баштады. Ойлоно берди. Үтүктү сууруганы таптакыр эсине келген жок. Күйөөсүнүн шыпылдап кирип келгени, анан аны шаштыра баштаганы, балдарын кийинтип жатканы гана келет. Калганын эстей албады. «Өх-х» деп, оор үшкүрүп алды. Катуу үшкүрүп жибердиби, алдыда үргүлөп бара жаткан күйөөсү чоочуп кеткенсиди.

– Эмне болду? – деп артына бурулду да, уктап жаткан балдарына көз салып койду.

– Эч нерсе...

– Ии... Балдар катуу укташты го. Үшүп калышпасын, үстүлөрүн кымтылап кой, – деген болду. Келиндин оюу уйгу-туйгу. Деми кыстыгып, аба жетпей, өзүн коёрго жер таппай баратты. «Күйөөсүнө айтып көрсө не болот?» Жолдун жарымын гана арбытышты го. Акырын түшүндүрсө, балким ал деле туура түшүнөт да. «Кайра артка кайтыш керек, антпесе үй күйүп кетүүсү мүмкүн. Себеби, алар качан кайтат, али белгисиз. Атасы жакшы болгон күндө да, эки-үч күнсүз кайтышпасы белгилүү. Ага чейин үтүк жабырттап күйүп, бүтүндөй көп кабаттуу үйгө жабылат... Ордунан обдула калат, дагы деле үргүлөп келаткан күйөөсүн акырын ойготуп туруп, ал секирип кетпей турган жагдайда айтуу керек... Көз алдында тиги жактагы окуя... «...үтүктүн бети кызарып баратты. Кыпкызыл болуп чоктой абалга келди да, зымы жарылып кетти. Зымдан чыккан от, жанында турган буюмга жабышты. Баса үтүктүн жанында эмне бар эле? Аа, эстеди, кызынын калың кофтасын үтүктөп жаткан. Ошого жабышты. Жүндөн токулган неме тез эле жалбырттап күйө баштады. Алгач быкшып жаткан, анан жалбырттай баштады. Ал күйүп бүттү. Анан үтүктөгүчтүн үстүндөгү кездеме күйө

баштады... Ал да күйүп бүттү. Жалбырттаган от жерге түштү. Килемге жабышты. Килемдин бир бурчу жалбырттап күйүп жатса, бул тараптан терезе тоскуч торго да өттү. Анан үтүк сайылган зым күйүп олтуруп, үйдүн ичин кара түтүн каптап, жалбырттаган от алоолоп күйүп жатат. Ээ-жаа бербеген от терезеден сыртка чыкты. Залдын ичиндеги бардык буюмдар четинен күйүп жатты.. Залга улана коридорго узатасынан төшөлгөн жол килемге өтүп, ал да күйүп олтуруп, уктоочу бөлмөгө кирди. Ал бөлмөдө апасы жасап берген чоң да, кичине да төшөктөр шыпка жете жыйылып турат. Алар четинен күйө баштады. Жаңы пахта салынып, жасалган төшөктөрдүн күйүшү тез болду. Апасы чебер аял эмеспи, кызына деп жалаң сапаттуу, кымбат кездемеден жууркан-төшөктөрдү кооздоп курастырып, жерге сала турган төшөктөрдү арбын берген эле. Ал септерин күйөөсүнүн ата-энесиникине жеткирүү кыйынга тургандыктан, туура эле шаарга алып келип берген. Апасы сөөмөйүн жорутуп жатып, тиккен септин күйүп жатканын карачы. Жок дегенде андан четтеп өтүп кетсе не болот эле. Пахта отко тез күйөт да. Уктоочу бөлмөдөгү бардык буюмдар күйүп бүттү. Жалын бир тутанып алса, токтотуу кыйын да. Анын үстүнө бул оттуу токтотууга эч ким аракет жасаган жок. Ээн-эркин гана күйүп жатат. Аларга эшиктеш жайгашкан үйдө күндүзү эч ким болбойт, эгер алар болсо да, бир аракетин жасашмак. Өрт өчүрүүчүлөрдү чакырышмак. Азыр алар жумушта болуш керек. Үстүңкү кабатта пенсионер кемпир жашайт, анын жанындагылар квартиранттар. Студенттер болуш керек. Эрте кетишип, кеч кайткандарын көрүп калчу келин. Астыңкы кабаттагыларга коркунуч деле жок. От өйдө карай күйөт да. Көп кабаттуу үйдүн 3-кабатындагы бир терезеден чыгып жаткан жалынды, ал тараптан келген күйүк жыттарды сезген башка үйдөгүлөр өрт өчүрүүчүлөргө кабар беришти. Алар да дароо эле келе коюшпайт. Даректи абдан тактап туруп, «кимдин үйү, эмне себептен күйүп жатат? Өрт качан башталды? Ким көрдү? Азыр абал кандай болуп жатат? » деген сыяктуу тактоо-

лордон кийин гана жөнөшөт. Бул жолу да ошондой кылышты. От үстүңкү кабаттагы пенсионер кемпирдин терезесинен өтүп, ичине кирип калган мезгилде гана өрт өчүрүүчүлөр келишти. Көп кабаттуу үйдүн алды адамдарга толуп кетти. Баары жарлап карап турушат.

– Кимдин үйү бул?

– Билбейбиз... ээлери азыр жок экен.

– Кыргыздар жашоочу...

– Жаш үй-бүлө болучу. Күйөөсү бир кызматта иштейт го, кызматтык машинасы бар. Аялы эки кичинекей баласын эртең менен бала бакчага алып барганын көрүп калабыз.

– Аа, кыргыздар ушу да... шалаакы болушат эмеспи... бирдемесин өчүрбөй кетип калган го.

– Өрт эмнеден чыкты болду экен?.. Сырттагылардын ушундай кобурлары. Өрт өчүрүүчүлөр болсо жалбырттаган отту терезе тараптан өчүрүүгө киришишти. Сырткы каалганы ачууга болбойт. Анткени, от бетке уруп, маңдайкы үйгө да зыяны тийиши мүмкүн... Өрт өчүрүүчүлөр үйдүн үстү менен түшүшүп, бөлмөгө кирүүгө аракет жасап жатышты. Бир кезде милиция да жетип келди. Аларга эмне жок десең, бул жерде кылмыш болгон жок да. Өрт бул кырсык. Бирөөнү бирөө уруп, же, өлтүрүп жаткан жок да. Алар машиналарын «зуулдата» айдап, өтө тез ылдамдыкта токтотушту да, ичинен лып түшүп, тергей баштады. «Кимдин үйү экен, ээлери кайда?» дейт бирөөсү атырылып. «Ээлери жок экен. Кимдер экенин да жакшы билбейбиз. Жаштар болчу дешет. Бир жакка кетишкен гө...» дешет, жарлап тургандардын бири. Анан ал милиционер колуна кагаз алып, көргөн билгенин жаза баштады...» – ушуларды ойлогон келин, катуу чоочуп алды.

– Эмне болду сага? – дагы деле үргүлөп бараткан күйөөсү артына бурула аялына бурк этти.

– Эч нерсе... уктап кетиптирмин, түш көрдүм окшойт... «Эмне кылсам... айтайынбы?.. Эмне дейт болду экен? Ачуусу мурдунун учундагы неме, шофердун көзүнчө тилдеп,

айкырыкты салып турса эмне кылат? Кайра артка кайтканга көнөөр бекен? Дагы тим эле төрт саат жүрүш керек анда. Анын ордуна айылга жетип калабыз да. Эмне кылам аа? Кантем эми? Үй өрттөнүп кеткенче, ошончо адамдарга зыян келтиргенче, тилдесе да мейли, макул кыйкырсын, бакырсын, айта берейин?» – өзү менен өзү акылдашып жаткан келин ушундай чечимге келди.

– Али... – деп, күйөөсүнүн далысына акырын колун койду.

– Эмне? – деди, ал артын карабай туруп.

– Али... мен...

– Эмне? Айта бер...

– Мен... бир нерсе...

– Эмне эле туталактап жатасың? Айта бер...

– Мен... мен... бир нерсе... – буйдалактап айта албай жатты. Тамагы буулуп, үнү чыкпай жатты. Муундары калчылдап, кычыраган суукта калгандай болуп, калчылдап да чыкты. Анын үнүндөгү өзгөрүүнү айдоочу да баамдады көрүнөт, келинге тигиле карап, анан башын чайкагансыды. Мунусу «айтпай эле кой» дегендей туюлуп кетти. Көптү көргөн кыраакы киши да, күйөөсүнүн кырс мүнөзүн, ачуулуу экенин бир көрүп эле сезгендей. Келинди болсо аяп бараткансыды.

– Айтпайсыңбы, эмне болуп кетти. Эмне бир нерсеңди унуттуңбу?

– Жок...

– Анан эмнени эле айта албай, кыйналып жатасың?

– Жөн эле... сүйлөп бассакпы дегемин... – деп койду үнүндөгү дилдиректи, жүзүндөгү коркунучту, ички дүйнөсүнүн кыйналып жаткандыгын сездирбөөгө аракеттенип.

– Эмнени сүйлөгүң келди эле? – келинчегиндеги бул кыйналууну сезип койбогон күйөөсү, үргүлөй ушуларды айтты.

– Эч нерсени...

– Анда унчукпай кете бер да... Сенин эмес, азыр мага булбулдун да үнү жакпай турат, – Күйөөсү эми кырс сүйлөп койду. Айдоочу анын ушул сөзүн жактырбадыбы, дагы ке-

линге жалт карап туруп, башын чайкап койду. Келин, демин ичине жутту да, терең дем алып, балдарын бооруна кысып койду. Алар эч нерседен бейкапар гана уктап жатышат. Апасы жапкан жука одеал наристелерди тердетип салыптыр. Машинанын ичиндеги ысыктан го. Үйүндөгү үтүктүн өчүрүлгөнүн же, өчүрүлбөй калганын биле албай, бушайман жеп, кыйналып жатканы аз келгенсип, эми балдары ойгонуп алып, тамак жейбиз дебесе болгону. Келин ушуну ойлоп да кыйналып кетти. Сыртта бороон башталды. Бул алар бара турган айылдын башталышы болуучу. Эми дагы үч сааттан ашык жол басышат, жетер-жеткенче ушинтип бороон улуп турат. Өңгүлү коп, таштуу жолдор эми башталат. Ошондо бирде ылдый, бирде өйдө өңкүлдөп жүргөн машина буларды кыйла кыжалат кылаары бышык. Балдар да ойгонуп кетүүсү мүмкүн. Келин болсо көзүн жумуп, бир аз болсо да уктап кетсем деп тилейт. Көз ирмемге болсо да, азыркы кыжалаттыктан бошой түшөт эле. Көзүн жумса, дагы да алоолоп күйүп жаткан от, үйүнүн өрттөнүп жатканы... топураган адамдар... Аларды издеп жатышат. Алардын кайда экендигин эч ким билбейт. Кошуналарга айтпай эле кете беришпедиби. Күйөөсүнүн жумушуна чалышты. Алар да билишпейт экен. Телеграмманы алып эле, эч кимге айтпай баса берген тура күйөөсү дагы. Анын шашмалыгы да. Же болбосо, аялын шаштырбай эле, баарын бир сыйрадан текшерип чыгышып, «газды, сууну өчүрүп, терезелерди бекемдеп жаап, эч нерсени унуткан жокмунбу?» – деп туруп, анан чыгышса деле болмок. «Бол эле бол, тез чык» дей берди да. Дайыма ушинтет. Бир жакка жөнөп калышса, шаштырганы шаштырган. Жоо чаап келе жаткансып шаштырат да турат. Будуң-чаң түшүп жатышат. Аларды катуу издешүүдө.

– Али...

– Ой, эмне? Мени эми көрдүңбү сен? Алилейсиң эле Алилейсиң? Эмне, өрт болуп жатабы?

– Ооба, кыйкырбачы эми? Балдар ойгонот.

– Анан эмне эле, Алилейсиң?

– Мен сага бир нерсени эле акырын айтайын дегемин.

– Эмнени?

– Урушпайсыңбы?

– Эмне болуп кетти, анчалык?

– Мен... мен...

– Ии, сен... сен эмне айып иш кылдыңбы?

– Ооба...

– Айыбыңды ушул жерде айткың келип жатабы?

– Ооба...

– Ии, айт... эгер кудай кечире турган айып болсо мен деле кечирип коё берем.

– Мен үтүктү суурубаптырмын...

– Ии, анан...

– Ошол... эртеден бери ойлоп алып, кыйналып жатамын. Балким өрт чыгып кетсе эмне болот... артка кайтпайлыбы?

– Ха-ха-ха... – эртеден бери үргүлөп, өңү бозоруп келе жаткан күйөөсү бүт дитин коюп каткырып жатты. – Ой, боорум ай. Ошолбу? Ошол элеби, күнөөң?

– Ооба... Биз ал жакта кармалып калсак, эмне болот? Мээримдин калың кофтасын үтүктөп жатканда сен келип калбадыңбы. Анан шаштырып кирдиң. Сенден коркконумдан үтүктү сууруганды унутуп калыптырмын.

– Ой, боорум ай. Мен дагы эмне болуп кетти десе.

– Күлөсүң да... мен чын айтып жатамын. Эртеден бери сага айта албай кыйналып жатамын, башым да ооруп чыкты, ойлоно берип. Үтүктөн от чыгып кетсе эмне болот?

– Өрт чыгат...

– Ооба да... артка кайталы... эми жолдун тең жарымына жеттик го...

– Анан...

– Үйгө барып, үтүктү сууруп чыгайын... Бир аз кеч барсак, эч нерсе болбос. А эгер өрт чыгып кетсе эмне болот?

– Эмне болот, үйүң өрттөнөт, анан бүтүндөй ошол үй өрттөнөт.

– Ошону ойлоп алып жаман болуп жатам, Али, сураным, артка кайталы. Канча урушсаң да мейли. Мен баарына чыдаймын. Артка кайталы?

– Акылың жайындабы деги, ушунча жол басып коюп, анан артка кайтабызбы. Азыр сага жай саратаны беле? Көрүп жатасыңбы, сыртта кычыраган кыш. Жол алыс... Балдар менен...

– Анан эмне кылабыз, Али, түшүнсөң, биз кайра келгенче, үтүк күйүп олтуруп, чындан эле өрт чыгат да?

– Ой, боорум, акылыңа кирбедиң го деги. Эки баланын энеси болуп туруп, паам-парасат деген жок сенде, – деп күйөөсү дагы бир катуу каткырып алды. Акылыңа да кирбедиң, – деп кыйладан кийин, күлкүдөн аккан жашын сүртүп жатып сүйлөдү:

– Сен шашкалактап, балдарды кийинтип жатканыңда, мен ошол сайылып турган үтүгүңдү сага айтып туруп эле сууруп койбодум беле?

– Чынбы?

– Эмне мени да өзүңө окшоштуруп, акылынан адашып баратат деп ойлойсуңбу?

– Чын элеби? – Келин алакандарын чапкылап, наристе кыздай секирип, сүйүнүп алды.

– Чын айтып жатасыңбы, я?

– Болдучу эми, жаш баласыңбы? – Эми эле каткырып турган күйөөсү кайрадан кабагын бүркөй, бурк этип алды.

– Ишенбей турам, чын эле сууруп койдуң беле?

– Болдучу эми, балдарды ойготосуң.

Алардын сөзүнө кулак төшөп бара жаткан айдоочу мыйыгынан жылмайып алды да, келинге карап:

– Бейгам боло бер, келин бала. Айтып жатат го. Мындай нерсе ар бир аялда болот. Менин кемпирим да кыйла жолу ушинтип, жолго чыгып алганда «үтүктү суурубаптырмын, светти өчүрбөптүрмүн, сууну ачып коюптурмун... – деп эле убара кыла берчү. Үйдөгү түйшүгүңөр көп да, унутчаак болосуңар. Сен да унутуп калган турбайсыңбы? Күйөөң өзү өчүрүптүр го. Бейгам кете бер, балам. Эртеден бери бир нерсеге тынчсызданып жатканыңды баамдап жаттым эле. Ушул турбайбы. Эми тынчсызданбай келе бер. Балдарың менен кошо уктап алсаң да болот. Жол эми татаалданат – деп атасындай кам көрө сүйлөдү айдоочу.

Эми эле сарсанаага батып, кыйналып турган келин, сергек дем алды да:

– Ох, бая эле айтпай. Мынчалык кыйналбас белем. Ырахмат сага, Али, – деп күйөөсүнүн мойнуна асылып, бетинен чопулдатып өпкүлөп жатты.

– Болду эми, жаш бала болуп кетесиң да... – күйөөсү анын бул жоругун жактыра бербегендей, колун мойнунан силкип салды.

– Ээ, балам, кубанат да. Сен анын ордунда болсоң, сен да ушуну кылмаксың, – деп айдоочу жигиттин бул жоругун туура эместигин айтып жатты.

Ичиндеги кыжалаттыгы басыла, келин эми оор үшкүрүп алды. Айдоочунун айткандарына эркей, көзүнө жаш тегерене түштү. Күйөөсүнүн кырстыгына капа деле болгон жок. Тескерисинче ага ыраазы болуп жатты. Бүшүркөп, коркуп жатып, араң айтканы да жакшы болуптур. Же, болбосо, ичинен сыза берип, катуу ооруп калуусу да күмөн эмес эле. Ушул аралыкта да башы сыздап ооруп, көкүрөк алды тызылдап турган. Кан басымы да жогорулап баратканын өзү сезе баштаган...

...Таштуу жолдо, улуган бороонду беттей жалгыз Нива машинасы баратты. Келин терезеден сыртка көз жүгүртту да, бир аз убакыттан кийинки кайын атасынын үйүндөгү кездешүүлөрдү ойлоду. Азыркы эле ички туюмундагы окуяны эстеп, мыйыгынан жылмайып алды да, көзүн сүзө, бир аз болсо да, «чырм этип» алууга аракет жасады...

Ошол окуядан кийин келин өзүнө жүрөк ооруну ашырып алганын кийин билди.

# АРУУЖАН

*(Аңгеме)*

Жоокердик турмуш жаңы досторду табууга себепкер болду. Германиянын Магдебург шаарынын танкалык полкунун танк ротасына туш болдум. Азиаттар өтө аз. Көпчүлүгү орус улутундагы жоокерлер. Мусулмандардан бир ротада Казакстандан келген Ширинбек деген жигит экөөбүз гана экенбиз. Ошондонбу биринчи күндөн эле ынак болуп бараттык. Негедир пикирибиз келишип, тилибизди да түшүнүп дегендей, беш мүнөттүк тыныгууда да ымалага келе түшөбүз, аркы-беркини сүйлөшөбүз. Ал өзүнүн Казакстаны, туулуп өскөн Ленгер кыштагы, ата-энеси тууралуу айтат. Сөзмөрлүгү күчтүү болучу. Казакча, орусча ырдап, зериктирбейт.

– Кыргызча ырлардан үйрөтсөң? – дейт. Мен билген ырларымды ага үйрөтө берем. Куйма кулактыгы да күчтүү экен, эки-үч ирет кайталаганда үйрөнүп алат. Бир баштаса, эч кимге сөз бербеген жагы да бар. Ротадагы башка жоокерлер экөөбүздүн ынактыгыбызга тан берип да жүрүштү. Анткени, бир кесим нанды кээде экөөбүз бөлүп жейбиз. Түнкүсүн жатууга команда болгондо экөөбүз кыйлага сүйлөшүп жатабыз.

– Уктабайсыңарбы? Экөөң тынчтык бересиңерби, жокпу? – дешип жака белибизде жаткан жоокерлер кайра-кайра эскертишет. Ал учурда башыбызды одеалга киргизип алып, шыбыраша сүйлөшөбүз. Алты айдан кийин катуу машыгуудан соң, танк айдаганга уруксат берилди. Ошондо Ширинбек экөөбүз бир танкка бөлүндүк. Мына ошондо биздин ынактыгыбыз ого бетер күч алды. Белги-

ленген аймактын ичинде каалаганча танкты айдап жүрө беребиз. Анткени, дагы мыктылап машыгуу керек, баарын иш жүзүндө көрүш керек дешет. Машыгуу катуу жүрчү. Шайыбыз ооп, катуу чарчасак да, машыгуу бүткөн соң, жуунуп-тазаланып алып, тамактанып бүтүп, жатууга команда болгондо баягы жоругубузду баштайбыз. Ал жомок айтканды жакшы көрөт. Тарыхтан, легендадан сүйлөгөндү жактырчу.

Бир күнү анын үйүнөн кат келди. Ар кат келгенде мага үнүн чыгарып окуп берчү адаты бар. Бул жолу каттын ичинде сулуу кыздын сүрөтү жүрөт. «Мен аны сүйлөшкөн кызы го», – деп кызыга көпкө тиктеп турдум. Эки капкара чачты алдына таштаган, карагат көз, сулуу кыз экен.

– Сүйөсүңбү? – дедим мен ага, сүрөттү карап туруп.

– Түсүнбөдүм, – деди ал мага таңыркай. – Кимди?

– Мобуреки кызды? Сулуу экен?

– Ой-бай, ал менин карындасым гой... бир туускан...

– Чынбы? Аябай сулуу кыз экен... тааныштырбайсынбы? – дедим, бир алдын тамашага чалып, сүрөттү тигиге бергенден кызганып.

– Макул... сен Казакстанга кел... мен тааныстырамын... сөзсүз ал сага ынайтын... жаксы кыз... акылдуу... анан сен айткандай сулуу... – деди, карындашын мактай.

– Канча жашта? – дедим, дагы деле сүрөттөн көзүмдү албай.

– 16 да гой... быйыл мектепти бүтөдүн...

– Жаш экен...

– Неге жас, балакатка жетип туру гой... бизде кыз 16га шыкканда балакатка жетти деп, күйөөгө бере береди гой...

– Анда мен барганча күйөөгө берип жиберсе эмне болот? – мен дагы тамашага чалып, ага жылмайыңкы сүйлөдүм. Аныма дөсум туура эле түшүнгөндөй болду, себеби, экөөбүз «кан доспуз» деп жүрсөк, анын карындашы, мага да карындаштай да.

– Жок, менин атамдар андай адамдар эмес, алар анын эркине коюсады... ал окуйт... Мага осентип жазган... – деп, Ширинбек досум, колундагы катты кайра окуп кир-

ди. Тамаша айта коём деп, бул кыз мага жага түшкөнүн байкап турдум.

– Сүрөттү мага берчи, мен алып жүрөйүн... сенде бардыр... – деп, колуман чыгаргым келбеди.

– Ала бер... ал, ала бер, сенден нени аяйын, досум, шынын айтсам, буга шейин сендей досты таба албагам. Сен мага ынайсың... сен жаксы жигитсиң... – деп ал да сүйүнгөндөй сүйлөдү. Анан:

– Менин карындасым шындан да сага ынадыбы? – деди.

– Ооба... сулуу кыз болот буюрса.

– Айтканыңда калет жок... ал сулуу кыз... акылдуу дагын... – деп ойлуу туруп калды.

– Эгер ал сага жакса, ага сен да жагасың досум... – деп койду, мени далыдан таптап.

– Кантип билдиң?

– Билип турмун да...

– А эгер, карындашыңа жакпай калсам кандай болот?

– Оо, ага жагасың, сөзсүз жагасың, мен сен жөнүндө катык жазамын... – деп, ал ишенимдүү сүйлөдү.

Айтканындай эле катты катырып жазды. Мага толук окуп берди да. Аябай мактаптыр. Анан «сулуу, сен ойлогондой бою узун» деп коюптур.

– Экөөбүз чогуу түскөн сүрөттү саламын– деди.

Көп өтпөй карындашынан кат келди. Үйүндөгү ата-энесинин абалы, айылдагы жаңылыктардан айтып, анан окууга катуу даярдык көрүп жатканын жазыптыр. Аягында «досыңызга менден ысык салам» деп коюптур. Кийин мага өзүнчө кат келди ал кыздан. Агасы менен ынак экенимди биле тургандыгын, мен жөнүндө ал көп жазаарын айтып, «сиз да зерикkенде кат жазып туруңуз» дептир. Ошентип, зерикkенде ал кызга кат жазып турдум. Тез-тез жазышабыз. Ошол каттар да ал кыз менен мени жакындаштыра берди.

Досумдун ата-энеси чабан экен. Ошондон улам карындашы экөө кичинелеринен мал багып чоңоюшкандыгын, карындашы экөө далай ирет мал артында жүрүшүп, кыйналган учурларын көркөмдөп айтып берчү. Карындашы

өтө чыйрактыгын айтат. Жылкы малына жакындыгын, ат чабыштарга да катышып жүргөндүгүн, далай байгелерди алып келгендигин айта берет. Ошол карындашы менен кат алышып жүрүп, эки жылдык аскердик милдетти аткаруу мөөнөтүбүз да бүтүп калганын байкабай калыптырбыз. Ширинбек менден жыйырма күн мурда кетти. Экөөбүз катуу коштоштук. Ал түз эле үйүнө баруумду суранып жатты.

– Эгер мага тийип өтпөсөң аябай таарынам, мен ата-энеме айтып койгомун... өзүм да күтөм, карындасым да күтөт... деп кетти. Экөөбүздүн кан-жаныбыз бир болуп калгандай эле да, андан бөлүнүү мага оор болду. Жан дүйнөм эңшерилип эле жатты. Аны менен бирге жөнөтүшпөгөнүнө кейийм.

Анан мага да кезек келип жетти. Бир канча жоокерлердин катарында мага да аскердик буйрук чыкканда, сүйүнгөнүмдөн ыйлап да жибердим го. Ширинбек досум кеткенден кийин кыйла жалгызсырап калгамын да. Анын өтүнүчү менен түз эле Казакстанга жөнөдүм. Анын үйүнө каттап жүргөндөй эле, эч кыйналбастан жетип бардым. Ой, ошондогу экөөбүздүн кездешүүбүз укмуш болду го. Катуу сагыныша түшкөн экенбиз.

– Ой-бай, жан достым, кан достым, шын эле келдиңба? Шын келдиңба, аа? – дейт, бети башымдан аймалап. Ата-энеси да карапайым адамдар экен, өз баласын тоскондой эле тосушту. Мен кат алышып жүргөн карындашы да жүгүрүп келип, мойнумдан кучактап, бетимен аймалап жатат. Бир тууган агасындай эле көрүп тургансыды. Мен андан ийменем, кат жазышып жүргөндө ойго келгенди жаза берчүмүн да. Азыр болсо бет келди жолукканга дене боюмду калтырак басып, жүзүм кызарып да кетти.

– Ой бай, агам айткандай эле сулуу жигит экенсиз... – деп боюма боюн теңештирип да жиберди ал кыз. – Боюңыз да узун экен... мага усундай жигиттер ынайт, – дейт тартынбастан. Ал кыз ачык айрым, шакылдаган, бирок, назик, сулуу жан экен. Эркелиги да бар тура. Ошол күнү

алар мага арнап союш союп, дасторконду жайнатып эле жатышты. Тыпылдап тиги кыз жүгүрүп жүрөт. Кыймылы да чапчаң, эпчил экен. Ар нерсени орду менен коюп, заматта чай алып келет, тамактарын да ташып жатты. Мен ичимден кымыңдап: «Бул кыз мен үчүн гана жаралыптыр» – деп коём. «Бирок, ал мени жактырабы? Тим гана агасынын досу катары кабыл алып турбасын?.. Эгер мен ички сезимимди билдирсем, так секирип койсо эмне болот?..» деген түпөйүл ой келе баштады. Алар мени эртеси да ушундай эле сыйлап турушту. Айылдагы кошуналары келишет.

– Кыргызстандык экен... балам менен армияда бирге болуптыр, дос экен, – дейт, атасы да жетине албай, келгендерге мени тааныштырып. Ушунча жашап, булардай меймандос, карапайым, таза дилдүү адамдарды биринчи кездештирип турганымабы, мен да алардан апкаарып жаттым. Өзүмдүн абалыма саресеп салдым...

...Энеден эрте айрылып, башка бирөөнүн колунда өсүп, ата менен эненин мээримин, тарбиясын билбедим да. Алар кандай жандар, алардын тарбиясы кандай болоорун сезбедим да. Алты айымда мени төрөгөн энем каза болгондо, чоң энем бооруна баскан экен. Мээримин төккөнгөбү, чоң энемдин эмчегинен сүт чыгып кеткен тура. Ошондон улам ак сүтүн берген өз энемдей болуп калган. Бирок, 13 жашка келгенимде чоң энемен да айрылып, атамдын бир тууган эжесинин колунда калбадымбы. Алардын өп-чап жашоосу бар эле. Өзүнүн үч уул бир кызынын арасында чоңойдум. Тоголок жетимди ким тоготмок. Ким жакшы сөзүн арнамак эле? Кайда барсам: «Ии, бечара... баягы ушунча жетилип калыптыр» – деп боору ачыганы бешенемен сылап коёт. Атамдын эжеси мени эч нерседен кем кылбай өстүрсөм деген тилеги бар эле, бирок, ал да мен мектепти аяктап жатканда каза болду. Ошентип, мага күйөр адам деле калбай калгансыды. Бир капталым эңшерилип, жоготуу менен гана эр жеттим. Жогорку окуу жайына окуюн деген тилекте болчумун. Кандай кыйын күндөрдө эр жете баштасам да, мектепте жакшы окуган-

дардын бири элем. Түпсүз кыялдарга батып, өзүмдү бардар, жетиштүү турмушта жашаган адам катары элестете берчүүмүн. Чоң энем өлбөсө, эжем өлбөсө, аларды өмүр бою алаканыма салып, сый көрсөтүп, бапестеп багып алат элем деп кыялданам. Бирок, чу дегенде эле кулап калдым. Журналист болоюн деп тапшырдым эле. Мен сыяктуу бечаралар баары бир өтпөйт экен. Бир баланы ону коштоп жүрүшөт. Мени эч ким деле коштободу, болгону мени чоңойткон жездем борборго жөнөтүп жатып:

– Бар тапканым ушул балам. Бешенеңе жазганын көрөрсүң. Жолуң ачылсын ылайым, жараткан өзү сага жар болсун. Менин колумдан келгени ушул, – деп ак тилегин айтып, колума 600 сом берип узаткан. «Багы жокко, дагы жок» болуп, окууга өтпөй калып, баары бир айылга кетпейм дедим да, жумуш издеп каңгып жүрө бердим. Кандай жумуш чыкса иштеп жүргөнүмдө, айылдан өзүмдү төрөгөн апамдын туугандары көрүп калып, айылга алып баса берди. Айылга келип деле жарытылуу жумушка кире алган жокмун. Турмуш кыйла оор эле. Таякемдердин жашоосу да өп-чап. Алар мага эч кандай жардам бере алышкан жок. Эптеп совхоздун майда-барат жумуштарын жасаган болом. Иштегениме жараша акы алып, курсакты тойгузуп жүрдүм. Ушундай күндөрдүн биринде жашым жеткендиктен жоокердик милдетти аткаруу үчүн армиянын катарына чакырылдым. Аттиң, таянарың болбосо, кыйын экен. Армияга чакыруу кагазы келгенде кандай гана кубандым. «Эми ошол жактан адам болуп келээрмин» деген үмүт бар эле. Элчилеп армияга узатуу шан шөкөтүн деле кылбадым. Узатуучулар да болбоду. Мен сыяктуулардын катарына кошулдум да, «кайда алып барса, мен даяр» деп, кете бердим. Ырасында да армия мени көп жакшы нерсеге тарбиялады. Кыйбас дос таптым, бышыктым. Жашоого болгон кызыгуумду арттырды. Адамдарга болгон ишеничимди ойготту. Ата мекен үчүн мен да керек экенимди сездим. Анан тагдыр мына ушундай адамдар менен шыбагалаш кылып олтурат. Кандай гана керемет жандар. Өтө жөнөкөй, мээнеткеч үй-бүлө экен. Баа-

ры бир кылкага салып койгондой, боорукер да адамдар тура... Мына ушундай тагдыр тамашасына кабылган ачуу балалык күндөрүмдү эстедим да, жашып турдум. Анан ушул абалымда мындай ай чырайлуу, аруу кызды сүйгөнгө татыксыз экенимди сезе баштадым. Мен ага ички сезимимди айтып, ал мага оң жооп берген күндө да, ал кызды мен кайда алып барамын? Эрке кыз менин турмуш шартыма көнө алабы?

Бул кыздын аты Шайгүл болучу. Мен ага биринчи күндөн эле Арууҗан деп жаңы ысым коюп алдым. Анткени, анын аруу, таза пейили, тунук акылы, акактай дили негедир ушул ысымга ылайыктуудай туюлду.

– Сени Арууҗан деп атайынчы, – дедим экөөбүздүн алгачкы эле жеке таанышуубузда.

– Ал не? – деди аруу кыз, кылыктана.

– Ал жакшы ысым. Мен сага ушул ысымды ыраа көрүп турамын, – дедим маңдайына түшүп турган көкүлүн өйдө сылап.

– Жаксымы? Ал нении түсүндүрөдү? – дейт ого бетер наздана.

– Ал таза, сулуу, апакай дегенди түшүндүрөт да, – дедим.

– Ой-бай, мен сулымынба? – дейт, дагы эркелей.

– Аябай...

– Сен эркектерге оксайдысың деседи гой, – деп, менин бул айтканымды туура көрбөгөндөй наздана кетти.

– Ким?

– Мектептегилер гой.

– Алар айта беришет. Сен аябай сулуу кыз экенсиң. Эркелигиң да өзүңө жарашат экен..

– Шынба?

– Мен калп айткан жокмун...

– Анда Арууҗан деп атай бериңиз, – деген ал колумдан бек кармап, алга жетелей басты. Ал күнү айылдын четиндеги чакан көлчөгө ээрчитип барды.

– Осы суугa киринемиз, ойнаймыз... анан кеш жарыкта келсең, шайпалады, катуу шайпалганда тилегиңди айт-

саң, ал тилегиңе жетесиң... Мен сендердин мында келисиңди тилек кылгамын да... мына аткарылып тур гой, – деп кубанып алды аруу кыз.

Жан дүйнөсүнүн аруулугу, тазалыгы, баёолугу анын бактылуу гана тагдырга татыктуу экендигин айтып тургансыды. Бир көргөндө эле бул кызды өзүмдүк кылып алганым менен, мени көп ойлор кыйнай баштады. Кат алышып жүргөн кезде мынчалык ой баскан эмес эле. Мына жакындан көрүп, ал кыздын кылык жоругуна арбалып бараттым. Мен ал кызды бактылуу кыла аламбы? Алпештеп бакканга чамам жетеби? Бизди кандай тагдыр күтүп турат?.. Ушул ойдун кучагында калдым. Аруужан болсо, менин жанымaн кетпейт. Эркелеп келип, жаныма олтурат, көп нерселерди айта баштайт. Көлдү жээктеп басабыз. Ал менин колуман бекем кармап алат.

– Жетелесип жүрсөк, баскалардын ичи күйсүн да? – дейт, эркелеп.

– Эмнеге?

– Шок балдар көп да айылда... тийисе береди гой. Анан сизди көрүп, алар коркуп калысады гой, – дейт. Аруужан да кандайдыр бир нерсеге экинчи нерсени салыштырып сүйлөгөндү, жомоктордон кеп салганды жакшы көрөт экен. Адабиятка жакындыгын, ыр жазаарын билдим. Анан тыкылдата айтып, өзү жазган ырлардан окуп берет. Али жан дүйнөсү сүйүү деген сезимге кабыла электигиненби, анын ырлары жалаң «балалык кыялдар, ой чабыттар, айлананын сулуулугу, туулган жер, Ата Мекен, эне, бир тууган, курбулар» сыяктуу темалар. Бирок, уйкалыштары ордунда, айтайын деген ой бар. Ырды кыраатын келтире окуйт. Мен муюп угуп олтура берем. Экөөбүз ошол көлдүн жээгинде көпкө жүрө беребиз. Биздин мындай жоругубузга ата-энеси, досум Ширинбек деле тоскоол болушкан жок. Күндөр өтө берди.

– Сиз кетпей эле койбойсызба? – дейт Аруужан.

– Эмне үчүн? Менин да өз жерим бар да... барышым керек.

– Ата-энеңиз күтөт да ээ? – Арууждандын көздөрү жашылдана түшөт.

– Ооба... – деп алып, өзүмдүн да жүрөгүм эңшериле түшөт. «Кайсы ата-энем? Чынын айтсамбы?» – дейм.

Ширинбек менен эки жыл бирге туруп, бирге жүрүп, канчалык сырдашсам да, өзүм жөнүндө ачык эч нерсе айткан эмесмин. Кээ күндөрү «Сенин атаң менен апаңдан неге кат келмейди?» – деп сурап калчу. «Ой алар өтө картаң кишилер, кат жазганды билишпейт. Аларга мен жазып турсам болду» дечүмүн. Анан ага көрсөтпөй өзүм жазып туруп, «атам менен апам салам айттырыптыр, кат жөнөтүшүптүр» деп, ага окуп берип берчүмүн. Жан досумдун алдында өзүмдүн ким экенимди айтып, кемтигимди көрсөткүм келчү эмес да. Ошондон улам ал да мен жөнүндө жакшы биле бербейт эле. Биз кээде тоого да чыгабыз. Анын атты жакшы минип, ат чапканды жакшы көрөрүн да көрдүм. Мен бала кезден жылкы малын көрбөдүм деле, ошондонбу, жакшы мине албайт элем. Арууждан мени учкаштырып алат. Кээде, «айылдагылар көрсө уят десет, сен акырын бастыра бер менин артымдан» деп, мен минип бараткан атты жетелеп алат. Кызык, анын ата-энелери мага таптакыр ишенип алыштыбы, аруу кыздын мени менен канча жүрсө да, эч нерсе дешпейт. Ал өзүнүн курбу кыздары менен да тааныштырып жиберди. Казак кыздар шайыр келет тура. Баары шаңкылдашып, мени өз теӊ курбуларындай кабыл алышты. Бирге далай тоолорго чыгып, гүл терип, эс алып жүрө бердик. Бир күнү, Арууждан экөөбүз гана көл жээктеп басып жүргөндө, ал күтүүсүздөн эле:

– Кыргызстанга кетесизби? – деп калды.

– Ооба, – дедим, – барышым керек да.

– Анда мени алып кетиңиз? – дейт ал. Анын бул сөзүнө эреркеп турдум. Анткени, буга чейин биз сезим тууралуу сөз кылбаганбыз. Ичимдегини айта албай кыйналып келгемин. Кыз өзү баштап олтурат. Бирок, ага сыр бербегенге аракет жасадым.

– Эмне үчүн? – деп, койдум кайдыгер гана.

– Сиз мени жаксы көрмөйсүзмү?

– Жакшы көрөмүн.

– Кантип?

– Ушинтип.

– Карындасыңыздай да ээ?

– Ооба...

– Дагы кандай?

– Сен жакшы кызсың... ачык... анан сулуусуң...

– Мен бой жетип калдым гой.

– Ооба, сен окуйсуң да ээ? Сен ошол окушту бүтсөң, анан чоң кыз болосуң, азыр балапансың... – деп токтоп калдым. Аттиң, ушул сөздү неге айттым. Аруужан «балапан» деген сөзүмдү түшүндүбү, же, түшүнбөдүбү, так секирип кетти.

– Не дедиңиз?

– Жашсың дедим да...

– Билгемин... билгемин, осинтип айтатыңды билгемин... мен жасмын, секелекпин... Сендер чоңсуңдар... теңсинмейсиңдер... кыз, эки колу менен жүзүн басып, жүгүрүп кетти. Мен өзүмдү-өзүм тилдеп, артынан карап тура бердим. «Неге, кайсы арыңа каадаландың. «Жашсың» деп, анын шагын сындырып. Кыздын аруу сезимин тээ кат жазып жүргөндө эле билбедиң беле? Арсыз...» дейт, бир оюм. Анан анын артынан жетип барып, «мен сени карындашымдай эмес, өз теңимдей жакшы көрөм,.мен сени сүйүп калдым, мен сага байланып турам...» деп, ачыгын айтып, анан өз таржымалымды айткым келди. Бирок, анте албадым. Бала кездеги кысынуу, кур намыс, тартынуу желкемди ныгыра басып туруп алды. Аруужандын артынан илкий басып, үйүнө кирдим да, досумдун жанына келип:

– Менин келгениме да 30 күндөн ашып кетиптир дос, эми үйгө барайын. Ал жакта мени да күтүп жатышат. Кабатыр болушпасын... – деп, нымтырай сүйлөдүм.

– Ушул жексемби айылда чоң той болатын. Биздин тойду да көрүп кет, – деди ал. – Атамдар да айтып жатысады.

– Мейли, тойдун эртеси кетейин, – деп, макул болдум да, калып калдым. Аруужан бул кезде жакын арадан көрүнбөдү. Улам анын караанын издей бердим. Дегеле дареги билинбейт. Бир жерде олтуруп алып, ыйлап жатканын сезип турдум. Аны издеп таап, ага баарын айтайын дейм, негедир эрким жетпеди. Анын алдында аксап тургум келбеди. Ал азыр мени узун бойлуу, сулуу кыргыз жигити катары гана билип турат да. Эгер мен таржымалымды айтсам, иренжитип аламбы деп чоочуп жаттым. Ал бул күнү кечки тамакка да келген жок.

– Бир аз ооруп турам дейт... басым ооруп жатыр дейт... деп апасы, анын үстүнө улам кирип-чыгып, күйпөлөктөп жүрдү...

– Ысыкта талаада көп жүрүп койгон да, – деп атасы кыжалат. Эрке кызды экөө тең аябай жакшы көрүшөөрү байкалып турду. Анан «ушул кызы алыска кетип калса кантишет?» деп коём жаман оюмда.

Ушул түнү уктай албай чыктым. Оюмда Аруужан. Анын шыңгыр күлкүсү, так секирип, жаш баладай эркелегени, анан тим эле өзү аралашып жүргөндөй болуп, кайсы бир жомокту саймедиреп айтып жатканы, анын аруу, таза жүрөгү, балалык таттуу кыялы... улам көз алдыман тасма сымал өтө берди. Азыр түн караңгыда аны бир жерге жетелеп чыгып, бүт дитимдегини айтып, төгүлүп алгым келди. Бала болсо да, акылы тетик жан эмеспи. «Балким, туура кабыл алаар, туура түшүнөөр» дейм. Түйшөлүп ооналактап, ар ойдун кучагында жатып, таң куланөөк тартканда көзүм илинип кетиптир. Эмнени ойлосоң, ошол түшкө кирет деген чын белем. «Аруужан экөөбүз баягы көл жээгинде басып баратабыз. Анан алыстандыр чоң кайык биз тарапка сүзүп келди. Ичинде эч ким жок. Аруужан мени ал кайыкка жетеледи. Мен кыйылып жатам. Колуман тарткылайт. «Кайыкка түшөлү» дейт. Анан бирдемелерди айтат, анысы жакшы угулбайт. Мен кыйыла бердим. Анан ал колун шилтеди да, өзү түшүп алды. Кайыктын ичинде эки чоң, эки кичине калагы бар экен. Чоң калагынын бирин алды да, эки кичинесин бир колу-

на кармап, мени чакырып жатат. Жээктен алыс кете албадым. Тура бердим. Бутуман тушап койгондой, кыймылдоого чамам келбейт. Кайык болсо, алга жыла баштады. Аруужан турган калыбында кайыктын агымы менен кетип баратат. Анын карааны үзүл көрүнө баштаганда мен эсиме келе түштүмбү: «Аруужа-ан, токто-о, мен азы-ыр» деп, ал тарапка жүгүрдүм. Ал көрүнбөй калды. Дагы кыйкырып жаттым. Чоочуп ойгонуп кеттим. Күн чыгып калган экен. Тердеп да алыптырмын. Азыркы түшүмдү өзүм эле жооруп койдум. «Аруужан менен эч качан бирге боло албайт экемин, ал түшчү кайык башка тура» – дедим. Сыртка чыгып, алардын калың багын аралай бастым. Алмалары абдан эле көп экен. Атасы чабан болгону менен үй тиричилигине да бышык келип, бакты жакшы өстүрүптүр. Улам үй тарапка көз салып, Аруужан чыга калабы деген үмүт менен тиктей бердим. Ал негедир чыкпады. Апасы бирдемелерин жасап жүрөт. Тоок, үндүктөрүнө жем чачып, анан самоорго от жагып, эртең мененки тамакка уруна баштагансыды. Ширинбек негедир армиядан келгени уйкучу болуп кеткендей, ал жакта эң сергегибиз ушул болчу да. Тим койсо түшкө чейин да уктай берет. Атасы менен апасы анын жайына коюшат экен.

– Жаксы уктай албай, балам армияда кыйналган да, уктай берсин, – дейт атасы. Бул жолу да ал кыйлада турду. Анан кечки тойдун салт-санаасынан кеп салды.

– Ээ, достым, осы, тойда экөөмүз бир жырлаймыз дейсиң. Баягы сен үйреткен кыргыз жырларын мен жырлайм, мен сага үйреткен казак жырларын сен жырлайсың, сүйлестикпи? – деди.

– Макул, сен айткандай болот, – дедим.

Эрке кыздын көктүгүн кара. Аны эрке, ичине кек сактаганды билбейт дегеним менен, кыйла эле көк окшойт. Эртең мененки тамакка да чыкпады. Башы ооруганы басылбаптыр. Апасы ысык чайын көтөрүп кирип, дарыдан ичирип эле жаткансыды. Аруужан кечке сыртка чыкпады. Чын эле ооруп жатты бекен? Эмнеси ооруп жатат,

менин сөзүмө капа болгонго элеби? Мен ары басып да, бери басып да ушуну ойлоном.

– Карындашыңа эмне болду, ырастан да ооруп жатабы? – дедим, чыдамым кеткенде досума кайрылып.

– Ал өзү осындай, тез ооруп калмайы бар. Басы ооруйда?

– Тим эле ооруй береби?

– Билмейм, кээде эле төсөккө жатып калады гой.

– Анда бир оорусу бардыр, доктурга көрүнөбү?

– Билмейм. Басым деп, жатады гой, анан тез эле сопсоо боло калады, осындай адаты бар. Эрке кыз да.

– Күйөөгө тийсе эмне болот, башы ооруй береби, анан?

– Ээ, күйөөсү эркелетип коёба? Үйдө атамдар бар үшүн, характерин көрсөтодүн да. Бирак, жаксы кыз. Мен карындасымды осындай жаксы көрем дейсин. Билмейм, ал шындап кетип калса, не кылам, аа? – деп, досум мага суроолуу карады. Бул сөзү «эгер сен алып кетип калсаң эмне кылам» дегендей туюлду.

– Менби? – деп жибердим, алдастай.

– Жок, дегеле башка жакка кетсе не болоды?

– Билбейм. Армияда кантип жүрдүң, ошондой болуп жүрө бересиң да.

– Ай, коркаман. Бу кыздын бактысы кандай болотын, коркоман... – өзүнчө башын чайкап алды досум.

Кечинде тойго жөнөдүк. Үйлөнүү тою экен. Казактардын үйлөнүү тою, укмуш өтөт тура. Айыл ичи дүңгүрөп эле жатты таң эртеңден. Үнүн катуу чыгарышып, казак музыкаларынан коюп коюшкан. Үйлөнүп жаткан жигит Ширинбектин класстаышынын иниси экен.

– Карачы, достым, бизден кийинки балдар үйлөнүп жатысады. Биз болса жүрөмүз, – деп койду тойго жөнөп баратып.

– Кезеги келгенде үйлөнөбүз да.

– Сен барып эле үйлөнөсүнба? – деп койду, ал күтүүсүздөн.

– Билбейм... окуйм го...

– Осы, сен биздин казак кыздарга эле үйлөнбөйсүнба, аа? – деп койду.

– Казак кыздар мага тийбейт да?

– Койсоңшу, бүгүн тойда көрөмүз. Сен катыра ырдайсың, анан кандай гана кыз сүймөйтүн экен?

Экөөбүз ошентип сүйлөшүп жатып, той өткөн үйгө да келип калдык. Эл көп. Музыка коюлган жерде микрофон кармап, бирөө сүйлөп жүрөт. Элди тойго чакырып жатат. Анан кээде бирөөлөргө сөз да бере коёт. Али кызкүйөө жок эле, эшик алдында ыр-бий. Четирээкте узатасынан коюлган бир канча орундуктарда кары-жаш дебей олтурушат. Ширинбек досум, микрофон кармаган жигиттин жанына барып, анын кулагына бирдемелерди айта баштады эле, анысы улам башын эле ийкегилеп жатты... Анан бир кезде:

– Биздин бүгүнкү тоюмызга алыскы Кыргызстандан улук мейман келиптир. Азыр мен бул жерде боордас кыргыз тууганымызды шакырамын, – деди. Мен тууралуу сөз болуп жатканын туйдум да, анын жанына жетип бардым. Негедир бардык көздөр мага тигилгендей болду. Бир аз сүрдөй да түштүм. Анан өзүмдү кармандым, апкаарыганымды, сүрдөгөнүмдү токтоттум да, тиги кишинин колунан микрофонду алып, той ээлерине куттук айттым. Анан досум үйрөткөн казактын «Той ырын» ырдай баштадым. Шаңдуу ыр эмеспи, мен жаңы эле баштаганда, эртеден бери тим олтургандар ордунан козголушуп, бийлей баштaшты. Мен буга кубанып жаттым, себеби, эл бийге алаксып, мага көңүл деле бурбай калат да. Ырдап бүткөндө, баары шатырата кол чабышып: «Дагы, дагы, суранабыз?!» деп суранып жатышты. Алардын суроосу боюнча эми кыргызча ырдадым. Ал да бийлегенге ыргагы келе турган музыка болучу. Бийчилер бийин токтотушкан жок. Ушул жолу менин көзүм Аруужанды чалып калгансыды. Элден окчун жерде, аппак көйнөк кийип алыптыр. Баса, эртең мененки түшүмдөгү ак көйнөгү го. Көзүмдү жумуп кайра ачтым, чын эле турат. Ойлуу гана. Өңү бозоңку тартып калыптыр. Көзүбүз чагылыша түштү. Ал жер карап кетти. Мен ага карап ырдап жаттым. Бийге келсе дейм. Ордунан жылбады. Ыр бүттү. Дагы суранып жаты-

шат. Канчадан бери минтип ачылып, үнүмдү катуу чыгарып ырдабаганга, буулугуп калган экемин. Тойдогулардын сураныччы менен бирде казакча, бирде өзбекче, анан кыргызча ырдай бердим. Эртеден берки музыкалар элди кызыктырбай, менин жандуу ырларым аларга жага түшкөндөй. Же, мейман деп сыйлаштыбы, айтор, тойдун көркүн чыгаргандай болдум. Ширинбек досум да аралата ырдап жатты. Дегинкиси экөөбүз тойдун көркүн ачып жаттык. Кечинде келинди үйгө алып келишкенде да, биздин үнүбүз басылбады. Мага кайра-кайра белектерди берип, үстүмө тон жаап жатышты. Ширинбек ал белектерди бир жерге топтоштуруп жатты. Эрке кыз жаныбызга басып келбей, ошол мисирейген калыбынан жазган жок. Башка кыз-келиндер бийлемиш болуп, жаныма келип, тийишип өтүшөт.

– Сулуу жигит, ырыңыз жакты... – дейт бириси.

– Бойдоксузбу? – дейт дагы бири.

– Мени Кыргызстаныңызга алып кете аласызбы? – деп кергиштенет экинчиси.

Мен алардын сөзүн укпагандай, көңүл бурбай ырдай бердим. Өзүм да ичимдеги буугумду ушул ырлардан чыгарып алгандай болдум. Ар бир ырым маңдайымда турган Арууужанга арналып жатканын көз карашымдан билдиргенге аракет жасап жаттым. Ал кыз анымды сездиби, ким билсин.

Той да таркады. Түнү менен ырдай берип, үнүбүз да каргылдана түшкөндөй болду. Үйгө келип, экөөбүз катуу уйкуга кеттик. Эртеси күн шашке болгондо турдук. Анан мен убада боюнча «бүгүн кетейин» дедим да, камдана баштадым. Аскер кийимдеримди кийип, сумкамды даярдап койдум да, уктап жаткан Ширинбекти ойгото баштадым.

– Эй, дос, тур эми... мен кетейин...

– Мм-м, – Ширинбектин уйкусу ачылбайт негедир. Көзүн бир ачып, бир жумуп, төшөгүндө ооналактайт.

– Тур достым, мен кеттим. Кел эми коштошуп калалы, – дедим, аны дагы түрткүлөп. Кыйладан кийин ордунан секирип турду да, маңдайында турган мени көрүп, таң кала түштү:

– Ой-бай, достым, не болды сендерге? Тынччылыкпы?

– Мен кетейин, болду да... жакшы эле мейман болдум.

– Шын кетесиңба? Ой-бай, достым, шын кетесиңба, аа? – дейт көздөрүн ушалап жатып.

– Ооба, кетейин, мени да күтүп жатышат... «баратам» деп, кат жөнөткөнүмө канча болду. Кабатыр алып жатышкандыр.

– Ой-бай, биз сендерге көне түспөдүкпа, аа? Атам не дейди? Шаку не дейди аа? – деп, Ширинбек чын дилинен кейий баштады. Анан кыйладан кийин:

– Кан досым, сен кайра келмейсиңба аа? Экөөбүз чогуу окуйбуз, мен да тапсырамын. Сен журналист боломун дейтиң го. Экөөбүз Алматыга окуйбуз.

– Билбейм, аны барып көрөмүн да. Айтып көрөм, жиберишсе келемин.

– Осент достым, осент. Биз сени катык жаксы көрөмүс. Атамы көрдүң гой, менден да артык көрүп калды. Шаку болсо, сөз жок. Билмеймин, ал сени сүйүп да калдама аа?

– Койсоңчу, ал бир тууган карындашымдай да...

– Антсе да... ойлон досум, биз сени күтөмүс...

– Бара көрөм, досум.

Ширинбек шапа-шупа кийине салып, экөөбүз сыртка чыктык. Апасы дасторконду беленде п койгон экен, баарыбыз олтуруп чай ичтик. Аруужан да чыкты. Кечээки капачылыгынын бири да жок. Сыр бербей, мурдагысындай жайдары учурашып, анан эркелей басып келип, чай куя баштады. Кыйлага үн катпай олтурдук. Себеби, баары менин аскер кийимимди кийип алганымдан эле кетээримди сезип турушту. Кыйладан кийин атасы сөз баштады:

– Ээ уулум, сен бизге өз уулубуздай боло түстүң эле. Сенин да өз Ата Журтуң бар... ата-энең бар. Аларга баруун керек... биз аны түсүнөмүс... ак жол саган уулум... – деп, алакан жайды. Баары аны коштоп кетишти. Анан аяш апам алдын ала камдап койгон чоң баштыкты колума карматты.

– Алыс жол жүрөсүң уулум, жолда жээрсиң? – деп, ал да эки бетимден өөп узатты. Эми эле шайыр олтурган Арууждандын кабагына кар жаай түштү белем, тултуя туруп калды. Мен жанына бардым да, эки бетинен өөп туруп:

– Бактылуу бол, карындашым, бактылуу бол. Сен ошого татыктуусуң, акылдуу кыз бол. Жолуң ачык болсун! – дедим. Аны айтаарын айтып алып, өзөгүм өрттөнүп турду. Ушул апакай, кара көз кыз менен коштошуп жатканыма ичим тызылдап жатты... Ал шап мойнума асылды да, шолоктоп ыйлап кирди:

– Акебай, кетпеңизчи... биз сизди ынап калдык... кетпеңизчи? Биз сизди сагынамыз, – дейт. Мен үн дебей тура бердим. Атасы менен апасы да, Ширинбек да анын эркине коюшту.

– Кайра келиңизчи?.. Кайра келем деңизчи? – өпкөлөп ыйлап жатты.

– Келет боорум, келет... биз осундай сүйлестик... келет... – деди Ширинбек карындашынын колунан тартып жатып. Ал мойнумду бекем кысып алган. Башын көкүрөгүмө коюп, өпкөлөп ыйлай берди. Ушу учурда бул аруу кыздын мага карата таза сезимин, балалык сүйүүсүн, махабатынын учкундарын туйдум. Өзүм деле жан дүйнөм эңшерилип, эмне кылар айламды таппай турдум. Аруу кызды ыйлатканыма ачуум келет. Аруу кыздын сезимин тебелеп жатканыма ызалана баштадым. Азыр аны колдон жетелеп, ээрчитип кетким келди. Мен эгер аны «Жүр кеттик» десем, эч ойлонбостон «барамын» деп, артыман түшчүдөй, бардык нерсеге даяр тургансыды. «Кайда алып барамын, кимдикине, кайсыл үйүмө?» – ушул ой, дагы деле желкемден мыжып туруп алды. Эгер бул кыз, турмуштун ачуу-таттуусун билген болсо, балким мени ээрчип, кайда болсун кете бермек. Баарына чыдамак. А бул кыз, али наристе да. Анын сезими таза. Бет маңдайында турган, сымбаттуу кыргыз жигитинин түнөгү жок, ар кимдин үйүндө өскөнүн ал билбейт да. «Бардыгын өз колубуз менен жасап алабыз, мен баарына кайылмын, чы-

даймын» – дей турган деңгээлге келе элек. Эми эле кыйналганда, бирине жетсе, экинчиси ачык калган, өп-чап жашоодо, бул чайналып калары бышык.

Ушул адамгерчиликтүү, карапайым, таза дилдүү адамдар менен коштошуум оорго турду. Ширинбек менен Аруужан экөө Чимкентке чейин узатып келишти. Поезд жүрүп бератканда Аруужандын ыйлаганы менин бир өмүрдөгү тунук сүйүүм катары жүрөгүмдүн түпкүрүндө калбадыбы. Ал менин кайрылып барбасымды сезди белем, эчкирип ыйлап:

– Мен сендерди сүйөмүн... менин таза сүйүүм сендерге кетти... мен күтөмүн... – дейт, шолоктоп ыйлап жатып. Аруу кыздын бул узатуусу экөөбүздү түбөлүккө коштоштуруп жаткан экен көрсө...

Мен кайрылып бара алган жокмун. Айлыма келсем, жашоо башкача. Менин аскердик милдетимди өтөп келгениме эч ким деле таңазар алган жок. Алдыман кезиккендер гана: «Ии, келдиңби, акыбалың жакшыбы, эми эмне кыласың?» – деп коюшат. Өзүм өскөн эски үй мостоюп, супсак гана тосуп алды. Жездем да ааламдан өтүп кетиптир. Тун кызы күйөөгө тийип, өзү менен өзү экен. Уулдары да очор-бачар тиричилик өткөрүп жатышыптыр. Атам менен апамдын, энемдин жана эже-жездемдин түбөлүк жаткан жайларына бардым да, куран окуп, дуба кылып, ушул эле күнү Бишкекке сапар тарттым. «Окууга өтүп, иштеп, адам болуп анан Аруужанга барамын» дедим. Бирок, мага тагдыр дароо эле даңгыр жолун ачып бере койгон жок. Окууга дагы өтпөдүм. Жумушка кирдим, бирок, бул жолу өзүм эңсеген ишке орноштум. Мага жакшы адамдар жардам беришти. Тагдыр мени канчалык калчап, ары бери чайпалтса да, жакшы адамдардан кур койбоду. Ошондой боорукер, кайрымдуу адамдар ар убак мага кайсы бир деңгээлде жардамын берип келишти. Бу жолу да ошондой адамдардын көмөгү менен жумушка орноштум да, иштеп калдым. Адегенде үйрөнчүк болуп иштей баштадым. Баш отум менен берилип иштеп жаттым. Тыным албайм. Керек болсо түнкүсүн да иштейм. Мага акчасы эмес, ошол

жумуш керек болуп турду. Дагы деле жашоом ойдогудай болбоду. Шаарда ар кайсы батирде жашайм. Тапканым бир жаныма жеткени менен жарытылуу байлык жыйнай алган жокмун. Бассам-турсам көз алдыман кетпеген Аруужанды сагынам. Алгачкы күндөрдө кат жазып турду. Ширинбектен да тез-тез кат келчү. Ал баягысындай эле, мени чакырат. Экөөбүз чогуу болобуз дейт. Мени кур намыс коё бербейт. Аруужандын алдында сынып калбайын, жашоомду жакшыртып, туруктуу жумуш таап алып, бир кесипке ээ болгондон кийин, барып, алып келем дейм жаман оюмда. Бирок, мен ойлогондой болбоду. Кийин кат жазууга чамам келбей жүрүп, эки-үч катынын жообун жазбай калганга, алардан да кат тык токтоду. Убакыт өтө берди. Алар менен байланышпай калганыма 5 жылдай болгондо, мен да үйлөндүм. Алган жарым жаман болгон жок. Турмушум жакшы эле уланып жатты. Бирок, жаркылдаган жарыма тартыла албай кыйналдым. Ал канчалык мен деп, чимирилип турбасын, ага ык коё алган жокмун. Анын көздөрүнөн Аруужандын көз карашын, ботонукундай бал-бал жанган көздөрүн издейм. Анын сөзүнөн Аруужандын сөзүн издейм. Баскан турганынан Аруужандын кылыгын издейм... Издей берем... издей берем. Өзүм каалаган бардар жашоом колго тийгенде Аруужанды издеп бардым. Айылын таптым. Алар жашаган үйдүн орду гана турат. Алар эбак эле, башка жакка көчүп кетишиптир. Аруужан менен бир болбосом да, анын караанын бир көрүп алуу үчүн издегенмин. Анын эрке кыялын бир көрүп, дидарына бир тоюп алайын дегемин. Анын мага болгон сезими өчпөдү бекен, ошону билейин деп издегенмин. Таппадым, аруу сүйүүмдү. Таппай келем, аруу кызымды... Ал менин элесимде ошондогу так секирген эрке кыз бойдон жашап келет...

# АГАЙЫМ

*(Аңгеме)*

– Бурадарлар, кайрымдуулук кылып койгула... мен бир карып... кайрылышып койгула... – элдин агымы үзүлбөгөн чоң автобекеттин четиндеги орундукту көздөй келе жаткан чачтары үрпөйгөн, кийимдери эски жана өтө эле кир, жүдөңкү адамды жазбай тааныдым. «Менин агайым, ооба, ошол. Дал өзү...»

* * *

«Быйыл мектепти бүтөбүз» – деп, озүбүздү башкалардан артыкча эсептеп, боюбузду түзөп, кийген кийимибизден тартып, баскан турганыбызга чейин өзгөчөлөнгүбүз келип, жаңы окуу жылын баштаганбыз. Анан быйыл акыркы жыл гана окурубузду эстеп, ичибиз тыз эте, курбуларыбыз топтошо каникулду кантип, кайда өткөргөндүгүбүз туралуу сөз учугун улантып жаткан элек. Мектеп директору, класс жетекчи агайыбыз жана алардын соңунан бейтааныш, сымбаттуу жигит кирди. Ордубуздан тура, алар менен саламдаштык.

– Отургула... кандай эс алдыңар? – деди, директор агай.

– Жакшы... – дедик, баарыбыз бир ооздон.

– Көрүнүп турат... болтоюп... бир жашка чоңоюп дегендей... Мына быйыл силер ушул мектептин кожоюнусуңар. Чоң экениңерди сезгиле... башкаларга үлгү болгула...

– Аракет кылабыз...

– Шоктукту, жалкоолукту ташташ керек. Өз тагдырыңарды чече турган куракка келдиңер... Мм... мен көп сүйлөбөйүн... таанышып алгыла, жаңы агай келди... аты

Шакир Султанов... чет тилден окутат... мугалим жок эки жылдан бери чет тилин окубай калгансыңар. Эми аз да болсо чет тилин окуп алгыла, өзүңөргө эле пайда... – деп, директор агай, ансыз да кысынып турган сымбаттуу жигитти алдыга чыгарып, тааныштырып жатты. Жогорку окуу жайын жаңы эле бүткөн сыяктанат, өтө эле жаштай көрүндү. Тигиле турган көздөрдөн тартындыбы, кызарып да кетти. Биринчи саат анын сабагы экендигин эскертип, директор менен класс жетекчибиз класстан чыгып кетишти. Жаңы агай өзүн аябай эле ыңгайсыз сезип, кыйлага чейин айтар сөзүн таппай, улам журналды ачып-жаап, кыйнала берди.

– Агай кысылбаңыз... сабакты баштай бериңиз... деди, биздин класскомубуз Динара.

– Ооба... ооба... азыр... деген болот да, дагы деле алдастап, анан өзүн өзү кармана журналды ачты да:

– Кана, алгач таанышып алалы... Менин аты-жөнүмдү билдиңер... эми силерде кезек. Мен атыңарды атаганда ордуңардан туруп койгула, макулбу?

– Ма-акул... – ушуну эле күтүп тургандай, жалпы жооп бердик.

– Анда баштадык... Абылов.

– Мен...

– Аскарова.

– Мен... тизме менен чакыра берди, биз убадалашкандай ордубуздан туруп, агайыбыз менен жакындан таанышып жаттык.

– Мына, таанышып да алдык... Эми, сабагыбызды баштайбыз.

– Сураса болобу?.. – Эсен деген балабыз, колун көтөрдү.

– Болот... кандай суроoң бар?

– Кайсы окуу жайын бүттүңүз, качан, кайсы жерлик болосуз?

– Ушул суроону күттүм эле... Университеттин чет тилдер факультетин бүттүм... өзүм шаарда туулуп өскөмүн... бирок, айылга жиберишти... жиберген жакка барбасаң болбойт да... анын үстүнө айыл турмушун да көрүш керек.

– Көнүшө алар бекенсиз? – Айгүл агайды сыноо көз менен карап, суроо салды.

– Аракеттенем го...

– Үйлөнгөнсүзбү? – арт жактагы кыздар үн катышты.

– Ооба десем да болот... бирок, шаардык кыздар айылга келбейт окшойт. Азырынча өзүм эле келдим...

– Анда бойдок турбайсызбы? – класс ичи каткырыкка толуп кетти.

– Ооба, ошондой?

– Айылдык кыздар сизди жактырып калышса, эмне кыласыз? – агайга дагы тийишкен суроолор бериле баштады.

– Аны көрө жатаарбыз... агайыбыз менен заматта жуурулуша, эски тааныштардай эле, ачык сүйлөшо баштадык. Ушундай аңгемелешүүдөн соң, агай сабагын баштады.

Класстагы кыздардын баарында өзгөрүү, жан дүйнөбүздө агайга жагынуу кыялында жашай баштагансыдык. Эң алгач бетибизге упа сүртүп, кашы көзүбүзгө карап, сабагынан болушунча жакшы окуганга аракеттенгенибизди байкоо кыйын эмес эле. Айрыкча классташ балдарыбыз бизге какшык сөздөрүн ыргытышат. «Ии, Шакир агайга жагыныш үчүн кийинип келдиңби... Шакир агайдан башка силерге көрүнбөй калды го...» дегендей... Алардын сөзүнө теригүү жок, тескерисинче, «ооба, таппасаң сыйпалап кал...» деп, кергиштенебиз. Агай сабакты кызыктуу өтөт. Тим эле мээңе куюп коет. Эки жыл чет тилин окубай, кыйла тамгаларын, окуганды унута түшкөн экенбиз. Ошолордун баарын кайрадан эске салып, анан кызыккандар үчүн кошумча сабак да өтүп жатты. Чарчоону билбейт экен. Балким жаштыгыбы? Мектептеги бардык коомдук иштерди да агайдын мойнуна жүктөп коюшкан, чарчадым дебей аткарат. Өзү да шыктуу экен, гитара чертип ырдаса, тим эле белгилүү ырчылар бул жакта калчудай. Ыр-бий кружогун да ачып, кызыккандарды ал жакка тартат. Агайдын бизге келүүсү биздин бактыбыздай туюлду. Сулуусунган кыздарыбыз эми ого бетер агайды айланчыктап калышты. Шаар маданиятын үйрөтө баштады бизге. Себеби, мектепти бүтүп, шаарга барганда

өзүңөрдү окчун кармабай, шаар турмушуна тез аралашып кетүүңөр үчүн деди. Агай менен өткөн сааттар тез өтүп, кыш да кирип келди. Дагы деле бой жашап, эртели-кеч мектепти экинчи үй кылып алган агайыбызга жүрөгүн оорутуп, сезимин дүргүткөн кыздарыбыз да чыга баштады. Алардын катарында айылдык жигиттерди теңине албай, өтө эле сулуусунуп жүргөн Жийде деген кызыбыз болду. «Агайды мүнөт көрбөсөм тура албай калдым» деп, ыйлайт. Башыбыздан сүйүү деген сезим өтө электер үчүн аны түшүнө албадык. Айрымдары түшүнүү менен кабыл алып жатышты. Агайга эптеп Жийденин сезимин жеткирдик эле, ал аны өзүнө чакырып алып, жай гана «бул тим гана балалык сезим... азыр сен балапансың... башыңа чыныгы сүйүү келет, ошондо түшүнөсүң...» дептир. Аны айтып алып Жийденин көз жашы он талаа. Аны аяйбыз, бечара классташыбыз, жакшы окучу эле, сабакты да таштап салгандай... акыры ыйлап жүрүп, башка мектепке которулуп кетти. Агай катуу кейиди... Бир күнү биздин класска сүйүү тууралуу атайы сабак өттү. Тээ Адам ата менен Обо эне пайда болгондон берки сүйүү сезиминен кеп салып, анын жакшы да жаман да жагын айтып, биздин көзүбүздү ачып эле салды окшойт. Агайыбыздын көптү окуп, көптү билээрине дагы бир жолу тан берип жаттык...

* * *

– Кичине эле тыйын берип койгулачы, үйүмө кетип калайын... – дейт агайым, алдынан чыккандарды торой.

– Ээ, бар ээ, сага түгүл өзүмө тыйын жок... Ушундайлар көбөйүп кетти деги... колуна чоң сумка көтөргөн эткээл аял, колун силке сүйлөнүп баратты.

– Бир эле сом берип койсоң эми... мусулман экенсиң го... агайым ошо калыбында дагы деле суранганын койбойт. Бир ордумда катып калыптырмын, бир кезде эсиме келгендей, ордуман козголуп, агайым тарапка бастым.

– Агай... саламатсызбы? ... маңдайына барып, салам айттым. Агайым катуу чоочуп алды да, мени бүшүркөй карап.

– Сен кимсиң? Агай дедиңби? – деди.

– Мен, сиздин окуучуңуз болом да... Биздин айылда иштеп кеткенсиз го?

– Кайсы айыл эле?

– Чоңарык.

– Аа... ооба.... иштегемин... сен ким болосуң... тааныган жокмун.

– Мен Асел... бизди бир жыл окуткансыз...

– Ии... – Агайым, эми эсине келгендей, өзүнүн турпатына назар салып, ыңгайсыздана түштү. Баягы сулуулугу кеткен. Үстүндөгү кийимдери аябай эле кир. Сыягы талаада түнөп жүрөт окшойт. Мындай абалга качан түштү экен. Тагдыр тамашасы агайымды да ары-бери калчаган көрүнөт.

– Сиз... сиз эмне үчүн... – Мен суроомду аягына чыгара албай, мукактана түштүм.

– Ооба... мен... ушинтип калдым... баарына өзүм айыптуумун... мен сени тааныган жокмун, окуучуңуз болом деп, эстегениңе... тааныганыңа рахмат... Ырас, билсең кичине акчадан кайрылышпайсыңбы? – деп көзүмө тик карады.

– Мейли агай, кайрылышайын... кайда барат элеңиз? Азыр кайдасыз?

– Ээ, аны сурап эмне кыласың... жүрөм да көчөдө... үйүм жок... талаада... корүнгөн жерде... ит турмуш... жумуш жок... дос-жар жок... баары жок.... мен кимге керекмин... – агайым эмшиңдеп ыйлап жиберди. Мен анын жанында карманып тура алган жокмун.

Сумкамдагы болгон акчаларды алаканына салдым да, басып кеттим. Артыма кайрылган да жокмун. Жүрөгүм тилинип, канап жатты. Дилим ооруп, жан дүйнөм эңшерилип баратты. Бет алды турган автобуска олтурдум да кете бердим.

* * *

... Агай мектепке көп иштерди жасады. Жогорку класстын чет тилинен жакшы окуган окуучуларын даярдап,

райондук олимпиадага алып барып, биринчи орунду алып келишти. Биздин мектептин тарыхында мындай окуя болгон эмес эле. 3 окуучубуз областтык олимпиадага катышууга жиберилди. Ыр-бий боюнча да сынактарга катышып, жакшы ийгиликке жетиштик. Агайдын уюштуруучулук жөндөмү да мыкты экен, тез эле окуучуларга да мугалимдерге да ымалаш болуп кетти. Ачып көздү жумганча окуу жылы да аяктады. Бардык сабактан сынактар бүтүп, тоолук болсок да маданияттан, учур талабынан артта калбайлы деп, бүтүрүү кечесин өткөрдүк. Ушул күнү баарыбыз сулуу, баарыбыз жайдары элек. Агайыбыздын да ак саргыл өңүнө кызыл жүгүрүп, бир башкача болуп алыптыр.

– Бүгүн силердин күнүңөр деди, – агайым. – Ушул күн калат эсиңерде. Ошол үчүн ойногула, ырдагыла, бийлегиле. Эртең кетесиңер... анан турмуш деген сапар бар... Ал узун жол. Бириңер үчүн түз, кимдир биреөңөргө кыйшык болуусу мүмкүн. Баарын көтөрүү керек... чыдамдуу болгула... эрктүү болгула... тагдыр ар кыл калчайт... баарына чыдоо керек... Эң башкысы адам болгула... Агайдын ичкенин биринчи көрдүк. Өтө шайыр кармап, улам бирибизди бийге тартып, биз менен бирге бактылуу ирмемди өткөргөн...

Анан биз туш-тушка таркап кеттик. Ар кимибизди ар кандай тагдыр күтүп алды. Бирибиз кызматкер, экинчибиз жумушчу, айдоочу, бирибиз жетекчи, дагы бирибиз дарыгер, мугалим... Арадан 20 жыл убакыт билинбей өткөн тура...

* * *

Мен агайымды ойлоп бараттым. «Баарына чыдоо керек» деген сөзү кулагымда жаңырат. «Өзү айткандай, баарына чыдай албаптыр да... эмне үчүн мындай тагдырга туш болду экен?» – түбү жок суроону берем. Жанымда олтурган байбиче менин катуу ойлонуп бараткандымды баамдай:

– Мынча ойго баттың кызым? – деп суроо салды.

– Тим эле...

– Анда сүйлөй бас...

– ...

– Жана тиги, селсаякка бирдемелерди берип жаттың окшойт, эмне аны тааныйсыңбы?

– Ооба, бир кезде мени окуткан агайым болчу...

– Ооба, ооба, мугалим болчу... Шаардан барган...

– Ошол агайым, минтип кайырчы болуп калган тура...

– Ээ, өзүнөн көрсүн... баарына арак күнөөлүү, ар-ак... тарта ичсе...

– Туура, бирок...

– Бирогу жок эле, арақты ченеп ичсе эмне?

– Ооба, десең, алдемедей мугалим эле... – эртеден бери биздин сөздү угуп жатканбы, арт жакта олтурган аял сөзгө кошулду. – Менин балдарымды да окуткан. Биздин айылда көп жыл иштеди. Шаардык жигит болчу да. Шаарда аялы бар экен, анысы айылга барбайм деп, келбей койгондон кийин, эркек да тиги суунун аркы өйүзүндөгү Анарбайдын ойсоке кызы бар эле го, ошо менен жашап жүрбөдүбү. Бар балакетти ошол ойсоке кылды окшойт. Бечара баланы үйүнө киргизип алып, тим эле баласындай жумшап жүрчү. Анан эле мунусу көп ичип, мектепке келбей, акыры көчөгө чыгып кетти окшойт. Автобекеттен көп көрүп калабыз.

– Ошентип айтышат, ошол ойсоке кылды дешет баарын.

– Эмне арак ичкенди үйрөтүптүрбү?

– Арак ичкенди дейсиң да, башкасын дагы... Үйүндө кулдай гана иштетчү тура бул бечараны.

– Чыгып кетпейби?

– Чыккыз кылып чырмап алса кайда барат... ал ойсоке, баарын билет да... далай эркектин башын жуткан неме... акыры жакшылык көрбөс ал да... кудай бардыр ага да...

– Ошону айтсаң ботом, алдемедей бала эле...

– Ал ойсокеңер кайда азыр?

– Муну көчөгө чыгарып жиберип, өзү тиги чоң шаарга кеткен имиш го. Аягы сай таппаган неме да.

– Мм, кызык... агай ушундай тагдырга туш болду беле? Өзүнүн шаарына кетип калбайт беле?

– Ал жакка баргандан намыстанса керек да... Анын үстүнө мурдагы аялы менен закондошуп деле ажырашпаса керек.

– Анда ошонусуна барсачы?

– Ким билет... мындай абалда киргизеби да...

– Чын... айтарга башка сөз таппай калдым. Тиги чоң шаарда окуп жүргөндө, агайым эсиме түшсө, анын дагы көп жакшы иштерди жасап койгону элестейт эле. Бакыйган чоң мугалим болуп, ушул кезге чейин наамдарды, сыйлыктарды алып койгондур дейт элем таттуу тилегим менен. Үйүндө балдары, жары жаркылдап, телегейи тегиздей туюлчу. Көрсө агайымды тагдыр сыноосу катуу сындырган тура. Туулган айылымдан алыс жүрүп, агайымдын мындай тагдырга кабылганынан кабарым жоктугуна кейидим. Чок тийгендей ордумдан атып турдум да, автобусту токтотуп, жерге түштүм. Эл кыжылдаган автобекетти көздөй сапар тарттым. «Агайымды издейм, аны табам, ал мындай тагдырга кабылууга тийиш эмес... Агайым менин, эң алгачкы сезимге бүлүк салган алтын агайым... Сиздин элесиңиз менен жашап келгенимди, Сиз башка ааламдын, башка дүйнөнүн адамы экендигиңизди жүрөк түпкүрүнөн чыккан таза сезимимде туюп келгенимди да сезген жок элеңиз. Аруу кыялымда Сиз деп жүрүп, убакытты да өткөрүп жибергенимди кантип айтам. Алтын агайым менин, Сиздин акыркы коңгуроо кечесиндеги белимден бек тартып бийлегендеги ысык илебиңиз, алаканыңыздын назиктиги али да мени алдыга үндөп келгенин туя элексиз. Сиз мындай жашоого татыктуу эмессиз... Сиз көп жакшыны гана жаратууга тийишсиз... Алтын агайым, мен Сизге баратам... Агайым кайдасыз... мен Сизге баратам...».